# Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар

Окуу–усулдук колдонмо

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

# Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар

## Окуу-усулдук колдонмо

БИШКЕК 2012

УДК 316
ББК 60.55
С 69

Басып чыгарууга К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин Редакциялоо-басма кеңеши тарабынан сунушталган

**Рецензенттер:**

*Х. Ф. Анаркулов* – п.и.д., профессор; *Э. С. Орозалиев* – ф.и.д., профессор; *Ы. Ж. Жакеева* – п.и.к., доцент

**Түзүүчүлөр:**

*С. А. Амерханова, Т. А. Ашымбаева, Н. И. Жакубова, Р. Н. Токсонбаев*

С 69 **Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар.** Окуу-усулд. колдонмо. / Түз.: С. А. Амерханова, Т. А. Ашымбаева, Н. И. Жакубова, Р. Н. Токсонбаев. – Б.: «Maxprint», 2012. – 124 б.

ISBN 978-9967-26-759-6

Социалдык педагогдорго арналган бул окуу-усулдук колдонмо USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоорунун алкагында даярдалды. Мында социалдык педагогдордун теориялык жана практикалык иши, мектептеги милдеттери, алардын турмуштук татаал жагдайларда балдарга социалдык, педагогикалык жана психологиялык көмөк көрсөтүүгө байланышкан кесиптик ишмердигинин өзгөчөлүктөрү каралат.

Китепте окуучуларга жардам уюштуруу үчүн маалыматтык-усулдук материал сунушталып, балдарга социалдык педагогикалык жардам берүүнүн практикалык мисалдары пайдаланылды.

Колдонмо Бишкек шаарындагы жана Чүй облусундагы мектептердин социалдык педагогдорун тренингдик окутуп-үйрөтүүдө сынактан өткөрүлдү.

Түзүүчүлөр бул колдонмодо пайдаланылган иш тажрыйбалары жана маектери үчүн бардык социалдык педагогдорго ыраазылык билдирет.

Түзүүчүлөр бул басманын мазмуну үчүн толук жоопкерчилик көтөрүшөт.

Бул колдонмо Америка элинин, АКШ Эл аралык өнүгүү агенттиги (USAID) көрсөткөн жардамы аркылуу даярдоого мүмкүн болду. USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн көз карашын милдеттүү түрдө чагылдырбаган.

С 0302030000-12 ББК 316

УДК 60.55

ISBN 978-9967-26-759-6
© USAID, 2012

# МАЗМУНУ


**КИРИШҮҮ** ........ 4

**1-БАП.** СОЦИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДИКТИН АЗЫРКЫ ШАРТТАРДАГЫ НЕГИЗГИ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ........ 7

1.1. Социалдык педагогдун кесиптик ишмердигинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү ........ 7

1.2. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин негизги багыттары ........ 19

1.3. Социалдык педагогдун кесиптик «күйүп-бышуу» маселелси ........ 23

**2-БАП.** СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДУН УЮШТУРУУЧУЛУК-УСУЛДУК ИШМЕРДИГИ ........ 26

2.1. Социалдык педагогдун ишти пландаштыруусу жана отчету ........ 26

2.2. Социалдык педагогдун иш усулдары ........ 32

2.3. Маек жүргүзүү усулу ........ 35

2.4. Үйгө барып байкоо ........ 38

2.5. Социалдык педагогдун ишиндеги психологиялык усулдар ........ 42

**3-БАП.** Социалдык педагогдун практикалык ишмердигинин мазмуну жана түзүмү ........ 48

3.1. Социалдык педагогдун ар кандай опуртал топтор менен иш жүргүзүүсү ........ 48

3.2. Социалдык педагогдун балдар менен баарлашуудагы иши ........ 60

**ТЫЯНАК** ........ 63

**АДАБИЯТТАР** ........ 64

**ТИРКЕМЕЛЕР** ........ 67

# КИРИШҮҮ

Өнүгүүнүн бүгүнкү шарттарында дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине кирүү үчүн Кыргызстанда интеграциялык процесстер күч алып баратат.

Билим берүү тутумун өркүндөтүү тез өзгөрүп жаткан жагдайда жашоого адистерди даярдоо зарылдыгына негизделет. Заманбап педагогиканын теориясы менен практикасынын өнүгүшү да мына ушуга багытталган.

Азыркы учурда педагогикалык билим берүү менен ишмердиктин бардык тутумдарынан социалдык педагогиканы салыштырмалуу өз алдынча тармак катары өзүнчө бөлүү үчүн бардык зарыл өбөлгөлөр түзүлдү. Педагогика теоретиктеринин көпчүлүгү «социалдык педагогика» терминин азыр да кабыл алгысы келбей жатканын белгилей кетүү керек. Алар мындай дешет: педагогикалык теория жана практика социалдык муктаждыктардын негизинде жаралып, ошол муктаждыктарды канааттандырууга багытталган. Педагогика адамды коомго максаттуу түрдө аралаштыруу каражаты болгон жана болуп кала берет, ал туташ социалдуу, ошондуктан педагогикалык теория менен практиканын кайсы бир бөлүгүн социалдык педагогика деп атоонун кажети жок[1].

Бирок «социалдык педагогика» деген сөз айкашында «социалдык» сын атоочу педагогикалык иштеги мурда эле болгон багыттын мазмун өзгөчөлүгүнө басым жасайт.

Кайсы эле коом же мамлекет болбосун белгилүү социалдык идеалдарга мүмкүн болушунча толугу менен ылайык келгидей кишинин белгилүү тибин калыптандырууга умтулат жана адамдарды жыныстык (эркек же аялдын өз ордун табышы), кесиптик (коомдун түрдүү чөйрөлөрүндө ишбилги катышуусу), саясый (мыйзамга баш ийген жарандардын калыптанышы) жана башка түрдөгү социалдаштырууга кызыгат. Ошол эле учурда ар бир инсан индивид катары өзүн-өзү аныктоого, өздүгүн бекемдөөгө жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга умтулат. Бул милдеттер менен максаттарды таалим-тарбиясыз, айрыкча социалдык таалим-тарбиясыз жана социалдык педагогикасыз турмушка ашыруу мүмкүн эмес.

Окуучуларга жана алардын ата-энелерине социалдык-педагогикалык жардам берүү маселелерин чечүү зарылдыгы биздин республикада эбак бышып жетилген, ошондуктан социалдык педагогика маселелери боюнча окуу-усулдук колдонмону кечиктирбей түзүү керек. Балдар менен үй-бүлөлөргө социалдык жана социалдык-педагогикалык жардам боюнча тажрыйба дагы, республикада социалдык педагогика тармагындагы адистер да жетишсиз. Ошол себептүү биз бул окуу-усулдук колдонмо бир гана социалдык педагогдорго эмес, социалдык тармакта иштеген бардык адистерге да керектүү деп эсептейбиз.

Биздин өлкөдө социалдык педагогика эми гана өнүгүп жатат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунда жалпы билим берүүчү мектептерде социалдык педагог кызматына коюлуучу кесиптик талаптар аныкталган. Ошентип, Кыргызстанда социалдык педагог деген жаңы кесип расмий түрдө таанылды.

Социалдык педагогдун милдетине: бала жана анын үй-бүлөсүнүн жашоо шарттары менен баланын инсандык өзгөчөлүктөрүн изилдөө, балага социалдык-педагогикалык жардам берүү;

[1] Социальная педагогика / Под ред. В. А. Никитина. – М.: Издательство МГСУ «Союз», 1998. – 326 с.

социалдык колдоо боюнча чараларды көрүү, балдардын эс алуусун уюштурууга көмөктөшүү; баланын көйгөйлөрүн чечүүгө ата-энесин, коомчулукту жана адистерди тартуу кирет. Социалдык педагог мектепте чөйрө менен баланын, мугалимдер менен баланын, ата-энелер менен баланын ортосундагы арачы болуп саналат.

Социалдык-педагогикалык ишмердик БУУнун «Баланын укуктары тууралуу» Конвенциясына ылайык балдар менен өспүрүмдөрдү тарбиялоо тутумуна алардын инсаний жетилиши үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратып, социалдык коргоону жана коомго аралаштырууну камсыздоочу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Билим берүү мекемелери келечектүү, маданий-билим берүүчү моделдерди калыптандырууга көмөктөшүүчү жаңы социалдык кызматты түзүшөт. Ошол эле учурда балдар жана алардын үй-бүлөлөрү менен социалдык-педагогикалык иш алып барууда бир катар карама-каршылыктар менен чечилбеген көйгөйлөр бар. Көпчүлүк социалдык педагогдордун дал мына ушул социалдык-педагогикалык иште даярдыгы жетишсиз. Илим практикадан артта калууда, бул ажырым ого бетер тереңдеп кетиши ыктымал. Ошондуктан социалдык-педагогикалык изилдөөлөрдү колдоо зарыл. Учурда иштеп жаткан социалдык педагогдордун кесипкөйлүгүн жогорулатуу маселеси курч турат, анткени алар иш жүзүндө көптөгөн көйгөйлөргө туш болушуп, кесипкөйлүгүнүн жетишсиздигинен аларды чечүүгө чамалары жетпей жатат.

Бул жаатта ар кайсы өлкөлөрдүн алдыңкы тажрыйбасын окуп-үйрөнүү жана жалпылоо аймактык, улуттук өзгөчөлүктөрдү жана ошондой эле тийиштүү өлкө (б.а. Кыргызстандын) элинин пейил-мүнөзүн эске алуу менен жүргүзүлүшү абзел.

Учурда республикада бул багыт боюнча дипломдуу адисттер жок. Республиканын ЖОЖдору «Социалдык педагог» адистиги боюнча мугалимдерди даярдашкан эмес. 2003-жылы Бишкек гуманитардык университетинде бул адистик боюнча бир жолу бүтүрүүчүлөр чыгарылган, бирок ошол учурда аларга талап болгон жок. 2009-жылдан баштап БГУнун педагогика кафедрасы аталган адистик боюнча педагогдорду даярдоону кайра баштады.

Социалдык педагог кесиби бир кыйла кеңири шык-жөндөмдөр менен атайын билгичтиктерди талап кылат. Азыркы учурда Кыргыз билим берүү академиясы менен USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоорунун алкагында социалдык педагогдордун кесипкөйлүгүн жогорулатуу боюнча өтө зарыл бир катар иш-чаралар уюштурулган. Учурда КБА социалдык педагогдордун кесипкөйлүгүн жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз 72 сааттык курс өткөрүп, КБАнын алдыңкы адистери бул багытта бардык аймактардагы кесиптик чеберчиликти жогорулатуу институттары менен усулдук борборлордун адистерине да аталган курстун негиздерин окутуп-үйрөтүштү.

Бул «Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар» колдонмосу жалпы билим берүүчү мектептерде иштеген социалдык педагогдорго, б.а. практиканттарга арналган. Ошол себептүү мындан жалпы усулдук маалымат менен катар мектеп тажрыйбасынын үлгүлөрүн да табууга болот. USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоорун алкагында социалдык педагогдор үчүн окуп-үйрөтүүчү тренингдер иштелип чыккан. Алардын жүрүшүндө топтолгон тажрыйба мисалдарынан тандап ушул китепке киргиздик.

Колдонмодо социалдык педагогдун ишмердигинин болжолдуу багыттары жана алардын мазмуну берилип, анын мектептеги ишинин кыйын кырдаалдарда балдарга социалдык, педагогикалык жана психологиялык көмөк көрсөтүүнүн өңүттөрүн камтыган маани-маңызы, өзгөчөлүктөрү ачылат. Окуу-усулдук колдонмонун авторлору окуучуларга иш жүзүндө жардам уюштуруу үчүн маалымат-усулдук материалдарды, балдар менен социалдык-педагогикалык иш алып баруу боюнча мисалдарды сунуш кылышат. Авторлор социалдык педагогика боюнча билимдердин

бардык комплексин сунуш кылышкан жок, бирок колдонмонун негизин түзгөн маалымат социалдык педагогика тармагында жалпы теориялык жана практикалык билимдерди иш жүзүндө кантип колдонсо болот деген суроого жооп бергендей болушун каалашкан эле.

Окуу-усулдук колдонмо «Социалдык педагогиканын теориясы жана практикасы: алгачкы кадамдар» жалпы билим берүүчү мектептердин, гимназиялардын окуучуларына социалдык-педагогикалык жардам бере турган социалдык педагогдор үчүн жана ата-энелер менен мектепте билим берүүгө катышы бар бардык адамдар үчүн иштелип чыкты.

# 1-БАП. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин азыркы шарттардагы негизги тенденциялары

## 1.1. Социалдык педагогдун кесиптик ишмердигинин мазмуну жана өзгөчөлүктөрү

Социалдык педагогика тийиштүү таалим-тарбия берүүчү тутумдарды, программалар менен усулдарды жана коомго аралаштыруу максаттары менен милдеттерин (жеке адамдын коомго аралашуусун, коомдо өз ордун табышын, абалын бекемдешин жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусун эске алуу менен) аткаруу каражаттарын иштеп чыгат жана колдонот. Социалдык колдоого же коомдогу ордунан ажырап калып, кайра калыбына келтирүүгө муктаж болгон жеке кишилерге, калктын айрым топторуна жардам берүү да анын милдетине кирет.

Дүйнөдө түрдүү идеялардын (социалдык-интегративдик, социалдык-опуртал, психологиялык-социалдык, социалдык аракеттердин, коммуникативдик аракеттердин, «күнүмдүк», «өмүр дүйнө» концепциясынын ж.б.) өнүгүү процессинде коомдук мамилелерди өзгөртүүгө, жакшыртууга жана адамдардын жашоо сапатын жогорулатууга максатталган бирдиктүү, интегративдүү, бүтүн концепцияны түзүүгө басым жасаган социалдык педагогиканын өнүгүү теориясынын жалпы багыттары айкын көрүнөт.

Коомдо орчундуу өзгөрүүлөр жүрүп жаткан азыркы учурда социалдык педагогиканы жайылтууга болгон зарылдык адам ресурсун өнүктүрүү артыкчылыгын аңдап-түшүнүүгө түрткү берди. XXI кылымдын башында коомдук турмуштун бардык тармактарында коомдоштуктун экономикалык, саясый, рухий-ыймандык жактан өнүгүшүнө өбөлгө түзүүчү жана кесиптик билим берүүнүн бардык тармактарын өнүктүрүүгө салым кошо турган социалдык мамилелердин педагогикасы катары социалдык педагогиканы жаратуу, иштетүү зарылдыгы бышып жетилди. Адистин кесиптик ишмердигинин эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири анын социалдык-педагогикалык ишбилгилиги болуп эсептелет.

Улам жаңы багыттарды жана чөйрөлөрдү (бир гана билим берүүчү эмес, эмгек, экономикалык, укуктук, аскердик ж.б. тармактарды) камтыган социалдык педагогика мейкиндигинин бара-бара кеңейиши бүгүн социалдык педагогикалык компетенттүүлүктү адистин ушул жана башка ишмердик, карым-катнаш чөйрөлөрүндөгү кесипкөйлүк мүнөздөмөсүнүн зарыл (универсалдуу) бөлүгү катары кароого мүмкүнчүлүк берет.

Ар кайсы тармактагы иш-чараларда социалдык-педагогикалык ишмердиктин зарылдыгын жана маанисин коом түшүнө баштады. Мунун натыйжасында жеке адамдын бардык курактык мезгилдеринде микрочөйрөнүн, ар тараптуу социалдык турмуш-тиричиликтин жана мамилелеринин

түрдүү тармактарындагы социалдык карым-катыштарга педагогикалык таасир этүү процесси катары социалдык педагогиканын предметин жетишерлик так аныктоо жагынан көпчүлүк адистердин көз карашы бирикти.

Социалдык педагогика социалдык жана экономикалык саясатта педагогикалык туура (адамгерчиликтүү), негиздүү чечимдерди кабыл алууга үйрөтөт; баарлашуунун, коммуникативдүүлүктүн, сабырдуулуктун билгичтиктерине ээ болууга иш жүзүндө жардам берет; жекелик жана жамааттык айырмачылыктарды сыйлоого, ар бир адамды кадыр-баркына жараша баалап, андагы адамдык касиеттерди, ыймандык-рухий башталыштарды колдоону менен адамдардын аман калып жашап кетишине жардамдашуу жолдорун үйрөтүп, адамдын жашоо дараметин ойготот. Акыркысын (жардамдашууну) өзгөчө белгилөө абзел, анткени социалдык педагогика кишиден дайыма катышууну, кызматташууну, демилге көтөрүүнү, аракетти, өзүнө-өзү жардам берүүнү, жеке, үй-бүлөдөгү, айланасындагы, жалпы эле коомдогу көйгөйлөрдү чечүүнү талап кылат.

Практикалык ишмердик тармагы катары социалдык педагогика инсанды чөйрөдө, кыйын кырдаалдарда жана коомдук мамилелердин тутумунда караштырат. Ал адамдын коомдогу жана социалдык чөйрөнүн түрдүү шарттарындагы мамилеси менен жүрүм-турумуна таасир этүүнүн максаттарын, мазмундарын, ыктары менен каражаттарын иликтейт[1].

«Социалдык педагогика» терминин түрдүү аныктамалары бар. Бул анын маңызы менен предметин ар кайсы окумуштуулар ар кандай чечмелегендиги менен байланышкан. Булактарда кездешкен аныктамалардын айрымдары мына булар:

«**Социалдык педагогика** – бул социалдык чөйрөнүн тарбиялык таасирлери жөрүндөгү илим» (В. Д. Семенов)[2].

«**Социалдык педагогика** – бул социалдык чөйрөнүн анык шарттарын эске алган инсандык, топтук жана аймактык деңгээлде тарбиялоону жакшыртуу боюнча иш-чаралардын таасирдүү тутумун иштеп чыгуучу жана жүзөгө ашыруучу, чөйрөнүн социалдык факторлорунун өсүп келе жаткан муундун коомго аралашуусуна тийгизген таасирин изилдөөчү илим» (А. В. Басов)[3].

Мудрик А.В. **социалдык педагогиканын** социалдык тарбияны, б.а. атайын ушул үчүн түзүлгөн уюмдарда жана тарбиялоо негизги кызматы болбогон уюмдарда да ишке ашырылуучу, бардык курактык топтор менен түркүн социалдык категориялардагы кишилерди тарбиялоочу педагогиканын тармагы экендигин көрсөтөт.

«**Социалдык педагогиканын** мааниси – жаштардын социалдык тутумда тез ыңгайлашуусуна, жүрүм-турум ченемдеринен четтөөгө каршы туруусуна жардамдашуу» (Е. Моллеихауер, Германия).

Бул маселе боюнча көптөгөн булактарды анализдөө көрсөткөндөй, социалдык педагогиканын маңызына карата түрдүү көз караштар бар:

- социалдык педагогика социалдык тарбияны изилдөөчү жалпы педагогиканын бөлүгү катары каралат (А. В. Мудрик);
- бул педагогика менен социологиянын чегиндеги дисциплина аралык илим болуп саналат (М. А Галагузова, Ю. Н. Галагузова);
- социалдык педагогика социалдык иштин бөлүгү катары каралат (В. Г. Бочарова, Г. Н. Филонов);

---

[1] Бочарова В. Г. Социальная педагогика: диалог науки и практики // Педагогика, 2003. – № 9. – С. 3–10.
[2] Семенов В. Д. Социальная педагогика. – Екатеринбург, 1993.
[3] Басов Н.Ф. История социальной педагогики: Учебное пособие для студентов ВУЗов. – М.: Издательский центр «Академия», 2005.

- социалдык педагогика тарбияны коомдук кубулуш катары изилдеген окуу дисциплинасына кирет (И. А. Липский, Л. В. Мардыхаев ж.б.).

Социалдык педагогика предмети боюнча бирдиктүү пикир жок. В. Г. Бочарова[1] башында турган айрым авторлор социалдык педагогика жалпы педагогикалык мыйзам ченемдүүлүктөр менен жалпы педагогиканын теориясына ылайык өнүгөт деп эсептешет. Ушул себептүү негизги басым табигый-илимий принциптер менен усулдарга жасалып, ал эми социалдык педагогиканын өзү болсо дидактика жана тарбиялоо теориясынан изилдөө объектиси менен гана айырмаланган психологиялык-педагогикалык илимдин бир түрү катары саналат. Мындай объект катары педагогдоштурууга, б.а. тийиштүү таалим-тарбия дарамети берилүүгө тийиш болгон социалдык чөйрө каралат. Бул үчүн эң оболу баланын куллактык өнүгүшүнүн ар кайсы деңгээлдериндеги физиологиялык жана психологиялык процесстерге чөйрөнүн тийиштүү факторлору кандай таасир этерин аныктоо зарыл.

А. В. Мудрик, В. Д. Семенов, В. А. Никитин ж.б. сыяктуу россиялык изилдөөчүлөр коомдогу баланын коомго аралашуу процесси көбүнчө стихиялуу түрдө жүрүп, оюн аракети түрүндө ишке ашат, б.а. табигый эмес, жасалма социомаданий мүнөзгө ээ болот деп эсептешет. Мунун эң негизгиси – индивиддин эрки менен каалоосуна баш ийбеген объективдүү жана мыйзам ченемдүү мүнөзгө ээ болбогон социомаданий ченемдер менен түшүнүктөрдү бейаң жана аң-сезимдүү түрдө өздөштүрө тургандыгы. Чындыкка субъективдүү мамиле, аны баштан кечирүү, тийиштүү аңдап-баамдоо жана түшүнүү белгилүү мааниге ээ болот – муну социалдык педагог биринчи кезекте түшүнүшү керек. Мунсуз коомго багыттуу аралаштыруу жөнүндө эч кандай сөз болушу мүмкүн эмес. Демек, социалдык педагогиканын методологиялык негизин эксперименталдык психология менен жалпы педагогика эле эмес, социология, этносоциология жана социалдык психологияны түшүнгөн феноменологиялык философия да түзөт.

Мамлекеттик институттар менен коомдук уюмдар тарабынан уюштурулуп, социалдык иш деп аталган социалдык практикалык ишмердик кеңири кулач жайгандыгын белгилей кетүү керек. Анын максаты үй-бүлөгө жана калктын түрдүү топторуна жардам берүү болуп саналат. Ушул себептүү социалдык иш менен социалдык педагогиканын катышы тууралуу маселе талаш бойдон калууда, анткени социалдык иштин инсанга багытталган мамилени, кыйын жагдайларда жардамдашууну, көмөк алуучу менен педагогикалык кырдаалды түзүүнү ж.б. камтыган педагогикалык компоненти да бар.

Социалдык иш менен социалдык педагогиканы калк турмушунун маданий, социалдык жана материалдык деңгээлин камсыз кылуу максатында кишиге мамлекеттик жана мамлекеттик эмес таасир этүүнүн өзгөчө формасы катары аныктоого болот. Бирок ошону менен бирге социалдык иш менен социалдык педагогика – булар сөздүн толук маанисиндеги синонимдер эмес.

Социалдык педагогика негизинен түздөн-түз көмөк алуучулардын таалим-тарбия маселелери менен алектенет. Мисалга алсак, социалдык педагог балдардын улуттук маданияттагы мыкты салттарга каныгып тарбияланышын, өспүрүмдөрдүн жогорку билим алууга жетишүүсүн, психикалык оорулуу кишилердин табигый коомдук турмушка кошулууга мүмкүнчүлүк берген бардык нерселерге ээ болушун да көздөп, инсанга педагогикалык таасир этет. Социалдык иш көмөк алуучунун анык социалдык маселеси менен алектенип, аны чечүүнүн жолдорун издейт, социалдык коргоону жана турмуштагы орчундуу маселелерди (турак-жай шарттарын түзүү, жөлөк пулдарды, жеңилдиктерди берүү ж.б.) чечүүгө өбөлгө түзөт.

[1] Бочарова В. Г. Педагогика социальной работы. – М., 1994. – 387 с.

Көрүнүп тургандай, социалдык педагог менен социалдык кызматчынын ишинде бир топ жалпылыктар бар. Бирок көрсөтүлгөн багыттарды адистештирүү бул эки башка социалдык кесиптин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүрөт.

Социалдык-педагогикалык иш социалдык маселелерди иш жүзүндө чечүүгө, социалдык калктын коргоосуз же жакшы корголбой калган топторуна көмөк көрсөтүүгө багытталган. Социалдык педагогика алдын алуучу жана мектептен тышкаркы иштерди жүргүзөт да, кишинин жүрүм-туруму менен социалдык мамилелерди өзгөртүүнү көздөйт.

Бүгүнкү күндөгү социалдык-педагогикалык практика – бул бүтүндөй таалим-тарбия процесси, турмуштук кыйын кырдаалдарда жана өзүн-өзү аныктоодо жардамдашуу. Ал социалдык иштин курамдык бөлүгү болуп саналып, жалпы педагогикадан олутуу айырмаланган өзүнүн категориялык аппаратына, принциптери менен усулдарына ээ. Ошентип, анын принциптери менен усулдары социомаданий практиканын өзүнөн, социалдык мейкиндик менен мезгилдин талаптарынан, анык-айкын кырдаал менен инсандын, социалдык топтун жана коомдун аракеттешүү өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгат.

Социалдык педагогиканын предмети инсанды социалдык тарбиялоо, коомдун тарбиялоочу күчтөрүн, аларды сүрөөчү ыкмаларды изилдөө, индивиддин жашоосунун бардык курактык мезгилдериндеги жана анын иш-аракетинин түрдүү чөйрөлөрүндөгү социалдык аракеттешүүсүнө педагогикалык таасир этүү процесси болуп саналат.

Социалдык педагогиканын объектиси киши менен таалим-тарбиялык өз ара карым-катыштын мамлекеттик, муниципалдык, коомдук жана жеке ишмердигинин социалдык тутуму да болуп саналат.

Социалдык-педагогикалык ишмердик коомдук мааниси бар иш тажрыйба болуп эсептелет. Жашоо-тиричилик формасы катары социалдык практиканын өзгөчөлүгү теориянын практикалык маанилүү билгичтиктер менен, тирликтин маңызын аңдап-билүү менен жуурулушкандыгында.

## Социалдык-педагогикалык мамиленин негизги функциялары:

1. **Методологиялык** – окуучулардын дүйнө, адам, ата журт, маданият тууралуу; мыйзамдар жана мыйзамченемдүүлүктөр жөнүндө; жалпы илимий түшүнүктөр тууралуу; таанып-билүү усулдары жана тилдер жөнүндө; функционалдуу теориялар жана идеялар жөнүндө билимдеринин бүтүн бирдигин камсыздоо;
2. **Кайра түзүүчү** – субъекттин социалдык багыттагы позициясын активдештирүү; жекеликти (индивидуальность) өнүктүрүү, мамилелерди шайкеш келтирүү, таанып-билүү жана эмгектенүү дилгирлигин, мүдөөсүн, муктаждыгын калыптандыруу; чыгармачылык тажрыйба арттыруу;
3. **Координациялоочу-жөнгө салуучу** – бирдиктүү билим берүү мейкиндигин түзүү; анын субъектилеринин аракеттерин макулдаштыруу, окуучулардын жашоо-тиричилигин социалдык-психологиялык жайлуулугун камсыз кылуу; өзүн-өзү аныктоосуна, өз мүмкүнчүлүгүн ишке ашыруусуна жана ой жүгүртүүсүнө педагогикалык колдоо көрсөтүү;
4. **Талдоочу-ой жүгүртүүчү** – инсандын жетилүүсүнө педагогикалык колдоонун натыйжалуулугун көзөмөлдөө, талдоо жана баалоо;
5. **Уюштуруучу** – социалдык ишмердикти, демилгени, чыгармачылыкты уюштурат; эс алуунун маани-мазмунуна таасир этет; ишке орношууда, кесип тандап, жумушка ыңгайлашууда жана өспүрүмдөр менен жаштар бирикмелеринин ишинде көмөктөшөт, медициналык, билим

берүүчү, маданий, спорттук, укуктук мекемелердин, коомдор менен кайрымдуулук уюмдарынын социалдык иштериндеги өз ара карым-катышка таасир этет;

6. **Тарбиялык** – социалдык педагог көмөк алуучунун жүрүм-туруму менен иш-аракетине социалдык институттардын максаттуу багытталган таасирин камсыз кылат, коомдун, микрочөйрөнүн жана тарбиялоо процессинин жигердүү субъекти катары инсандын өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү менен каражаттарын тарбиялоо процессинде толук кандуу пайдалануу маселесин коёт жана чечет;
7. **Диагноздоочу** – окуучулардын социалдык жана турмуштук жагдайларын, алардын инсандык жетилүүсүн, чөйрөсүнүн шарттарын изилдейт; «социалдык диагноз» коёт, кишинин психологиялык, курактык, жеке өзгөчөлүктөрүн, шык-жөндөмдөрүн иликтейт, анын кызыкчылыктар дүйнөсүнө кирип, кишилер ортосундагы мамилелердин мүнөзүн, оң жана терс көрүнүштөрдү аныктайт;
8. **Болжолдоочу (прогноздоочу)** – конкреттүү микросоциумдун социалдык өнүгүү процессин программалоого, социалдык ишке киришкен ар кайсы институттардын ишмердигине катышат;
9. **Эскертүүчү-алдын алуучу жана социалдык-айыктыруучу** – тескери таасирлерди жоюуда жана алдын алууда социалдык-укуктук, юридикалык, психологиялык механизмдерди аракетке келтирет; муктаж болгондорго социалдык айыгуу жагынан жардам уюштуруп, алардын укуктары корголушун камсыз кылат;
10. **Уюштуруучу-коммуникативдик** – ыктыярдуу жардамчылардын, элдин, айылдын же кичи райондун социалдык ишке киришүүсүнө, биргелешип иштеп жана эс алуусуна, ишкер же жекече карым-катыш түзүшүнө көмөктөшөт, маалымат топтоп, түрдүү социалдык институттардын көмөк алуучу менен иштөөдөгү өз ара аракетин жөнгө салат;
11. **Калкалоочу-коргоочу** – көмөк алуучулардын кызыкчылыктары менен укуктарын коргоо үчүн колдо болгон укуктук ченемдерди колдонот, көмөк алуучунун укугун бузуучу түз же кыйыр түрдөгү таасир-аракеттерге жол берген кишилерге карата мамлекеттик мажбурлоочу чараларды колдонууга же юридикалык жоопкерчиликти күчөтүүгө көмөктөшөт.

Кыргызстандын социалдык педагогунун ишмердигиндеги бул функцияларды Республиканын Өкмөтүнүн 2-февраль 2010-жылдагы №58 токтому жөнгө салат. Аталган токтомдо төмөнкүлөр жазылган:

---

1. **Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын социалдык педагогуна коюлчу кесипкөй талаптар**

Токтомдун 16-пунктуна ылайык «жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүчү мектептерде социалдык педагог кызматы окуучулардын санына жараша белгиленет:

- 300 кишиге чейин – 0, 25 ставка,
- 300дөн 400гө чейин – 0, 5 ставка,
- 400дөн 500гө чейин – 0, 75 ставка,
- 500дөн 600гө чейин – 1, 0 ставка,
- 600дөн жогору – 1, 25 ставка».

2. **Кызматтык милдеттери:**

- жалпы билим берүүчү мектептептерде социалдык педагог бала менен үй-бүлөнүн, социалдык чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомстволордун, укук коргоочу жана администра-

тивдик органдардын ортосунда арачы катары иш жүргүзүп, турмуш-тиричиликтин орчундуу маселелерин чечүүдө балдардын кызыкчылыктарын коргойт;

- социологиялык сурам жүргүзүп, балдардын жашоо-шарттарын аныктап, иликтейт; окуучулардын инсанынын психологиялык-медико-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, анын микрочөйрөсүн жана жашоо шарттарын иликтейт;
- балдардын жүрүм-турумундагы чектен чыккан учурларды аныктоо максатында кыйынчылыктарды, чырдуу кырдаалдарды иликтейт;
- балдар менен ата-энелердин мамилесинин жакшырышына көмөктөшөт, микроклиматы бейжай үй-бүлөлөрдөгү балдардын коммуникативдик билгичтикеринин өсүшүнө өбөлгө түзөт;
- ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, өз милдеттерине аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууга, балдардын ата-энелери менен баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрүн чечүүгө да көмөктөшөт;
- балдарды социалдык коргоо, колдоо, алардын өмүрү менен ден соолугун сактоо боюнча иш-чараларды жүргүзөт;
- камкордукка жана асыроого муктаж болгон балдарга зарыл жардамдарды көрсөтөт;
- класстан жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу аркылуу жана жаштар, балдар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташтыкта балдардын эс алуусун уюштурууга жардамдашат;
- балдар иштери боюнча комиссиянын иштерине катышат;
- зарылдыкка жараша балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, паспорт ...) калыбына келтирүүгө көмөктөшөт;
- керектүү иш кагаздарды жүргүзөт;
- ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен коомчулукту балдардын көйгөйлөрүн чечүүгө тартат;
- балдар менен өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын иликтөөгө байланышкан маалыматтарды чогултат, жашы жете электердин жеке маселелерин чечүү жана аларга шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик уюмдарга расмий суроо-талап жөнөтөт;
- жүрүм-туруму бузулгандарга, турмуштук кыйын кырдаалдарга тушуккандарга, камкордукка муктаж болгондорго, өзгөчө муктаждыгы бар окуучуларга жардам берүү үчүн аларды эсепке алып, аларга жардам берүүдө мектептин мугалимдери, психологдору (эгер болсо) ата-энелер (алардын ордун алмаштырган кишилер), социалдык кызматтардын, жаштарды ишке орноштуруу кызматтарынын адистери, кайрымдуулук уюмдары менен бирге иш алып барат.

**3. Социалдык педагог буларды билүүгө тийиш:**

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикасын;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарын;
- КРнын «Балдар жөнүндө» Кодексин;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин;
- Баланын укуктары тууралуу конвенцияны жана социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруу боюнча башка ченемдик-укуктук документтерди;
- педагогиканын негиздерин жана педагогикалык психологияны;
- социологиянын негиздерин, физиологияны жана балдардын гигиенасына байланыштуу эрежелерди;
- окуучуларга социалдык жардам берүү жана тарбиялоо жаатындагы мамлекеттик институттар менен коомдук уюмдардын кызматтары менен укукта

**4. Кесипкөй талаптар:**

- жогорку билимдүү – социалдык иш боюнча адис, психолог же педагогикалык атайын орто билимдүү болушу;
- жогорку педагогикалык билими жана мугалимдик кызматта 3 жылдан кем эмес иш стажы болушу зарыл.

«Социалдык педагог» кесибинин аталышы «педагог» жана «социалдык» деген эки туунду сөздөн келип чыгып, биринчи кезекте мугалимдерди, мектепти жана балдарды эске салат[1]. Кыргызстанда социалдык педагогдор өз ишмердиктерин жалпы билим берүүчү мектептерде гана жүргүзүшүп, биринчи социалдык педагогдор да мугалимдерден болушту. Чындыгында, предметтерден окуткан мугалимдер да, социалдык педагогдор да балдар менен иштешет, бирок мугалимдин ишмердиги адамзат топтогон билимдер менен социомаданий тажрыйбаны балдарга өткөрүп берүү болгону менен, баланы коомго аралаштыруу жана анын социалдык маселелерин чечүү анын милдети эмес. Ал эми социалдык педагогдун көңүл борборунда баланы коомго аралаштыруу, баланын жагымдуу социалдык мамилелердин алкагынан «чыгып калышына» жол бербеш үчүн аны коомго ийгиликтүү жуурулуштуруу турат. Педагогикалык ишмердиктин өзгөчөлүгү ал үзгүлтүксүз, узак мезгилдүү жүргүзүлгөндүгүндө, ал эми дарс мугалиминин ишмердиги стандарттар, окуу программалары жана пландар менен иретке салынат. Социалдык-педагогикалык ишмердик баланы коомго аралаштырууга байланышкан маселелерге көз каранды болуп, анын коомдо жана коомдук мамилелерде ыңгайлашуусуна жардам көрсөтүүгө багытталган. Ошол себептүү социалдык-педагогикалык ишмердик даректүү жана убактысы чектелген мүнөзгө ээ (ошол мезгилден кечиктирилбей баланын маселеси чечилиши керек).

Белгилүү болгондой, «социалдык» (лат. *жалпы, коомдук*) түшүнүгүнө кишилердин бирге жашоосу, алардын карым-катыштары менен аракеттешүүлөрүнүн түрдүү формалары менен байланышкан бардык нерселер кирет. Андыктан эгер педагогика – бул өсүп келе жаткан муундардын, б.а. балдар менен жаштардын таалим-тарбиясы тууралуу илим болсо, ал эми социалдык педагогика таалим-тарбия ишинде баланы коом турмушуна жуурулуштуруучу жагдайлар менен шарттарга көбүрөөк басым жасайт. Социалдык педагог баланын айланасындагы социумду иликтеп-үйрөнүп, социалдык чөйрө менен иштешет, социалдык кызматтарды, уюмдар менен мекемелерди балдар маселелерин чечүүгө тартат. Ошондуктан социалдык педагогика социалдык ишке жакын, бирок ага окшош эмес. Социалдык иштин максаты – социалдык коргоо, социалдык кызмат көрсөтүү болуп саналат, ал эми объектиси – жаш курагына карабастан тигил же бул социалдык көйгөйлөргө же кыйынчылыктарга кабылган кишилер болушу мүмкүн. Ал эми социалдык педагогика социалдык-педагогикалык баалоо, социалдык өнүгүү, түзөтүү жана калыбына келтирүү, багыттоо жана кайра тарбиялоо (эң мурда баланы – анын өсүп-жетилүү, тарбиялануу жана социалдык калыптануу процессинде) менен алектенет. Маселен, райондордогу айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери үй-бүлөнүн экономикалык маселелери жана аны турмуштук кыйын кырдаалдардан алып чыгууда көмөк көрсөтүү менен алектенет, бирок анын ишмердиги баланын көйгөйлөрүн караштырууну камтыбайт жана социалдык кызматкер бала менен түздөн-түз иштешпейт. Анүстүнө социалдык иш менен социалдык педагогикалык ишмердиктин иштөө объектилери да айырмаланышат: социалдык иш социалдык жардам менен колдоого муктаж болгон жарандардын бардык курактагы категориясына багытталса, ал эми Кыргызстандагы социалдык педагогика учурда мектеп тутумунда өз ордун таап, балдарды коомго аралаштыруу боюнча иш жүргүзө баштады. Социалдык педагогдун көңүл борборунда коомго аралаштыруунун жүрүшүндө жардамга муктаж болгон балдар менен жаштар турат.

Социологдор коомго аралашуу маселелеринин коомдун социалдык түзүмүнө, материалдык жыргалчылыктарды өндүрүү ыкмаларына, коомдук мамилелердин тутумуна, саясый түзүмгө таасирин изилдөө менен, аны инсандын калыптануу процесси, жеке адамдын өзү таандык болгон коомдун, социалдык жалпылыктын, топтун социалдык ченемдери менен маданий баалуулуктарын, мүдөөлөрүн, жүрүш-туруш таризин өмүр бою өздөштүрүүсү катары чечмелешет[2].

---

1 Галагузова М. А., Галагузова Ю. Н., Штинова Г. Н., Тищенко Е. Я., Дьяконов Б.: Учеб. пособие для студ. высш. учеб. заведений – М., Гуманит. изд. центр ВЛАДОС, 2001. – 416 с.

2 http://planetadisser.com/part/dis_121994.html

Психологдор коомго аралашууну иликтеп, адамда болуп өтүүчү ички процесстер: кабыл алуу, сезим-туюмдук жооп кылуу жана коммуникативдик сапаттарды изилдешет; кишини түздөн-түз курчап турган коомго аралаштыруучу функцияларды (түрдүү жалпылыктардын өзгөчөлүктөрү, инсан аралык мамилелер, топ ичиндеги жана топ ортосундагы аракеттерди) аныкташат.

Коомго аралашуу – киши үчүн баалуулуктарды, чек-ченемдери, тил билүү маданиятын жана зарыл болгон социалдык көндүмдөрдү кабыл алуу жана мурастоо, социалдык тажрыйбанын, өзүнүн жеке тажрыйбасында социалдык байланыштар менен мамилелердин тутумунун калыптанышы аркылуу кишинин өз заманындагы коомдун мүчөсү болуу процесси.

Педагогдорду адамдын бардык курак баскычтарындагы эки өңүттө коомго аралашуусу кызыктырат. Биринчиден, алар коомго аралаштыруунун маңызын, анын салыштырмалуу социалдык көзөмөлдөөчү бөлүгүн – тарбиялоону, анын тенденциялары менен келечегин изилдешет. Экинчиден, коомду социалдашуу чөйрөсү катары иликтешип, анын адамга тийгизүүчү терс таасирлерин чектөө, тескөө, кемчиликтерди жоюу аркылуу оң таасирин күчөтүү жана колдонуу жолдорун, ыкмаларын табуу үчүн тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрүн аныкташат. Коомго аралашуу – адамдын кабылдоо, чөйрөнүн пассивдүү эмес, активдүү, б.а. аң-сезим менен сезим-туюмдардын, баалуулуктар менен мамилелердин, жүрүм-турум менен баарлашуу стилинин коруна кирген таасирлерин өздөштүрүү өңдүү ички процесстердин топтому менен ага тышкы (табигый, социалдык, социалдык-психологиялык), т.а. аны коомго аралаштыруучу, анын коомго аралашуусуна түрткү берүүчү таасирлердин агымы. Бул – адамдын социалдык торолуу процесси, анын социалдык маңызынын калыптанышы. Кишинин өсүп-жетилүүсү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруусу өмүр бою коомдук маданиятты өздөштүрүү жана кайталап берүү процессинде жүрүп отурат.

«Коомго аралаштыруу» түшүнүгүнүн жетишээрлик ачык-айкын чен-өлчөмү – инсан жана социалдык чөйрө (жамаат, коом, башка адамдар). Аталган процесстин маңызы бул мамилелердин артында эмне тургандыгы менен аныкталат. Коомго аралаштыруу – анык формасы жана анык түркүмү бар социум менен инсандын мамилеси. Коомдун бөтөнчөлүгү инсанга таасир этип, инсандын өзгөчөлүктөрү аркылуу кубула чагылат. Ошентип, социалдык-педагогикалык мамилени ишке ашыруу башкы багыты окуучулардын социалдык чөйрөнү өздөштүрүү жана кайра түзүү ыкмаларын калыптандыруу болгон, адам коомдун байлыгы, эң бийик максаты катары таанылган социалдык мааниси бар ченемдерге ылайык кишинин ички дүйнөсүн жигердештирүү болуп саналган мектептеги билим берүүнүн гуманисттик максаттарын актуалдаштырат. Педагогикалык процесстин субъекти катары окуучу кайсы куракта, кандай турмуш шартында болбосун дайыма мезгил менен мейкиндикте аракетте болот, чөйрө менен өз ара катышып, ар кандай насаатчылар менен социумдун таасирин ылгап, аларды өзүнүн жекече жөндөмдөрүнө жараша өзгөртөт. Өзүн курчап турган чындыкты, нерселер дүйнөсүн, процесстерди, кубулуштар менен кишилер ортосундагы мамилелерди өздөштүрүү жана кайра түзүү мүдөөсүн аңдап-түшүнүү аркылуу окуучу индивид (субъект) жана социалдык тирүү жан катары ийгиликтүү өсүп-жетиле алат.

Калкка социалдык жардам көрсөтүү кызматтары үй-бүлөдөгү кырдаалды өз убагында иликтөөгө, кыйынчылыктар менен көйгөйлөрдү аныктоого, жигердүү болууга өбөлгө түзүп, тийиштүү жардам көрсөтүүнү, айлана-чөйрөгө жана өзүнүн тулку-бой жана ыймандык саламаттыгына аяр мамиле кылууну көздөгөн баалуулуктарды калыптандырууну максат кылат.

Саясатчылар менен экономисттердин, педагогдор менен медиктердин, психологдордун жана жалпы эле коомдун милдети ата мекендик генофонддун жана балдар менен жаштардын ыймандык жана тулку-бой саламаттыгын сактоо, балдар менен жаштардын социалдык демилгелерин мыйзам негизинде колдоп-кубаттоо болуп саналат. Бүгүн өсүп келе жаткан муунду таза жол менен акча табууга үйрөтүү, социалдык пайдалуу ишмердикке дилгирлентүү, үй-бүлөнүн көңүлүн

балдарды тарбиялоого гана эмес, үй-бүлөдөгү руханий байланышты чыңдоого түрткү болуучу социумдагы чыгармачылыкка буруу өтө зарыл болуп турат. Инсанды тарбиялоо, жетилтүү жана коомго аралаштыруу милдеттерин чечүү үчүн мектептерге педагог-психолог, кошумча билим берүүнүн педагогу, социалдык педагог деген жаңы кесиптер киргизилди.

Социалдык педагог кесибин тандап алган киши мыкты коммуникативдик жана уюштуруучу жөндөмдөргө, бийик руханий маданиятка ээ болууга тийиш, ал кичипейил, адамгерчиликтүү болуп, социалдык кубулуштар менен процесстерди анализдей алышы зарыл.

Жалпы билим берүүчү, психологиялык-педагогикалык жана адистештирилген үч негизги блокту камтыган социалдык жардамчылардын мектеби кесипке чейинки даярдык үчүн негиз түзүү менен социалдык педагогдорду өстүрөт .

Социалдык педагог кесибин өнүктүрүүчү багыттарынын бири – окуучулар үчүн сабактан тышкаркы мезгилди уюштурууга кам көрүү. Социалдык педагогдор ата-энелер менен бирдикте окуучулар үчүн сабактан кийин бир канча кызыктуу нерселерди ойлоп таба алышат. Мектептен тышкаркы мезгилде балдардын жашоосу менен алектенүүлөрү социалдык педагогдордун камкордугунда болууга тийиш.

Белгилүү билимдер менен иш билгиликтердин топтомусуз адам социалдык педагогикалык иште кесипкөй боло албайт. Буларга психология менен коммуникациянын көндүмдөрү, кишилер (балдар, чиновниктер, администраторлор) менен алардын «тилинде» сүйлөшө билүү, педагогикалык көндүмдөр, балдар жамаатындагы иштерди билүү кирет. Анан социалдык педагогдун ишмердигинин ийгилиги анын адамдык сапатына, рухий жана жан дүйнө байлыгына жараша болот.

Өз милдеттерин кесипкөй аткарууга жөндөмдүү адистерге болгон улам курчуп бараткан бардык социалдык таламдарды канааттандыруу үчүн тийди-качты аракеттер менен анда-санда жүргүзүлгөн иш-чаралар аздык кылат. Бизге социалдык педагогиканын идеяларын терең өздөштүргөн, ишбилги социалдык педагогдорду даярдоо керек. Социалдык педагог коомдук тарбиянын өзөк күчүнө айланган шартта гана ийгиликтүү иштей алат. Мындай тутумдан сыртта турганда ал эч нерсе кыла албайт, тарбия тутуму да ансыз кескин начарлайт.

Социалдык педагогиканын өз максаттары, мазмуну жана түзүмү бар. Анын иш-аракет мейкиндиги мектеп, үй-бүлө, короо менен эле чектелбейт, жалпы социумга же микросоциумга жайылат. Педагогикалык таасир этүүнүн объектилери жалаң гана окуучу жана анын үй-бүлөсү болбостон, адамдардын чоң-чоң топтору, көбүнчө түрдүү куарактагы бирикмелер, б.а. клубдар, ийримдер, отряддар болот. Мындай бирикмелерге адамдар ыктыярдуу, өз эрки менен, өз ишмердиги боюнча кошулууга тийиш.

Коомдук кызыкчылыктардын чордонунда инсан турат. Демек, социалдык педагогика да өз максатын курчап турган чөйрөдө ошол инсандын ишмердиги, мамилеси жана баарлашуусу үчүн шарт түзө алганда гана аткара алат, антпегенде педагогикалык төмөнкү формула бурмаланат: инсандын калыптанышына таасир этүүчү чөйрөнүн мүмкүнчүлүктөрү канчалык чоң болсо, бул инсандын ишмердиги да ал чөйрөнүн өзгөрүшүнө ошончолук күчтүү таасир этет. Андай болбогондо базар экономикасына өтүү аракети араңдан жүрүп жаткан шарттарда түркөйлүк менен пайдакечтик, жатып ичерлик менен керектөөчүлдүк кулач жаят.

Социалдык педагог мектеп мугалимине же мектепте билим берүүчү кызматкерге окшош эмес. Ага түздөн-түз инсанды курчаган чөйрөдө аракет кылууга – үй-бүлө менен баарлашууга, мектептегидей режимге бөлүнгөн демейдеги кырдаал жана авторитеттер ж.б. болбогон, алардын

ордуна үй-бүлө, түрдүү курактагы бирикмелер же коомдоштуктар болгон кичи райондо же жаңы конушта «эмгектенүүгө» туура келет.

Социалдык педагог менен мектептин, мугалимдердин өз ара мамилеси эзелтен эле татаал. Тилекке каршы, алардын мамилесин көп убакта балага бийлик кылуу үчүн күрөш жана биз кыйынбыз деген дымак бузат. Ушулардын баарысы тандоо эркиндиги жана аракеттердин өз алдынчалыгын, улуулар менен, улуулардын бири-бири менен мамилелеринин башкача стилин калыптандырууга, баланын турмуш-тиричилик формасы менен мазмунун эркин тандап алуусуна мүмкүндүк бербейт.

Социум менен микросоциум канчалык маанилүү болбосун, мектепсиз инсандын жетилиши өксүп калмак, анын кенемтесин эч ким толтура албайт. Демек баланын кызыкчылыгы үчүн кызматташуу, биргелешип иштешүү зарыл, б.а. бир тарап экинчи тараптын аракетин сыйлап, анын колунан келбеген ишти аткарышы абзел.

Социалдык педагогдун тагдыры көп жагынан мектепке көз каранды жана мектептин ийгилиги да тикеден-тике социалдык педагогдун ишбилгилигине жараша болот.

Социалдык педагогдун ишмердиги окуу иштери менен тыгыз байланышкан. Ар бир окуу кырдаалында билимдин кандай жагдайда, турмуштук кайсы көрүнүштөр менен байланышта берилип жатканын эске алуу зарыл. Бул жагдайларга окутуучу менен окуучунун, класс менен жалпы мектептин, жеке мектептин же билим берүүнүн бүтүндөй жергиликтүү же атүгүл улуттук тутумунун ортосундагы мамилелерди да кошууга болот.

Дагы бир орчундуу жагдай – окуучулардын өздөрүнө окуу материалын тандап алуу мүмкүнчүлүгүн берүү. Мунун дагы бир жагы – белгилүү билимдерди алууга уруксаттын бар же жоктугу. Калыптанып калган коомдук айрым бир эрежелерге ылайык, кээ бир маселелер мектепте талкууланбайт. Окууда жалпысынан окутуу усулдары менен мазмунун жекече тандоо мүмкүнчүлүктөрү болушу зарыл. Мугалимдер менен мектеп жетекчилери окуучулардын сөзүнө кулак салып, демилгелерин колдоп, чыгармачылыгын өркүндөтүүгө жол ачышы керек. Билимдерди баалоо тутуму теория менен практиканы айкалыштыруу, жуурулуштуруу, окуучулардын турмуш тажрыйбасына таянуу зарылдыгын таанууга негизделгени оң. Практика көрсөткөндөй, мында окуучулар менен студенттердин окутуучулар менен жаңы сапаттагы мамилеге өтүшү, жалпы эле окуунун иерархиялык тутумунун бошоңдоо тенденциясы маанилүү болуп саналат. Мындан социалдык педагогдор келечекте билим берүүнүн өнүгүшүн көрүшөт.

Социалдык педагог инсандын жалпы маданиятын калыптандырууга, аны коом турмушуна ыңгайлаштырууга, Ата Журтка болгон сүйүү менен жарандуулукка тарбиялоого, курчап турган табиятты сыйлоого багытталган тарбиялык иштерди класста, топто, жатаканада, курста, агымда, билим берүүчү мекемелерде *уюштурат.* Инсан менен анын микрочөйрөсүнүн, жашоо шартынын психологиялык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн *иликтеп үйрөнөт,* кызыкчылыктары менен керектөөлөрүн, кыйынчылыктары менен көйгөйлөрүн, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумундагы четтөөлөрдү аныктап, окуучулар менен тарбиялануучуларга өз убагында *социалдык жардам жана колдоо көрсөтөт*, инсан менен билим берүүчү мекеменин, үй-бүлөнүн, чөйрөнүн, бийлик органдарынын ортосунда *көпүрө* болот.

Окуучулардын *укуктары менен эркиндиктеринин* ишке ашышына, алардын өмүрү менен ден соолугун сактоону камсыз кылууга, ыңгайлуу жана коопсуз жагдай-шартты түзүүгө, милдеттүү жалпы билим берүүнүн аткарылышына, сергек жашоо таризин үгүттөөгө *көмөктөшөт.* Сабактан тышкаркы убактарда окуучулардын талантын, тулку-бой жана акыл-эс жөндөмдөрүн өстүрүүгө *шарт түзөт.* Окуучулардын, тарбиялануучулардын *үй-бүлөлөрү менен өнөктөш мамиледе болот*, инсанды тарбиялап өстүрүү маселелерин биргеликте чечет. Окуучуларга, балдарга,

камкордукка муктаж болгондорго, дене-бой мүмкүнчүлүгү чектелгендерге жана ошондой эле кыйын кырдаалдарга туш болгондорго жардам берүүдө *мугалимдер, ата-энелер* же алардын ордун алмаштыруучулар, социалдык кызматтардын адистери, үй-бүлөлөрдү жана жаштарды жумуш менен камсыздоо кызматы ж.б. менен *өз ара карым-катышта болот.*

Кыргызстанда социалдык-педагогикалык илимдин өнүгүшү жана калыптанышы жалпы дүйнөлүк жандуу, педагогикалык контекстте (албетте, жергиликтүү өзгөчүлүктөрү менен) жүрүп жатат. Ата мекендик педагогдор үчүн социалдык тарбия маселеси бир кыйла орчундуулардын катарында туруп, Кыргызстандын социомаданий өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныкталды:

- улуттук жана руханий мүнөздөгү өзгөчөлүктөрү;
- адамды адеп-ахлактык жактан жетилтүүгө багытталган ата мекендик маданий (эң мурда философиялык) салттардын өзгөчөлүгү;
- жаш муундарды коомдук турмушка даярдоого багытталган педагогикалык салттарда чагылган тарбиялоонун көп кылымдык тажрыйбасы, ошондой эле кыргыз элинин салттары жана ырым-жырымдары;
- ата мекендик педагогдордун инсан менен коом мамилесин чечүүгө жасаган көп жолку аракеттери.

---

**Кырдаал.** Азамат[1] – 7-класстын окуучусу, азыр ал «Дордой» базарынын жанындагы жаңы конуштардын биринде жайгашкан мектептердин биринде окуйт. Өздөрү жашаган айылда жумуш жок болгондуктан, былтыр ал үй-бүлөсү менен башка облустардын биринен Бишкек шаарына көчүп келишкен. Азыр алар борбордун жаңы конуштарынын биринде турушат. Өз үйлөрү жок болгондуктан, батир жалдоого туура келет. Атасы гана иштейт – ал базардагы унаа койгучтун кароолчусу. Атасы көп ичкендиктен, үй-бүлөдө каражат тартыш. Энеси иштебейт, анткени үйдө кичинекей балдарын багып-карайт.

Атасы ичип кетип, ишке барбай калган күндөрү анын ордунан Азамат иштейт, ошол себептүү ал окуудан көп калат.

Баланын жайсыз абалы тууралуу кабардар болгон социалдык педагогдун аракети:

- баланын өзү, анын мектептеги жетишкендиктери, үй-бүлөсү жана социалдык чөйрөсү жөнүндө маалымат топтоо;
- түзүлгөн кырдаал тууралуу өзүнүн пикирин билүү максатында бала менен баарлашуу;
- үй-бүлөгө баруу, үй-бүлөнүн күчтүү жана чабал жактарын аныктоо;
- ата-энелердин, мектептин жана баланын өзүнүн милдеттенмелерин камтыган балага жардам берүү планын түзүү;
- үй-бүлөнүн социалдык чөйрөсү менен формалдуу жана бейформал байланыштарды түзүү, баланын мектептен калышына себеп болгон маселелерди чечүүгө социалдык чөйрөнү тартуу;
- балага жардам берүү планынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзүү.

---

Социалдык-педагогикалык иштин эң негизги багыттарынын бири – оор кырдаалга кабылган баланын социалдык калыптанышы үчүн шарттарды түзүү жана ага жагымдуу, педагогикалык жактан максатка ылайыктуу социалдык чөйрөнү түзүү үчүн шарттарды камсыз кылуу. Баланын социалдык турмуш маселеси – социалдык педагогдун ишмердигинин башкы объектиси. Окуу жайларындагы мамлекеттин социалдык саясатын жүргүзүүчү катары, социалдык педагог кыйын кырдаалга кабылган балдар менен социалдык-педагогикалык иш алып баруунун негизги ба-

[1] Бул жерде жана мындан ары да окуялардын каармандардын аттары этикалык жүйөөгө байланыштуу өзгөртүлдү.

гыттарын аныктайт. Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө»[1] Кодексине ылайык, мындай балдарга төмөнкүлөр кирет:

- турмуштук кыйын кырдаалга кабылган балдар;
- ата-энелеринин камкордугунан ажырап калган балдар;
- акыл-эс же тулку-бою жагынан өксүгү бар балдар;
- куралдуу жана улут аралык чыр-чатактардан, экологиялык жана техногендик апааттардан, табигый кырсыктардан жабыркаган балдар;
- опуртал кырдаалга кабылган качкындардын, аргасыз көчүп келген үй-бүлөлөрдүн балдары;
- зордук-зомбулуктан жапа чеккен балдар;
- атайын окутуп-тарбиялоочу мекемелерде жана эркинен ажыратылып, тарбия берүүчү колонияларда жаза мөөнөтүн өтөп жаткан балдар;
- жакыр үй-бүлөлөрдө жашаган, турмуш-тиричилиги түзүлгөн кырдаалдын натыйжасында объективдүү себептер менен бузулуп, бул абалдан өздөрү же үй-бүлөсүнүн жардамы менен чыга албаган балдар.

Жогоруда айтылгандарга таянып, биз социалдык педагогдун негизи милдеттерин аныктадык:

- окуучулар жамаатынын тулку-бой жана акыл-эстик өзгөчөлүктөрүн, алардын өсүп-жетилүү шарттарын иликтөө; окуучулардын инсаний жетилүүсүнө көмөктөшүү (акыл-эстүү турмуштук тандоо жасоо жөндөмү, өзүнүн жакшы сапаттарын, жекече бөтөнчөлүгүн өнүктүрүүсү);
- баланын өсүп-жетилүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
- балдардын укуктарын жана социалдык кепилдигин коргоо;
- укуктук жардам жана педагогикалык колдоо көрсөтүү;
- бала менен теңтуштарынын, мугалимдердин жана ата-энелердин ортосундагы чырдуу кырдаалдарды чечүүгө көмөктөшүү;
- үй-бүлө менен мектептин ортосунда карым-катышты жана өнөктөш мамилелерди орнотуу;
- турмуштук кыйын кырдаалга кабылган үй-бүлөлөрдүн балдарына ар кандай жардам көрсөтүүгө кол кабыш кылуу;
- баланын өсүп-жетилүүсүнө жагымдуу чөйрө түзүү үчүн мектеп жетекчилиги, ата-энелер, мекемелер жана уюмдар менен өз ара алака түзүү.

Социалдык педагог өзүнүн кесипкөй максаттарына жетүү үчүн мамлекеттик башкаруу органдарынын, коомдук бирикмелердин өкүлдөрү жана окуучулар менен бүтүрүүчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоо зарыл болгон бардык уюмдар менен байланыш түзөт, билим берүүчү мекеменин педагогикалык кеңешинин ишине катышат, үй-бүлө менен баланы социалдык жактан коргоо боюнча жергиликтүү бийлик органдары жана муниципалдык кызматтар менен алакада болот.

**Кырдаал.** Кристина атасы өлгөндөн кийин өз энеси таштап кеткенден бери 4 жыл бою чоң энесинин камкордугунда болду. Чоң энеси кызды жакшы тарбиялады: Кристина ак көңүл, элпек кыз болуп өстү, мыкты окуду. Кыздын татаал тагдырынан кабардар болгон мектеп бул үй-бүлөгө жардам берип турду: каржылык көмөк көрсөтүп, азык-түлүк жана кеңсе буюмдарын берди. Кристина анын жүрүм-турумундагы өзгөрүштөрдү биринчи байкаган социалдык педагогдун дайыма көз кырында болду: кыз сабактан калып, классташтарынан, кийин чоңдордон акча карыз ала турган болду, мугалимдер менен чоң энесин алдай баштады.

[1] Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодекси. 2006-жыл, 7- август. № 151.

Социалдык педагог кыздын жүрүм-турумундагы кескин өзгөрүүнүн себеби кыздын апасы пайда болуп, аны өзүнө алып кеткендиктен экендигин аныктады. Анүстүнө апасы кыздын чоң энесине баруусуна тыюу салды. Психологиялык кыжаалат болуулар кыздын жүрүм-турумуна таасир этти, анткени ал чоң энесинен айрылып калганына катуу кайгырды. Энесине болгон карама-каршылыктуу сезимдер: таарыныч жана апасынын мээримин самоосу да жакшы окушуна тоскоол болду.

Социалдык педагогго үй-бүлө мүчөлөрү: кыз, энеси жана чоң энесинин ортосундагы мамилени жолго коюуга көп күч жумшоого туура келди. Чоңдорго кеп-кеңеш берүү алардын создугуп кеткен каршылашуусу кызга кандай зыян алып келерин өздөрү түшүнгөнчө бир топ убакыт өттү. Мугалимдер кыздын катышуусу менен жетишүүсүнө көзөмөлдү күчөтүп, класс жетекчи окуучу кыздын үйүнө тез-тез барып турду.

Учурда Кристина жакшы окуйт, сабактан калбайт, чоң энеси менен жакшы катташып, ага тез-тез барып турат. Чоң энеси менен апасынын ортосундагы чыр-чатак чечилди.

**Социалдык педагогдун аракеттери:**

- баланын көйгөйүн жана анын себептерин аныктоо;
- балага жекече жардам берүүнүн планын түзүү;
- ата-энелерге /асыроочуларга, мугалимдерге кеп-кеңеш берүү;
- бала менен жекече иштөөнүн планынын мониторинги.

## 1.2. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин негизги багыттары

Социалдык-педагогикалык ишмердик адис орундашы зарыл болгон максаттар менен милдеттерди коюудан башталат. Максат биринчи кезекте бири-бири менен өз ара байланышкан ишмердиктин мазмунун, аны ишке ашыруу усулдарын жана уюмдун формаларын (жеке, топтук, жамааттык) аныктайт.

Мектептеги социалдык педагогдун ишмердиги – бул ар бир окуучунун айланасындагылар менен өз ара жакшы карым-катышты түзүшүнө иш жүзүндө жана ар түрдүү көмөк көрсөтүүнүн түрү. Бул – окуучулардын бардык курамы менен иш алып баруу (бирок мында өзгөчө топту кыйын кырдаалга кабылган окуучулардын тобу түзөт). Социалдык педагог: диагноздоо, социалдык педагогикалык түзөтүү жана алдыдагы түзөтүү менен ыңгайлаштыруу боюнча жыйынтыктарды талдоо менен сунуштарды иштеп чыгуу аркылуу ар бир окуучу менен бөтөнчө көңүл бурууну талап кылган жекече иштерди уюштурат. Окуучулардын кандайдыр бир маселеси тууралуу (мектепке барууну каалабашы же барбай коюшу, жосунсуз жоругу, кооптонуусу, агрессивдүүлүгү ж.б.) маалымат алып, социалдык педагог окуучулар, алардын үй-бүлөлөрү менен жакшы санаалаштык, ишеним негизинде мамиле түзөт. Окуучулардын мындай жүрүм-турумунун чыныгы себебин аныктап, социалдык педагог кыйын кырдаалдан чыгуунун жолдорун табат. Кыйын кырдаалга кабылган анык окуучуга шашылыш жардам туруктуу берилет.

**Мектептеги социалдык-педагогикалык ишмердиктин багыттары** маселелерди анализдөөнүн негизинде аныкталат**.** Социалдык педагогдун ишмердигинин болжолдуу багыттарын жана алардын мазмунун караштырабыз.

**Социалдык-педагогикалык изилдөө**:

- бардык курактагы балдардын социалдык жана инсаний маселелерин аныктоо;
- бардык класстарды, окуу мекемелерин, кичирайондорду социалдык паспорттоштуруу;

- окуучунун инсанына таасирин аныктоо максатында окуу мекемесин адеп-ахлактык жана психологиялык негизде иликтеп-изилдөө жана аны жакшыртуу боюнча чараларды иштеп чыгуу;
- тарбиялык күч-дараметин иликтөө жана өз ара алака-катышты уюштуруу максатында мектептин кичи районунда окуучуларга таасир этүүчү социалдык-маданий борборлорду аныктоо;
- социалдык-педагогикалык диагноздоону жүргүзүү.

**Баланын укуктарын коргоо:**

- социалдык коргоого, камкордукка, багып-карооого муктаж болгон окуучуларды (өзгөчө муктаждыктары бар жана таланттуу балдарды) аныктоо жана колдоо;
- кыйын кырдаалга кабылган балдардын укуктары менен кызыкчылыктарын түрдүү инстанцияларда: педкеңеште, Укук бузуулар менен кылмыштын алдын алуу боюнча кеңеште, Балдар иштери боюнча комиссияда, сотто, прокуратурада ж.б. колдоо;
- чоңдор тарабынан зордук-зомбулукка жана жексур мамилеге ж.б. тушуккан окуучуларды коргоо жана алар менен жекече иш алып баруу.

**Үй-бүлөдө окуучунун инсанын калыптандырууда социалдык-педагогикалык колдоону камсыз кылуу:**

- бейжай үй-бүлөлөрдү өз убагында аныктоо;
- толук эмес үй-бүлөлөр; акыл-эс жана тулку-бой өсүшүндө өзгөчөлүгү бар балдардын үй-бүлөлөрү; камкорчу үй-бүлөлөр; асыранды балдары бар үй-бүлөлөр; качкындардын үй-бүлөлөрү; аргасыз көчүп келгендердин үй-бүлөлөрү; жергиликтүү согуштарга катышкан мүчөлөрү бар үй-бүлөлөр ж.б. боюнча маалымат базаларын түзүү;
- балдар менен өспүрүмдөрдү коомго ийгиликтүү аралаштыруунун зарыл шарты катары үй-бүлөдө сергек жашоо таризин үгүттөө;
- үй-бүлөдө өз ара түшүнүшүүгө жагымдуу шарт түзүү максатында психологиялык-педагогикалык агартуу иши;
- ата-энелердин таалим-тарбия процессине кошулушуна шарт түзүү; социалдык-педагогикалык маселелер ж.б. боюнча ата-энелер, педагогдор, окуучулар үчүн «тегерек столдорду», семинарларды, жолугушууларды уюштуруу.

**Социалдык-педагогикалык кеп-кеңеш берүү:**

- турмуштук кыйын кырдаалда калган окуучулар үчүн жекече кеп-кеңештерди уюштуруу;
- окуучуларга кесип тандоо жагынан кеп-кеңеш берүү жана адистешкен жардам көрсөтүү;
- социалдык-педагогикалык маселелерди чечүү ж.б. боюнча ата-энелерге педагогдорго, мектеп жетекчилерине, класс жетекчилерге кеп-кеңеш берүү.

**Социалдык-педагогикалык алдын алуу, түзөтүү жана калыбына келтирүү:**

- окуучулардын жүрүм-турумундагы терс көрүнүштөрдү өз убагында аныктоо жана алдын алуу;
- ар кандай каттоодо турган («опуртал топто», мектеп ичиндеги көзөмөлдө – МИК, ЖЭИ) балдар жана өспүрүмдөр менен алдын алуу жана түзөтүү иштерин камсыз кылуу;
- «опуртал топтогу» окуучулар менен алдын алуучу-эскертүүчү иштерди уюштуруу;
- сергек жашоо таризин үгүттөп жайылтуу;

- жосунсуз жүрүм-турумдан алдын алуу максатында окуучулар менен алардын ата-энелеринин укуктук сабатын жогорулатуу;
- ыңгайсыздыкты жараткан (оору, майыптык, стресс ж.б.) ар кандай мамилелердин тутумунда түрдүү кыйынчылыктарга кириптер болгон балдар менен эркинен ажыратылган жайлардан, атайын мекемелерден кайтып келген өспүрүмдөрдү кайра калыбына келтирүүнү уюштуруу.

**Баланын инсанынын жакшы жетилиши үчүн педагогикалык багыттагы чөйрөнү түзүүгө көмөктөшүү:**

- окуу-тарбия процессин, социалдык-педагогикалык ишмердикти пландоодо жана уюштурууда окуу мекемесинин жетекчилигинин көңүлүн окуучулардын, ата-энелердин, мугалимдердин көйгөйлөрүнө буруу;
- мугалимдер, окуучулар жана ата-энелердин ортосунда өз ара түшүнүшүүнү жана карым-катышты өнүктүрүү.

**БҮҮалдар менен өспүрүмдөрдүн социалдык маанидеги ишмердигин колдоо** (волонтерчулук жана долбоор ишмердиги түрүндө болушу мүмкүн):

- оорулуулар, майыптар, кедейлер жөнүндө кам көрүү;
- теңтуштар жана кары-картаңдар үчүн кайрымдуулук иш-чаралары;
- социалдык коргоо кызматтарындагы иштер;
- айылдарды, короолорду, мектептин, шаардын аймагын жакшыртуу;
- табиятты жана маданий эстеликтерди коргоо;
- балдар менен оюндарды жана чыгармачыл иштерди уюштуруу;
- өспүрүмдүн өзүн инсаний жана кесиптик аныкташына жардам берип, аны жалпы адамзаттык баалуулуктарга жакындаткан башка бардык нерселер.

**Усулдук-уюштуруучулук ишмердик:**

- социалдык-педагогикалык ишмердик тажрыйбасын талдоо жана жалпылоо;
- социалдык-педагогикалык маселелер боюнча түрдүү деңгээлдеги усулдук секцияларга, семинарларга, практикумдарга, конференцияларга катышуу;
- усулдук адабияттарды, социалдык педагогика боюнча атайын басылмаларды, илим менен практиканын жетишкендиктерин, ошондой эле социалдык-педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын окуп-үйрөнүү менен маалымат базаларын топтоо.

Аталган багыттардын алкагында социалдык педагог чоң иштерди жүргүзөт.

Биринчиден, жагдайы оор балдар, үй-бүлөлөр, кичирайондун, калктуу конуштардын курчап турган социалдык микрочөйрөсү жана коомчулугу менен педагогикалык жамааттын ишин координациялайт. Ал класстагы психологиялык климат, ар бир мүнөзү оор бала жана ага көрсөтүлгөн жардам тууралуу маал-маалы менен педагогикалык жамаатка кабарлап турат. Социалдык педагог мектептин социалдык иш планын даярдоодо жана түзүүдө башкы ролду ойнойт.

Экинчиден, социалдык педагог мектеп тутумунан ажырап, мектептен кетип калган балдарга өзгөчө көңүл бурушу зарыл. Ал балдардын мектепке кайтып келишине же күндүзгү окууга альтернативалык окууну табууга жардам берет, окуучу жаңы жамаатка көнүгүшүнө көмөктөшөт.

Үчүнчүдөн, социалдык педагог окуу маалында иш менен алек болгон окуучуларды аныктайт, алардын окуу маселесин чечет, балдар эмгегинин укуктук ченемдери аткарылып же аткарылбай жатканын текшерет. Кыргызстан үчүн бул өтө курч маселе, анткени мектепти таштап, иштөөгө аргасыз болгон балдардын саны жылдын-жылга өсүүдө.

Төртүнчүдөн, социалдык педагогдун ишмердик багыттарынын бири – бул балдар укуктарын коргоо. Биринчи кезекте ал баланын билим алууга жетишүү укугун камсыздоодо туруп, социалдык педагогдун баланын өздүк документтерин калыбына келтирүүдөгү жардамдашуусун жана түрдүү инстанцияларда анын таламдарын талашуусун да камтыйт,.

Коомдоштукту баланын көйгөйлөрүн чечүүгө тартканда, жакшы натыйжаларга жетишилет. Социалдык педагог кырдаалга таасир кыла албаган жерде биргелешкен аракеттер менен ийгликке жетсе боло тургандыгын төмөнкү мисалдан көрөбүз.

**Кырдаал.** Мектептин чакан аймагын кыдырууда мугалимдер 14 жаштагы Ильянын окубагандыгын аныкташты. Баланы мектепке тартуу боюнча ишти уюштурууга социалдык педагог тарабынан топ түзүлүп, анын курамына ВШКнын кызматкери, айыл өкмөтүнүн социалдык кызматкери, мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы кирди. Бул окуя боюнча иштин жүрүшүндө Илья батирде ата-энеси жана кичине бир туугандары менен жашай турганы белгилүү болду. Ильянын энеси бир аз мурда абактан бошоп келип, паспорту жок болгондуктан эч жерде иштебейт экен. Балдардын аталары дагы иштебейт, арак ичет. Ата-энелери балдарын тарбиялашпай, балдар көчөдө тентишип, кайыр сурашат. Энесинин айтканына караганда, балдарды мектепке жөнөтпөгөнүнүн себеби алардын документтери жок. Эптеп жан багуу үчүн Илья көбүнчө күнүмдүк мандикерликке барды, кой бакты. Аны мектепке кайтаруу үчүн бир нече аракет жасалса да, Илья окууга келбей койду.

**Социалдык педагогдун иш-аракеттеринин ирээти:**

- опуртал топтогу балдарды аныктоо;
- баланын көйгөйлөрүн чечүүгө адистер менен коомчулукту тартуу, тараптар ортосунда жоопкерчиликти бөлүштүрүү;
- баланы коргоо боюнча план түзүү;
- бала менен жекече иштөө планын орундатуу;
- планды түзөтүү;
- анын аткарылышын мониторингдөө жана көзөмөлдөө.

**Дисциплина аралык топ тарабынан мындай аракеттер жүзөгө ашырылды:**

- эне менен балдардын өздүк документтери калыбына келтирилди;
- кичине балдар башпаанекке жайгаштырылып, бирок андан качып кете беришкенден кийин аларды үй-бүлөлөрүнө калтырышып, анан мектепке орноштурушту;
- Өз мектебине баруудан баш тартып, ата-энеси менен жашагысы келбей үйдөн качып кете бергендиктен Илья интернатка жөнөтүлдү;
- Үй-бүлөнү мониторингдөө, балдардын мектепке барышы жана үй-бүлө менен иштөө көп жылдан бери улантылууда.

Социалдык педагог менен со¾ку жолугушууда Илья чоңойгондо аты-жөнүн кыргызчалатарын айткан, анткени ал ач калып жүргөндө ага түшүнүү менен мамиле кылган жана багып-караган кыргыз үй-бүлөсүнө ыраазы. Келечекте сөзсүз милиционер болом дейт.

## 1.3. Социалдык педагогдун кесиптик «күйүп-бышуу» маселеси

Социалдык педагогдун иши – эмоциялык чыңалуу менен коштолуучу татаал иш. Социалдык педагог эң аз корголгон, өтө аялуу жана алсыз адамдар менен иш алып барат. Татаал турмуштук кырдаалдар адамдардын жүрүм-турумдарында жана эмоциялык жооп кылууларында чагылары табигый иш, демек, социалдык чөйрөнүн адистери үчүн стресс жаратуучу кесиптик кырдаалды түзөт, бул болсо психофизикалык (көбүнчө эмоциялык) саламаттыктын начарлашына алып келет. Жетиштүү стажы бар (10-15 жыл) көпчүлүк адистер эмоциялык күйүп-бышуудан чаалыгып калышат. Социалдык педагогдун инсанын кесипкөй ишмердиктин субъектти катары алып, окумуштуулар «инсаний дарамет» комплекстүү түшүнүгүн өзүнчө кароо кажет деп эсептешет. Социалдык педагогикада адистин ички инсаний дарамети, тактап айтканда, мына мындай түзүмдүк компоненттери ыкчам иштетилет, жигердүү пайдаланылат:

- кесиптик билимдер, билгичтиктер менен көндүмдөр (кесипкөй дарамет);
- ишке жөндөмдүүлүк (психофизиологиялык даремет);
- акыл-эс жөндөмдөрү (билим даремети);
- чыгармачылык жөндөмдөр (чыгармачыл даремет);
- кызматташуу жана иштешүү жөндөмү (коммуникативдүү даремет);
- баалуулук-мүдөө чөйрөсү (адеп-ахлак даремети).

Инсандын аркалаган кесибинде өзүн таанытуу өзгөчөлүгү жана кесипке киришүүсүнүн формалдуу же чыгармачыл ыгы анын кесипкөйлүк жактан өсүшүн да, инсандын турмуштук келечегин да аныктайт. К. А Абульханова-Славская[1] өздөшүүнүн, башкача айтканда кесиби аркылуу таанылуунун төмөнкү типтерин бөлүп көрсөтөт:

**1-тип** – өздөшүү (идентификация) инсандын жеке өзгөчөлүгүнө эң ылайык кесипти тандоо аркылуу болуп өтөт. Ошондо анын турмуш жолу кесипкөй ишмердигине байланышып, инсандын максат-мүдөөсүнө жооп бергидей жагдайларды жөн гана кайрадан түзүү, кайталоо менен байланышат;

**2-тип** – бул өздөшүү чеберчилик баскычтары боюнча инсандын кесиптик өсүшүнө мүмкүнчүлүк берет. Негизги кыймылдаткыч күч эмгек ишмердигинин милдеттери жана инсандын жөндөмдөрүнүн өсүшү болуп саналат;

**3-тип** – мындай өздөшүүдө кесиптик өсүш инсандын шык-жөндөмүнүн ачылышы, өнүгүп-өркүндөшү аркылуу ишке ашат;

**4-тип** – чыгармачылык аркылуу келечекте таанылуу мүмкүнчүлүгү бар адамдын чыгармачыл жөндөмдүүлүгүнө жана анын жигерине негизделген;

**5-тип** – адамдын материалдык абалын жакшыртууга умтулуусуна негизделген.

Бирок инсандын кесип менен жуурулушуусу дайым эле шыдыр боло бербейт. «Адам өз ордун таппай калгандай» маселе пайда болот. Мындай жагдайдын кесепети инсандын көңүлү калып, ыкшоо тартышына же ичтен бүлүнүүсүнө (жаракалануусуна, карама-каршылыктуу эки башка мүдөөнүн жетегинде калып азаптануусуна) алып келет. Инсандын кесипти өздөштүрүүсү түзүмдүк өзгөрүүлөр менен коштолот: бир жагынан сапаттар ыкчам өнүгүп, күчөсө, экинчи жактан бул процесске катышпаган түзүмдөр өзгөрүп, басмырланат жана бүлүнө берет. Эгер бул

[1] Абульханова-Славская К. А. О путях построения типологии личности // Психологический журнал. – 1983. – № 1. – С. 15.

өзгөрүүлөр жагымсыз, инсандын бүтүндүгүн бүлүндүрүүчү, анын ыңгайлашуусун начарлатуучу катары бааланса, анда аларды кесиптик «майышуу» (деформация) катары кароо зарыл. Кесиптик «майышуудан» адистин инсаны гана сактап кала алат. Социалдык педагогдордун, социалдык кызматкерлердин ж.б. социалдык кызмат адистеринин иши өтө кызыктуу, башка адамды терең таанып-билүүгө мүмкүнчүлүк берип, адистерге көптөгөн пайдалуу нерселерди үйрөтөт, бирок мунун адистердин өзү үчүн опурталдуу жактары да бар.

Психологиялык «күйүп-бышуу» синдрому – татаал кубулуш. Ал узак убакыт бою эмоциялык күчүркөнүүнүн натыйжасында адамдын эмоциясы, акыл-эси жана тулку-бою алсырап калаарынан көрүнөт. «Күйүп-бышуу» жышаанасы (синдрому) түнчүү, чарчап-чаалыгуу жана ындыны өчүү сезими пайда болгон, алдан тайып, өз эмгегинин жакшы натыйжаларын көрө албай калган абал түрүндө байкалат.

«Күйүп-бышуу» жышаанынын пайда болушунун негизги себептери булар:

– иштин тажатма бир түрдүүлүгү, иш убактысынын катуу тартиби;
– инсандын таанылышы үчүн шарттардын, жумушта окуп-үйрөнүү, өсүп-өркүндөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу;
– ишке инсандык күч-кубатын көп жумшаса да, жетиштүү таанылбай, жакшы бааланбай кала бергендиги;
– жардамга дайыма каршылык көрсөтүп, «оңолууга өзү умтулбаган» адамдар (көмөк алуучулар) менен иштөө;
– адистин өзүнүн чечилбеген чыр-чатактары, инсаний жетилбегендиги, жекече мүнөздөгү кыйынчылыктардан азаптануусу.

«Күйүп-бышуу» жышаанына бөгөт болуучу негизги факторлордун бири – инсандын өз ишине жоопкерчиликтүүлүгү.

«Күйүп-бышуу» жышаанын алдын алуучу бир нече ыкмалар бар:

– өз ишин түрлөнтүү, жаңы тажрыйбаны кабылдоого даярдык;
– өз ден соолугун сактоо, ынандыруу жана муютуу амалдарын билүү;
– шашкалактабоо, иште, жашоодо жакшы натыйжаларга жетишүү үчүн өзүнө жетишээрлик убакыт бөлүү жөндөмдүүлүгү;
– кесип менен байланышпаган башка ишмердикке, кызыкчылыкка да берилүү, кесипке байланышпаган түрдүү адабияттарды окуу, кубаныч жана канагат алып келе турган нерсени эрмек (хобби) кылуу.

«Күйүп-бышуу» жышаанына кабылбоо үчүн адис өз жашоо-турмушуна кам көрүүгө тийиш. Эгер адис өз туюм-сезимдерин анализдеп, аларды башкалар менен бөлүшө алса, күйүп-бышуу жышааны төмөндөшү ыктымал. Кесиптештеринин колдоосу айрыкча баалуу. Ошондуктан жаңы адамдар менен таанышып, тажрыйба алмашууга мүмкүн болгон семинарларга, конференцияларга, тренингдерге катышуу маанилүү. Кесиптештер менен мезгил-мезгили менен биргелешип иштешүү кызыктуу жана өнүмдүү болушу мүмкүн. Кесиптик чеберчилигин талбай өркүндөтүү, адептик жана башка кесипкөй ченемдерди сактоо канагат алып келет. Кесиптик баарлашуу менен өзүн-өзү өркүндөтүүнүн сунуш кылынып жаткан формалары педагогдордун өзүн аңдап-түшүнүүсү менен өзүн-өзү жөнгө салуусуна багытталган[1]. Супервизиянын жүрүшүндө теориялык билимдерди, кесиптик тажрыйбаларды, анык кыйын кырдаалдарды аңдап-баамдоо жана

[1] Психологическая консультация / В.Уоллес, Д. Холл – СПб.: Питер, 2003. – 33 с.

топтоо мүмкүнчүлүгү пайда болот жана мындай иштер кесиптик иш билгиликти жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Топтук тренингдердин негизги максаты – сезимтал (сензитивдүү) болуу жана көмөк алуучулардын даттануларын түшүнө билүүгө үйрөнүү. Топтук тренингдердин предмети социалдык педагог менен андан көмөк алуучунун ортосундагы карым-катыштын аңдалган жана аңдалбаган процесси болуп эсептелет. Бул иште:

– жекече алака түзүүдөгү өз жүрүм-туруму менен сезимдерин талдап ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү;
– топтук процесстерге жана башка кишинин сезимдерине туя билүү жөндөмүн өнүктүрүү;
– кесиптештердин психологиялык колдоо көндүмдөрүн калыптандыруу;
– социалдык жардам берүү практикасындагы иши жүрүшпөгөндүктү талкуулоо жолу менен күйүп-бышууну психологиялык алдын алуу сыяктуу милдеттер чечилет.

№ 4 тиркемеде психологиялык «күйүп-бышуунун» белгилерин аныктоого мүмкүндүк берген усулдар сунуш кылынган.

# 2-БАП. Социалдык педагогдун уюштуруучулук-усулдук ишмердиги

## 2.1. Социалдык педагогдун ишти пландаштыруусу жана отчету

Мектеп шартында социалдык педагогдун ишти **пландаштырышы** жана отчету анык аткаруучуларды жана иш-чаралардын аткарылыш мөөнөтүн эске алуу менен ишмердиктин негизги түрлөрүн аныктоодо турат. Социалдык педагогдун ишти пландаштырышы жана отчету анын белгилүү мезгилдеги түзүмү менен мазмунун аныктайт. Социалдык педагогдун ишти пландаштыруу максаты – бир жагынан жетекчилик жана педагогикалык жамаат менен, экинчи жактан окуучулар жамааты, ата-энелер жана коомдук түзүмдөр менен аракеттерди координациялоо; чечимдерди жүзөгө ашыруунун мөөнөтүн бекитүү; артыкчылыктуу багыттарды, чечимдерди, ишмердиктин баскычтарын тактоо.

**Социалдык-педагогикалык ишмердикти пландаштыруунун натыйжалуулугу** анын предмети пландаштыруунун башталышында кайсы деңгээлде тургандыгы жана пландаштыруунун акыркы мезгилиндеги иштин натыйжасы тууралуу анык түшүнүктүн барлыгына; максатка жетүүнүн таасирдүү жолдорун жана каражаттарын тандоого жараша болот.

**Пландаштыруунун негизги принциптерине** булар кирет:

- **илимийлик** – пландын негизи позицияларынын социалдык орчундуулугу, чыныгы кырдаал менен анын шайкештиги, өткөрүү пландаштырылып жаткан иш-чаралардын педагогикалык максатка ылайыктуулугу жана зарылдыгы. Илимий пландаштырууда коомдун өнүгүшүнүн социалдык-экономикалык мыйзамченемдүүлүктөрү, тарбиялоонун психологиялык-педагогикалык жана социалдык-педагогикалык мыйзамченемдүүлүктөрү, учурдагы тенденцияларды, мүмкүнчүлүктөр менен иштин өзгөчөлүгү эске алынат;
- **макулдашкандык** – социалдык педагогдун иш планын мектептин, билим берүүчү мекеменин айрым бөлүмчөлөрүнүн ж.б. иш пландары менен шайкештирүү жана координациялоо;
- **алгылыктуулук** – пландын анык шарттарга ылайык келе турган мазмуну менен формасын тандоо;
- **келечектүүлүгү** – жакынкы жана алыскы келечекти эске алган, бирок анык милдеттери жана максаттары бар план түзүү;
- **коллегиялуулук** – жамааттык пландаштыруу формаларын пайдалануу, кызыкдар кишилер менен түзүмдөрдүн пикирлерин, серепчилердин баалоосун эске алуу;
- **аныктык** – туюнтуулардын, мөөнөттөрдүн тактыгы, түздөн-түз аткаруучулардын көрсөтүлүшү.

**Планды төмөнкүдөй схема боюнча иштеп чыгууга болот**:

- мамлекеттик органдардын чечимдери, токтомдору жана аталган маселе же көйгөй боюнча иш кагаздары менен таанышуу;

- пландаштыруунун жалпы негиздери боюнча адабияттарды окуп-үйрөнүү;
- анык пландаштырылып жаткан маселе боюнча илимий сунуштарды окуп-үйрөнүү;
- өткөн жылкы иш пландын кемчиликтерин анализдөө;
- эмгекти илимий уюштуруу боюнча сунуштарды окуп-үйрөнүү;
- пландын долбоорун даярдоо;
- пландын айрым шарттарын жамаат менен талкуулоо;
- иш планынын долбоорун усулдук бирикмеде кароо жана аны педагогикалык кеңештин жыйынында бекитүү.

Социалдык педагогдун ишинде **пландардын ар кандай түрлөрү** пайдаланылат:

- **жылдык же жарым жылдык план**, билим берүүчү мекемеде мектептин иш планынын бир бөлүгү (келечектүү план); мындан узак мөөнөткө да план түзсө болот;
- **бир кыйла кыска мөөнөттөгү иш планы**, эреже катары, үч айлык, бир айлык, бир жумалык болот (календардык план); мындай пландын формасы циклограммалар, план-графиктер жана план-торлор болушу мүмкүн;
- **анык иш-чараларды жүргүзүү планы**, анык көйгөйлөргө карата, анык камкордукка алынгандарга карата ишмердик планы, иштин формасы.

**Келечектүү план** максаттарды чагылдырып, аларды көздөгөн жакын арадагы иш-аракеттерди билдирет. Ал өткөндөгү иштерди талдоо жана учурдагы жагдайды эске алуу менен түзүлүп, төмөнкүдөй бөлүктөргө ээ болушу мүмкүн:

- анализдеп жазуу (окуучулардын социалдык турмуш абалы, бир кыйла орчундуу көйгөйлөр, кыйын кырдаалга кабылган балдардын социалдык топтору, социалдык педагогдун өткөн мезгилдеги ишинин жыйынтыгын сапаттык-сандык анализдөө, анын социалдык байланыштарын ж.б. мүнөздөө;
- иштин максаттары жана милдеттери;
- бөлүктөр боюнча пландаштыруу (коюлган милдеттерди аткарууну камсыз кылууга тийиш болгон иш-чаралардын санын алуу, аларды өткөрүүнүн мөөнөттөрү, бул милдеттерди бирге орундоочу кызмат адамдары).

Негизги бөлүктөргө алдын алуу иштери, коргоо-сактоо ишмердиги, уюштуруучу же координациялоочу ишмердик кирет.

**Календардык пландаштыруу** келечектүү план жана ыкчам жагдай менен аныкталган иш-чара менен окуяларды тактайт. Циклограмма түрүндөгү календардык план социалдык-педагогикалык ишмердиктин негизги элементтеринин убактылуу ырааттуулугу так белгиленген учурда түзүлөт. План-график алдыдагы ишмердикти иретке келтирүүгө мүмкүндүк берет. План-тор белгилүү мөөнөткө пландаштырылган иштин бардык көлөмүн (матрицанын жардамында, көрсөтмөлүү символдор жана белгилер менен) ачык көрсөтөт.

**Анык иш-чаранын планы** план-график принцибинде түзүлүп, бирок мында бир окуянын алкагындагы гана аткаруучулар, мөөнөттөр, аракеттер көрсөтүлөт.

**Социалдык педагогдун иш-кагаздары** анын ишмердигинин өзгөчөлүгү менен аныкталып, катуу тартипке салынбайт. Негизги иш-кагаздар катары буларды атоого болот:

- ченемдик-укуктук документтер;
- бир жылдык иш планы;
- көмөк алуучулар жөнүндөгү маалыматтар жана мүнөздөмөлөр;
- ишмердик багыттары боюнча иштерди камтыган социалдык педагогдун жумуш документтери;
- балдар, ата-энелер жана педагогикалык жамаат менен иштөө усулдары.

**Социалдык педагогдун болжолдуу иш-кагаздары:**

- өткөн жылкы ишти талдоо;
- мектептин социалдык паспорту;
- балдар категориялары боюнча маалыматтар/тизмелер;
- кайрылууларды эсепке алуучу журнал;
- иштин топтук түрлөрүн эсепке алуучу журнал;
- социалдык педагогдун жылдык отчету;
- класстын социалдык паспорту;
- үй-бүлөнүн социалдык картасы.

| Социалдык педагогдун жылдык болжолдуу циклограммасы |
|---|
| **Август** |
| 1. Ишмердиктин максаттары менен милдеттерин белгилөө.<br>2. Социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруудагы негизги багыттарды тандоо.<br>3. Социумду изилдөө. Балдар менен өспүрүмдөргө оң жана терс таасир тийгизген факторлорду иликтөө, социалдык-педагогикалык кызматтардын жардамчы күчтөрүн түзүү. |
| **Сентябрь** |
| 1. Окуучулардын курамын, алардын турмуш-тиричилик шарттарын жалпы аныктоо, мунун негизинде маселелер менен иштөө багыттарын аныктоо.<br>2. Социалдык-педагогикалык ишмердикти пландаштыруу, программалаштыруу, долбоорлоо.<br>3. Окуучулардын турмуш-тиричилик маселелери менен иштөө багыттарын жүзөгө ашыруу.<br>4. Жаңы келгендерди, кайра окуй баштаган окуучуларды, бешинчи класстын окуучуларын ыңгайлаштыруунун жүрүшүндө, жүрүм-турумунда өксүгү бар балдарды педагогикалык калыбына келтирүүдө социалдык-педагогикалык колдоо жана кам көрүүнү жүзөгө ашыруу; эмпатияны (күйүмдүүлүктү, санаалаштыкты) жана педагогикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү боюнча педагогдор менен иштөө; ата-энелерди активдүү социалдык-педагогикалык ишмердикке тартуу, мугалимдер менен ата-энелердин ортосунда «педагогикалык көпүрө» орнотуу, балдарды ишмердикке тартуу. |
| **Октябрь** |
| 1. Социалдык-педагогикалык ишмердикке жигердүү киришүү.<br>2. Балдарды социалдык-пайдалуу ишмердиктин ар кайсы түрлөрүнө тартуу боюнча бардык жардамчы күчтөрдү, түзүмдөрдү, кызматтарды активдештирүү. |
| **Ноябрь** |
| 1. Диагноздоочу усулдарды пайдалануу менен окуучулардын мектеп чөйрөсүнүн абалына болгон канааттануусун аныктоо, кичирайондогу балдардын өсүшүнүн социомаданий кырдаалдагы абалын иликтөө.<br>2. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин субъектилери тарабынан ишке ашырылуучу социалдык-педагогикалык, социалдык-алдын алуучу, агартуучу, уюштуруучу-жамааттык, топтук жана жеке иштерди жүргүзүү. |

**Декабрь**

1. Социалдык опуртал топко кирген үй-бүлөлөрдүн белгилерин диагноздоо, аларга тийиштүү жардам көрсөтүү.
2. Педагогикалык ой жүгүртүүнү, балдарга карата эмпатияны өнүктүрүү боюнча педагодор менен иштөө.
3. Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгын чыгаруу.

**Январь – февраль**

1. Болгон бардык жардамчы күчтөрдү – социалдык-педагогикалык ишмердиктин субъектилерин тартуу менен тутумдуу-функционалдык мамилени андан ары ишке ашыруу.
2. Бүтүрүүчүлөр менен кесиптик-багыттоочу иш алып баруу (социалдык опуртал топтун балдарына, шык-жөндөмдүүлөргө өзгөчө көңүл бөлүү).

**Март – апрель – май**

1. Социалдык опуртал топтогу бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусун болжолдоо. Балдар тандап алган окуу жайлар менен алдын-ала таанышуу.
2. Окуу ишмердигинде кемчиликтерди (жетишпөөнү) азайтуу боюнча социалдык-педагогикалык алдын-алуучу иштерди жүргүзүү.
3. Социалдык опуртал топтогу балдардын жайкы эс алуусун уюштурууну болжолдоо.

**Июнь**

1. Бүтүрүүчүлөрдүн ишке орношуусунда иш жүзүндө жардам көрсөтүү.
2. Социалдык опуртал топко кирген балдардын жайкы эс алуусун уюштуруу.
3. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин жыйынтыгын чыгаруу.

**Социалдык педагогдун отчету** белгилүү мөөнөттөгү иштин жыйынтыгын талдоону туюнтат. Талдоонун максаты иштин иш жүзүндөгү натыйжаларына объективдүү баа берүү болуп саналат. Ишмердиктин натыйжаларын анализдөө социалдык педагогдун келерки окуу жылындагы ишмердигинин максаттары менен милдеттерин аныктоого мүмкүндүк берет.

Анализ социалдык педагогдун ишмердигинин негизги багыттары боюнча жүргүзүлөт. Социалдык педагогдун ишинин ийгилигинин чен-ченемдери анын ишмердигинин түпкү натыйжасы болуп эсептелет. Ийгиликтин баскычы өткөн жылдарга салыштырмалуу мектеп жетишкен алгылыктуу өзгөрүүлөр менен аныкталат. Маселен: окуучулардын катышуусу жогорулады, мунун натыйжасында окуунун сапаттык көрсөткүчү жогорулады. Коомго жат жоруктарды жасаган окуучулардын саны азайды.

Социалдык педагогдун ишмердигин талдоо үчүн маалымат булактары:

- педагогикалык, психологиялык изилдөөлөрдүн материалдары;
- мониторинг менен диагноздоонун маалыматтары;
- социалдык педагогдун иш-кагаздары.

Анализдөөгө болгон жалпы талаптарга төмөнкүлөр кирет:

- так түзүм жана жүйөлүү ырааттуулук;
- өткөн жылкы окуу жылы менен салыштыруу;
- далилдүүлүк жана баалоонун тактыгы;
- себеп-натыйжалуу байланыштарды түзүү жана тыянактарды тастыктоо;
- таблицаларды, графиктер менен диаграммаларды пайдалануу;
- сунуштардын тактыгы жана педагогикалык негиздүүлүгү.

## Уюштуруучулук-усулдук иштин негизги багыттары жана социалдык педагогдун ишмердигин талдоо

**1. Уюштуруучулук-усулдук иш**

Бул багытты талдоо үчүн төмөнкү суроолорго жооп алуу зарыл:

- Иш планы кантип түзүлгөн?
- План түзүүдө кандай кыйынчылыктар болду?
- Планда эмне эске алынбаган жана келерки окуу жылында эмнени эске алуу керек? Жардам алуучулардын маселелерин чечүүдө илимдин кайсы тармагында билим жетишсиздик кылды?
- Кандай семинарлар менен тренингдерге барышты?
- Чыгармачыл дареметти арттыруу үчүн кандай семинарлар менен тренингдер зарыл?
- Социалдык педагогду кайсы маселе кызыктырды?

*Тыянактар:*

- Социалдык педагогдун ишмердигине кандай факторлор өбөлгө болот?
- Натыйжалуу ишке эмне бөгөт болот?

**2. Кеп-кеңеш берүү иши**

Бул багытты анализдөө төмөнкү суроолорго жооп алууга багытталат:

- Кеп-кеңеш берүү иши кантип уюштурулган?
- Ишмердиктин мындай түрү үчүн тиешелүү шарттар түзүлгөнбү?
- Канча жолу кеп-кеңеш берилди?
- Кайсы маселелер боюнча кеп-кеңеш берилди?

*Тыянактар:*

- Иштин бул түрүн жүргүзүүнүн оң жагы кайсы?
- Иштин бул түрүн уюштурууда кандай билимдер жетишсиздик кылды?

**3. Диагноздоочу**

Буларды анализдөө зарыл:

- Аныктоочу иш кандай усулдар менен орундалды?
- Аларды жүргүзүүдө жана иштетүүдө кайсы усулдар кыйынчылык жаратты?
- Толук кандуу диагноздоо жүргүзүү үчүн кандай билимдер керек?
- Психологиялык диагноздоо зарылдыгы барбы?

*Тыянактар:*

- Диагноз жүргүзгөндө кандай көйгөйлөр жаралды?
- Инсанды иликтөөнүн кайсы усулдарынын билүү сизге зарыл?

**4. Түзөтүүчү иш**

- Түзөтүүчү иш-чаранын өзү эмнени билдирет?
- Түзөтүү кайсы жол менен ишке ашты?
- Түзөтүүчү иштеринин кандай усулдары колдонулду?
- Түзөтүүчү сабактардын программасын кантип түзүштү?
- Сиз кандай натыйжага жетиштиңиз?

*Тыянактар:*

- Түзөтүүчү иштерди жүргүзүүдө кандайдыр кыйынчылыктар жаралды?

**5. Социалдык-укуктук коргоо**

Ишмердиктин бул багытын талдоодо социалдык педагог мындай суроолорго жооп берүүгө тийиш:

- Баланын укугун коргоо ишинде кандай мыйзамдардын негизи жардам берди?
- Иште тегерегиндегилерден ким көмөк көрсөттү?
- Окуучулардын укуктук билим деңгээлин арттыруу үчүн кандай иш-чаралар өткөрүлдү?
- Бул иш-чаралардын таасири кандай болду?

*Тыянактар:*

- Биргелешкен ишмердиктин натыйжасында кандай алгылыктуу өзгөрүүлөр болду? Бул ишти жүргүзүүдө кандай кыйынчылыктар бар?
- Аталган багыттагы ишти жакшыртуу үчүн коомдун кандай мүмкүнчүлүктөрү бар?

Анализди аяктап, социалдык педагог отчет мезгилинде жүргүзүлгөн иш боюнча жалпы тыянак чыгарат.

Маселен: «Жалпысынан, отчет мезгилинде жүргүзүлгөн иш социалдык педагогдун келерки окуу жылы үчүн жалпы иш планын түзүүгө жана иштин артыкчылыктуу багыттарын аныкташына мүмкүнчүлүк берди».

Социалдык педагогдун отчету тексттик материал түрүндө да, таблица түрүндө да берилиши мүмкүн.

**Тексттик отчеттун** мындай бөлүктөрү болушу мүмкүн:

1. Социалдык-педагогикалык иштин багыттары (кеп-кеңеш берүү, диагноздоо, долбоор түзүү ж.б.).
2. Социалдык педагогдун маселелерди таап чыгышы.
3. Отчеттук мезгилдеги иш.
4. Көйгөйлүү кырдаалдарды баяндоо жана алардын чечилиши.

Эгер социалдык педагог отчеттун **таблица түрүн** тандаса, ал мындай бөлүктөрдөн турат: план боюнча иш-чара, күтүлгөн натыйжа, иш-чаранын аткарылышы боюнча социалдык педагогдун кадамдары, иш жүзүндөгү натыйжа, б.а. аткарылгын иштин натыйжасындагы жетишкендиктер

(кемчиликтер); эскертүүдө социалдык педагог туш болгон кыйынчылыктар, маселелер жана аларды чечүүнүн жолдору белгиленет (тиркемеде отчеттун түрү жана социалдык педагогдун башка документтеринин түрлөрү бар).

*Аналитикалык отчеттун болжолдуу түрү*

**№ 1-таблица**

**ТАЛДОО ОТЧЕТУ**

_______________ жылдын _____________ айы үчүн иштин отчету

Уюмдун аталышы:

Аткаруучу:

| № | План боюнча иш-чаралар | Күтүлгөн натыйжа | Мөөнөт | Эмне аткарылды | Иш жүзүндөгү натыйжа | Эскертүү (көйгөйлөр, сунуштар) |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Мектеп окуучуларынын социалдык паспортторун түзүү | Социалдык паспорттор түзүлдү. | Сентябрь | 1. Окуучулардын өздүк иштери (делолору) иликтенди. | ... окуучулардын социалдык паспорттору түзүлдү. | Төмөнкү окуучулардын ата-энелери менен иштешүүдөгү кыйынчылыктар: ... . |
| 2. | Посещение обучающих тренингов | Иш үчүн маалымат жана таркатма материал алуу. | Август | 2. Төмөнкү окуучулардын үйүнөн кабар алынды:<br>1. ...<br>2. ...<br>3. ...<br>Класс жетекчи жардамга чакырылды.<br>Тренингдин ишине катышты | Топ менен иштин жол-жобосун үйрөндү, таркатма материалды тутумдаштырды жана аны окуучулар менен иштөөдө пайдаланды. | Мындай түрдөгү иштерди жүргүзүүнүн убактылуу алкагын кеңейтүү керек |

Социалдык педагог ________________________________________

## 2.3. Социалдык педагогдун иш усулдары

Өз ишмердигинде социалдык педагог инсанга жана топко таасир этүүнүн жана иликтөөнүн ар кандай усулдарын (методдорун) колдонууга тийиш. Грек тилинен которгондо «метод» деген сөз «жол», «ыкма, усул» дегенди билдирет. Ошентип, усул – бул максатка жетүүнүн ыкмасы. Социалдык-педагогикалык таасирдин натыйжасы да көбүнчө усул тандоого жараша болот. Бала менен иш алып барууда социалдык педагог колдонгон усул баланын маселеси, анын жеке

өзгөчүлүктөрү, үй-бүлөлүк өз ара мамилелеринин абалы, адистин өзүнүн мүмкүнчүлүктөрү ж.б. эске алуу менен аныкталат.

Практикалык ишмердикте социалдык педагог бул усулдарды колдонот:

- инсанды, үй-бүлөнү, коомду изилдөө жана диагноздоо усулдары;
- аң-сезимди калыптандыруу усулдары кирген тарбия усулдары (аңгемелешүү, баарлашуу, түшүндүрүү, талашып-тартышуу, лекция); ишмердикти уюштуруу усулдары (педагогикалык талап, коомдук пикир, көнүгүү, чыгармачыл оюн, муютуу, кызыктыруу жана иш-аракетке катыштыруу, өрнөк көрсөтүү ж.б.);
- социалдык-психологиялык жардам берүү усулдары (психологиялык кеп-кеңеш берүү, социалдык-психологиялык тренинг жана аутотренинг, ишкер оюн ж.б.);
- уюштуруучу-жайгаруучу усулдар (нускамалоо, чек-ченем белгилөө, аткарууну көзөмөлдөө жана текшерүү, сындоо ж.б.).

Маалымат топтоону жана анализдөөнү камтыган изилдөө менен диагноздоо усулдарына токтолобуз. Социалдык педагогдун ишинин бул баштапкы баскычынын жүрүшүндө окуучулардын муктаждыктары жана кызыкчылыктары, чыр-чатак маселелери жана себептери, жүрүм-турумдагы, өз ара мамиледеги терс жагдайлар, инсаний мүнөздөмөлөр ж.б. аныкталат. Балага жардам берүү үчүн эң мурда социалдык педагогго баланын жагдайы менен абалын баалап, көйгөйлөрдү байкоо жана түшүнүү зарыл. Бул үчүн уга жана сурай билүү, байкоо жана аңгемелеше билүү талап кылынат. Изилдөөчү усулдардын ичинен байкоо усулу бир кыйла көп колдонулат.

**Байкоо** – максаттары менен милдеттери маанилүү, текшерилип, көзөмөлгө алууга мүмкүн болгон процесстерди, кубулуштарды, кырдаалдарды, фактыларды багыттуу, тутумдуу, тикедентике кабыл алууга жана каттоого негизделген баштапкы маалыматты топтоо усулу. Байкоо баланын жүрүм-турумундагы көрүнүштөрдү иликтөө үчүн пайдаланылат. Баланын инсанынын өзгөчөлүктөрүн аныктоо үчүн социалдык педагог өзүнүн байкоо жүргүзүү, жүрүм-турумдук жооп аракеттерди белгилөө жана алардын социалдык маанисин туура чечмелөө жөндөмүн өнүктүрүшү зарыл. Байкоонун мындай түрлөрү бар: *бейформал байкоо* – байкоонун натыйжалары эркин түрдө белгиленип, баалоонун сапаттык көрсөткүчтөрү; *түзүмдүк байкоо* – байкоочу натыйжаларды катуу, так берилген формада белгилейт, муну менен катар аларды сандык усулдар менен талдоого болот; *катышып байкоо* – адис кишилер менен байланышып, болуп жаткан окуяларга түздөн-түз катышат. Адатта натыйжалар эркин түрдө баяндалат.

*Байкоо* усулун колдонууда төмөнкү талаптарды мүмкүн болушунча толугураак сактоо зарыл:

1. Байкоонун бир кыйла маанилүү объекттерин жана баскычтарын бөлүү менен байкоо программасын алдын-ала белгилөө.
2. Бул же тигил психикалык кубулушту байкоону ар кандай кишилер менен жүргүзгөн оң. Атүгүл иликтөөнүн объекти конкреттүү киши болсо дагы, башкалар менен салыштыруу аркылуу гана аны жакшы жана терең аңдап-таанууга болот.
3. Байкоону кайталап, ал эми инсанды иликтөөдө тутумдуу жүргүзүү керек. Ал уланмалуу болушу шарт, тактап айтканда, кайталап байкоолордо мурдагы жүргүзүлгөн байкоолордо алынган маалыматтарды эске алынышы керек.

Социалдык педагогдор кеңири колдонгон сурам, сөз усулдарынын ичинен анкетаны, аңгемелешүүнү, маекти (интервьюну) бөлүп көрсөтүшөт. Маалымат топтоонун кийинки тартуу усулдары көмөк алуучу менен ишенимдүү мамиле түзүүгө мүмкүндүк берет.

**Анкета.** Суралуучу суроолор тизмегин өз алдынча толтурат. Бул усул башка усулдарга салыштырмалуу көп кишилерди камтууга ыңгайлуу. Аны тигил же бул кубулуштардын типтүүлүгү тууралуу тыянак чыгарууга өбөлгө түзүүчү натыйжаларды алуу үчүн колдонууга болот, айрым учурларда анкетанын мазмуну белгилүү маселеге байланыштырылышы мүмкүн.

**Аңгемелешүү** – балдар менен иштөөдө маалымат топтоонун эң кеңири таралган усулу. Ал тараптардын түздөн-түз жигердүү катышуусуна жана маалыматты түзөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. Аңгемелешүү жекече жана жамааттык болушу мүмкүн. Иликтөө усулу катары аңгемелешүү белгилүү даярдыкты талап кылат: так план түзүү, аңгемелешүүнүн негизги максатын аныктоо жана сүйлөшүүнүн предмети менен объектин терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк бере турган ыкты колдонуу зарыл. Аңгемелешүүнүн максатка жетиши көбүнчө социалдык педагогдун ишеним пайда кылгандыгына жараша болот.

**Маек (интервью)** аңгемелешүүнүн бир түрү болуп, анын жүрүшүндө респондент интервью алуучунун (суроо берген кишинин) суроолоруна оозеки жооп берет, интервью алуучу жоопторду жазып турат. Маек жекече жана топ менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Жүргүзүү ыкмасы боюнча интервью көзмө-көз, телефон аркылуу же электрондук түрдө берилиши мүмкүн. Интервью формалдаштырылган (суроолордун берилиши жана ырааттуулугу катуу тартипке салынган) же формалдуу эмес болушу мүмкүн – мындайда суроолорду жана алардын ырааттуулугун өзгөртсө болот.

**Тестирлөө (***англ.* «тест» – 1. тапшырма, 2. сыноо) – көмөк алуучунун айрым бир психофизикалык жана инсаний мүнөздөмөлөрүн, билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк берген стандартташтырылган тапшырмаларды аткарууга ылайыкталган усул.

**Документтерди анализдөө усулу –** эң кеңири таралган жана эң көп колдонулуучу усулдардын бири. Социалдык педагог окуучунун өздүк документтерин, мүнөздөмөсүн ж.б. менен иликтейт, социалдык байланыштарын тактайт.

---

Класстагы окуучулар ортосундагы жеке мамилелерди иликтеп-үйрөнүү үчүн бул суроолорго жооп алуучу *социометрия усулун* (*№ 3-тиркеме)* колдонууга болот:

- Кайсы окуучу классташтарынын арасында көбүрөөк таанымал жана урмат-сыйга ээ? Эмне үчүн?
- Кимиси аз таанымал? Эмне үчүн?

Жакын мамиледе жүргөн окуучулардын тобун өзүңөрчө айырмалагыла. Аларды эмне байланыштырышы мүмкүн?

*Даражалоо (рангалоо)* усулун колдонуп, жөнөкөй тапшырма аткарууда өз байкоолоруңузду текшериңиз. Ар бир окуучу үч карточка алат: «Өзүңө ишенимдүү дос танда», «Көз карашын сен үчүн маанилүү болгон классташыңды танда», «Жакында жүрүшкө чыгабыз, ошондо бир чатырда турууга классташыңды танда». Жоопторду анализдеңиз. (Топтун социометрикалык курулмасы *тиркемеде* берилген). Жоопторго *ашкере* маани бербестен, аларды өз байкооңуз менен салыштырыңыз. Бул окуучулар ортосундагы жеке мамилелерди анализдөө жөндөмүңүздү баалоого; класстын «жылдыздары» менен «бөлөктөлгөндөрүн» көрүүгө; түрдүү жагдайларды түшүндүрүүчү себептерди талдоого; бул жагдайлар балдардын жүрүш-турушунда кандай чагыларын түшүнүүгө; класста басмырланышы же обочолонушу ыктымал болгон балдардын абалын өзгөртүү үчүн эмне кылуу керектигин ойлоого мүмкүнчүлүк берет.

---

## 2.4. Маек жүргүзүү усулу

Социалдык кызматкер сыяктуу эле социалдык педагог да маекти туура жүргүзүү жолун билиши зарыл. Ылайыктуу усулду натыйжалуу колдонуу үчүн белгилүү көндүмөр зарыл.

**Аңгемелешүүгө/маекке даярдануунун жана жүргүзүүнүн болжолдуу алгоритми**

1. Аңгемелешүүнү пландаштырыңыз.
2. Аны кайда өткөрсө жакшы болорун ойлонуңуз.
3. Кантип отуруу керек: сүйлөшүүгө тоскоол болор нерселерди азайтууга аракеттениңиз.
4. Өзүңүздү тааныштырыңыз.
5. Эмне үчүн келгениңизди/кандай максатта маектешэриңизди түшүндүрүңүз.
6. Кандай отуруу керектигин эстен чыгарбаңыз.
7. Сөз тандоону, кандай үн менен сүйлөөнү эстен чыгарбаңыз.
8. Көңүл коюп, ынтаа менен угуңуз.
9. Маектешиңизге суроолорду ыкчам берип туруңуз.
10. Тажатма сөздөрдү (клишелерди) колдонуу опурталдуу экендигин унутпаңыз.
11. Жаргон сөздөрдү колдонбоңуз.
12. Карама-каршылыктарды тактаңыз.
13. Көмөк алуучунун турмуштук тажрыйбасын эске алыңыз.
14. Аңгемелешүүнүн аягында так план иштеп чыгыңыз.
15. Тараптардын жоопкерчилигин аныктаңыз.

### Биринчи жолугушуу

Көмөк алуучу менен биринчи жолугушуунун орчундуулугун эсиңизден чыгарбаңыз. Бул үчүн адегенде телефон чалышыңыз, көмөк алуучу сиздин кеңсеге келиши же социалдык педагогдун/социалдык кызматчы көмөк алуучунун үйүнө барышы мүмкүн. Биринчи жолугушуу чечүүчү мааниге ээ болот. Ал кызматкер, уюм жөнүндө көмөк алуучунун түшүнүгүнө таасир этип, сиздердин андан аркы мамилеңиздерге жол ачат. Мисалы, эгер көмөк алуучу телефондо же көзмө-көз биринчи сүйлөшкөн кызматкер – социалдык кызматкер же жетекчиликтин өкүлү – орой, суз мамиле кылса, анда көмөк алуучу бүтүндөй уюм ушундай иштейт экен деп ойлоп калат. Команданын бардык өкүлдөрү алар бүткүл уюмдун атынан сүйлөй тургандыгын аңдап-түшүнүшү абзел.

Көмөк алуучу менен биринчи жолукканда, сиз буларды унутпаңыз:

- өзүңүздү тааныштырууну, мүмкүн болсо атүгүл кызматтык күбөлүгүңүздү көрсөтүүнү;
- ким экениңизди түшүндүрүүнү;
- кайдан келгениңизди түшүндүрүүнү;
- сиздердин уюмдун максаттарын түшүндүрүүнү.

Эгер көмөк алуучу сизге өзү кайрылбай, ал тууралуу башка бирөө кабарлаган болсо, сиздин көмөк алуучуга киришиңизди ким жана эмне себептен суранганын сөзсүз түшүндүрүңүз, бирок сизге маалымат берген киши зыян тартпагыдай болсун.

### Маекти пландаштыруу

Маекти алдын-ала пландаштырууну унутпоо керек. Анан өзүңүз бул суроолорго жооп бериңиз:

- Маектин максаты эмне?
- Сиз кандай маселерди козгогуңуз келип жатат?

- Бул маектешүүдөн сиз эмнеге жетишкиңиз келет?
- Сиз буга кандай киришесиз?
- Эгер маекке эки киши катышса, ар биринин ролу кандай?
- Кандай кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн жана сиз аларды кантип жеңесиз?

**Маек жүргүзүү орду**

Маекти кайда жүргүзө турганыңызды ойлонуңуз. Эгер кеңседе болсо, тынч, жайлуу, обочо жерди табууга аракет кылыңыз. Эгер сиз көмөк алуучунун үйүнө бара турган болсоңуз, ал кимди көрүүнү каалары эсиңизге тутуңуз. Эгер үйдө/батирде киши көп болсо, көмөк алуучуга алардын кетишин сурануу ыңгайсыз болушу мүмкүн. Өзүнчө сүйлөшүү мүмкүнчүлүгүн сиз өзүңүз табышыңыз керек. Маселен, сиз көмөк алуучуга сейилдеп келүүнү сунуш кылсаңыз же башка убакта жолугушууну макулдашсаңыз болот.

Отурган орундуктарга көңүл бурууну унутпаңыз. Эгер сиз маекти кеңседе жүргүзсөңүз, баарлашууга кедерги болуучу нерселерди азайтыңыз (мисалы, сиз менен көмөк алуучунун ортосунда стол жок; отурган үстөлүңүздөрдүн бийиктиги бирдей болсун).

Эгер сиз көмөк алуучунун үйүнө барсаңыз, отурар ордуңуз чектелиши мүмкүн. Бирок ошентсе да баарлашууга кедерги боло турган нерселерди кантип азайтууга болорун ойлонуңуз. Маселен, алыстан сүйлөшпөө үчүн көмөк алуучунун жанында отурууга аракет кылыңыз.

**Маек жүргүзүүдө** көмөк алуучуга төмөнкү иш-аракеттердин ***себептерин*** түшүндүрүүнү унутпаңыз:

- маселен, үй-бүлөсүнүн аты-жөнү, даректери, туулган айы-күнү ж.б.у.с. жөнүндө маалымат топтойсуз – бул сизге үй-бүлө абалын түшүнүү жана анын мүчөлөрү менен алдыдагы ишти пландаштыруу үчүн керек;
- аңгемелешүүнүн жүрүшүн жазып турасыз – бул зарыл маалыматтарды так эстеп калуу үчүн керек.

Жогоруда айтылган заттык тоскоолдуктардан башка да көмөк алуучу менен социалдык кызматчынын ойдогудай баарлашуусуна кедергиси тийиши ыктымал ***тоскоолдуктар*** болорун унутпаңыз. Мисалы:

- көмөк алуучунун сезимдери (ал кайгыга батып, коркуп же ачууланып отурган болушу мүмкүн);
- бул сезимдердин баарлашууга тийгизген таасири: сүйлөгүсү келбегендиги, толкундануусу, окуяларды ар башкача баяндашы;
- көмөк алуучу социалдык кызматкер менен аңгемелешүү учурунда кысынышы, эки анжы болушу мүмкүн (маселен, кызматкердин коомдук абалына байланыштуу).

Ушул ыктымал тоскоолдуктарды эске алуу менен маекти натыйжалуу уюштуруу ыктарынын бири – көмөк алуучу өзүнө болгон урмат-сый мамилени сезип-туйгудай, кырдаалга кызыктыргыдай ***шарт-жагдайды түзүү***. Буга төмөнкү ыкмаларды колдонуу менен жетүүгө болот:

- ээн-эркин отурганды унутпаңыз, бирок креслодо чалкалабаңыз, эч качан корунуп же каршылашуучудай болуп да отурбаңыз.
- маек учурунда кандай үн менен сүйлөгөндү унутпаңыз – үнүңүздө кастык, күнөөлөө, коркутуу сезилбегендей болсун.

***Бүт дилгирлик менен, көңүл коюп угуу*** – социалдык педагогдун негизги билгичтиктеринин бири, ал буларды камтый:

- маектештин көзүн көрүп туруу (бирок көз караш кыжырды келтирбеши керек);
- көмөк алуучунун сөзүн кунт коюп, кызыгуу менен уга турганыңызды көрсөтүүчү сырдык сөздөрдү (мисалы: м-м, и-и) жана ишааратты (баш ийкөө) пайдалануу;
- көмөк алуучунун эмне айтканын эле эмес, кантип айтканын да көңүлгө тутуу. Ал колдонгон сөздөрүнүн маанисине, анын үнүнө, туруш-турпатына, каш-кабагына көңүл буруңуз.

Маек учурунда катышуучулардын көңүлүн суроолорго буруңуз. Маектеги суроолор көп максат менен берилерин, мисалы:

- маалымат алуу;
- көмөк алуучунун сезим-туюм, ой-пикирлерин билүү үчүн берилерин эсиңизден чыгарбаңыз.

***Натыйжалуу сурай билүү*** керектигин унутпаңыз. Төмөнкү усулдарды колдонгондо, социалдык кызматкерлер жөндөмүн өркүндөтө алат, ошондо алардын суроо узатышы эч качан суракка алууга же айыптоого окшобойт. Туюк суроолордон көрө ачык суроолорду мүмкүн болушунча көп колдонуңуз. Маселен, «Сиз ачууландыңызбы?» – дебей, «Сиз өзүңүздү кандай сездиңиз?» – деп сураганыңыз жакшы, анткени көмөк алуучунун жооп берүү мүмкүнчүлүгү кенен болот.

«Эмне үчүн?» – деген суроону өтө көп колдоно бербеңиз, анткени кишинин купуя сырын да айттырууга аракеттенгендей же кээде опузалагандай көрүнүшүңүз мүмкүн. Суроолорду бирбирден берип, жообун укмайынча экинчисине өтпөй коё туруңуз, көмөк алуучунун ойлонушуна убакыт бериңиз. Эгер бир эле учурда бир канча суроо берсеңиз, акыркы суроону берип жатканда көмөк алуучу сиздин биринчи суроoңузду унутуп коюшу мүмкүн.

Сүрөмөлөөчү суроолорду бербеңиз – көмөк алуучу сиздин айтканыңызга макул болуш керек окшойт деп ойлошу же ачууланышы мүмкүн. Маселен, «Буга сиз катуу капаландыңыз, туурабы?» – бул сүрөмөлөөчү суроо, ал эми «Сиз буга кандай карайсыз? – деп сураганда, жооп бир эле багыт менен чектелбейт.

Мурдагы суроого жооп алар замат кийинкисине өтүүгө шашылбаңыз. Маек натыйжалуу болсун үчүн сизге суроолор боюнча колдон келишинче көбүрөөк жооп алышыңыз зарыл экендигин унутпаңыз. Маек – суроолор тизмеги эмес, «максаттуу сүйлөшүү» десек көбүрөөк туура болот.

Көмөк алуучулар менен алардын жагдайларына тиешелүү сенек көз карашка, божомолдорго алданбаңыз. Сенек көз караш (стереотип) үстүрт, так эмес баа берүүгө жана чечим кабыл алууга себеп болот. Иргеп угуу жана «жакшы таасир» да азгырма келет. Көмөк алуучу жөнүндө кандайдыр бир пикирге келгениңизде, ошого туура келет деп ойлогон нерселерди гана угуп, башка сөздөргө көңүл бурбай калышыңыз же сенек көз карашка тууралап бурмалашыңыз ыктымал. «Жакшы таасир» биз «өзүбүзгө окшош» көмөк алуучуну жолуктурганда, көмөк алуучу тууралуу дурус пикирлерди ырастоочу нерселерди көрүп-угуп, биздин мындай элестетүүбүзгө шайкеш келбеген нерселерди этибар албаганда жаралат.

Көмөк алуучунун айтаар сөзүн алдын ала билүүгө шашпай, анын ойлонуп жооп беришине убакыт бериңиз.

Жаргон сөздөрдү колдонбоңуз, туура жана түшүнүктүү тилде сүйлөңүз. Айтканыңызды көмөк алуучу түшүнгөнүнө көзүңүз жетсин.

Көмөк алуучунун айтканын кайталоонун эки пайдасы бар: биринчиден, бул толугураак айтып берүүгө дилгирлентет, экинчиден, сиздин туура түшүнгөнүңүздү аныктоого мүмкүндүк берет.

Чын ыкластуу болуңуз – эгер сиз бир нерсени түшүнбөй калсаңыз, көмөк алуучудан түшүндүрүп берүүнү өтүнүүдөн тартынбаңыз. Эгер көмөк алуучу мурдагы пикирине таптакыр кайчы келген нерсе айтса, муну эсиңизге түйүңүз:

- мындай ачык карама-каршылыкты этибар албай койбоңуз – бул теманы иликтөө менен сиз көмөк алуучунун айтканын жана жагдайын жакшы түшүнүүгө жетишесиз;
- сөздөрүңүз, үнүңүз жана кабак-кашыңыз сүйлөшүп жаткан адамды айыптагандай болуп, кебетеңиз да агрессиялуу көрүнбөсүн;
- көз көрүнөө карама-каршылыкка эмне алып келиши мүмкүн экенин ойлонуңуз, маселен: көмөк алуучу оңтойсузданып же чаташып калгандыр? Көмөк алуучу сизге чындыкты айткандан коркот чыгар? Кайсы бир учурда сиз анын сөзүн түшүнбөгөндүрсүз?

Эгер көмөк алуучу кандайдыр бир көйгөй тууралуу кыйытып айтса, сиз муну этибарга албай койбоңуз. Көмөк алуучу (өзү каалаavailableса) толугураак айтып бериши үчүн кийинчерээк ошол маселеге да кайрылыңыз. ***Көмөк алуучунун турмуш жагдайын*** түшүнүү баарынан зарыл экендигин унутпаңыз. Көмөк алуучунун жагдайга байланышкан оюна каршы пикир айтып койгонуңуз эле жарабайт. Андан көрө көмөк алуучунун жагдайды кандай түшүнөрүн талкууласа, иш кыйла натыйжалуу болот. Алсак, көмөк алуучунун айтышынча, анын балдары «эч качан кеп укпайт». Түздөн-түз жокко чыгаруунун («Эмне үчүн эч качан дейсиз, ал азыр жакшы эле болуп турбайбы?») ордуна кырдаалды тереңирээк талдап, көмөк алуучунун минтип айтышына эмне себеп болгонун аныктоо таасирдүүрөк болот. Анын бала менен мамилеси кандай? Баланын жүрүм-турумун көмөк алуучу кандай кабыл алат? Балким көмөк алуучу өзүн чабал, керексиз ата/эне катары сезээр, өзүнө ээ боло албай калып, баласын сабап салам деп коркуп жүргөндүр. Социалдык кызматкер көмөк алуучунун шартын түшүнө баштагандан кийин гана ага башка кеңеш айтса болот. Маселен, баланын жүрүм-турумун анын каалоосу жана турмуштук тажрыйбасы менен, ата-энесинин муну кандай кабылдап жаткандыгы менен байланышта түшүнүү керек. Ушундан кийин гана, кырдаалды жаңыча түшүнүүгө таянып, социалдык кызматкер баланын жүрүм-турумуна таасир этүү ыкмаларын талкуулай баштаса болот.

**Маекти кантип аяктоо керек**

Сизге дагы, көмөк алуучуга дагы мындан ары эмне кылуу керектиги белгилүү болгондугуна ынаныңыз. Эгер белгилүү болсо, ким, эмнени жана качан кылышы керек?

Көмөк алуучу сиздин атыңызды, сиздердин уюмдун аталышын, дарегин жана уюмдун телефон номерин жазып алгандыгына көзүңүз жеткендей болсун.

Эгер алдыда иш пландаштырыла турган болсо, социалдык педагогдун көмөк алуучу менен кийинки жолугушуусун так сүйлөшүп, күнү менен убактысын аныктап алган оң. Эгер азырынча эч кандай иш пландаштырылбаса, көмөк алуучу каалаган учурда сиз менен байланыша аларын билгени өтө маанилүү.

## 2.4. Үйгө барып байкоо

Үй-бүлө менен иштешүү – бул социалдык педагогдун ишмердигинин бир түрү. Социалдык педагог ата-энелер жана алардын балдары менен жекече иш алып баруу менен: үй-бүлө менен максаттуу багытта иштешүүгө, үй-бүлөлүк тарбиянын шарттарын иликтөөгө, үй-бүлө алака кылган адамдар менен таанышууга, үй-бүлөнүн бейжайлыгынын себептерин аныктоого тийиш. Социалдык педагогдун бул баскычтагы ишинин максаты асыроого жана камкордукка муктаж

болгон балдарды аныктап-табуу жана аларга керектүү жардам көрсөтүү. Ата-энелердин же балдардын социалдык, психологиялык, медициналык жана укуктук көйгөйлөрү пайда болгондо, социалдык педагог социумдагы бул үй-бүлө үчүн колдоонун түрдүү (психологиялыктан баштап экономикалык жана юридикалык колдоого чейин) формаларын уюштуруу үчүн башка адистерди да тарта алат.

Баланын өсүп-жетилиши жана анын жыргалчылыгы үй-бүлөгө жараша болот, ошондуктан үй-бүлө жана аны алмаштыруучу камкорчулар да мүмкүнчүлүктүн болушунча тарбиялоо процессине тартылышы абзел.

Ата-энелер же үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү менен баарлашуу да балдар менен баарлашуудагыдай эле көндүмдөрдү талап кылат:

- уга билүү;
- айтылгандар түшүнүктүү болуп жатканын анык билүү;
- кыйынчылыктарды аңдап-билүү жана дилгирлик;
- колдоону камсыз кылуу жана өз убагында кеңеш бере билүү.

**Үй-бүлө менен таанышуу**

Балдарды тарбиялоодогу ар кайсы үй-бүлөнүн көз карашы, ык-эрежелери жана артыкчылык берген баалуулуктары ар кандай болот. Баарлашуу ийгиликтүү болушу үчүн муну түшүнүү зарыл. Көбүнчө ата-энелер өз жамаатынан (өздөрү ишенген) кимдир бирөө менен баарлашууну жактырышат; кээде тескерисинче, жат адамдар менен сүйлөшкөндү туура көрүшөт.

**Ишенбөөчүлүк жана шектенүү**

Үй-бүлөлөр балдарынын тарбиясына башкалардын аралашуусун анча жактыра беришпейт. Чыр-чатак же табигый кырсык учурунда адамдарда ишенбөөчүлүк жана шектенүү күчөйт. Сизге ишенсе боло тургандыгына жана маекте айтылгандардын баары купуя сактала тургандыгына ынандырышыңыз керек.

**Биз эмне тууралуу сүйлөшөбүз?**

Сөз:

- үй-бүлө мүчөлөрү;
- балдардын ден соолугу жана окуусу;
- турак-жай жана иш;
- чыр-чатактын /табигый кырсыктын үй-бүлөгө тийгизген таасири;
- азыркы учурда балдарды тарбиялоодогу кыйынчылыктар;
- замандын түйшүктөрү жана жан кейиткен кырдаалдар жөнүндө болушу мүмкүн.

**Маселелерди чечүү стратегиясы**

Албетте, балдар маселесинде ата-энелерди күнөөлөгөндүн ордуна баланы тарбиялоо өтө татаалдыгын (айрыкча социалдык апаат мезгилинде) аңдап-түшүнүү бир кыйла жемиштүү болмок. Социалдык педагог кыйын кырдаалдарда чечимди бирге иштеп чыгуу туура болорун түшүндүрө алышы керек. Бала асырап алгандар жана балдар үйлөрүнүн тарбиячыларына да ушундай эле ык менен мамиле түзүү зарыл. Кыйын учурларда балдарга жардам берүү ыкмаларын үй-бүлөлөр же асыроочулар менен бирге пландаштырууга аракет кылыңыз, анткени эгер алар сиз айткан кеңештерге макул болбосо, аткарбайт. Демек алардын көз карашын, кыйынчылыктары менен каалоолорун аныктоо үчүн кандайдыр убакыт талап кылынат. Үй-бүлөдө балага карата чы-

гарылган чечимдерге ким жооп берерин түшүнүү менен ал кишинин талкууга катышаарына көзүңүз жеткидей болсун. Сиз анык кырдаалда үй-бүлө мүчөлөрүнүн жүрүм-туруму жөнүндө тыянак чыгарарыңызда үй-бүлөнүн идеяларын, чыгармачылыгын жана мыкты жактарын эске алышыңыз керек.

### Терс сезимдерге мамиле

Кээде үй-бүлөдөгү чыңалуу жана пикир келишпестик (маселен, асыроочулардын балага болгон сезимдери тескери болгондо же үй-бүлө мүчөлөрүнүн тарбиялоого карата көз караштары ар башка болгон учурларда) балага көмөктөшүүнү татаалдантат. Көп үй-бүлөлөрдө пикир келишпөөчүлүк бардыгын жана көбүнчө балдарга жаман мамиле кылышарын моюнга алышыбыз керек, бирок биз кимдир бирөөнүн тарабын албастан, үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрү менен жакшы мамилени сакташыбыз керек. Тилекке каршы, бул дайым эле мүмкүн эмес. Бала менен үй-бүлөнүн жакшы жактарын табууга аракет кылыңыз жана алардын негизинде мамиле түзүңүз.

**Маектин баскычтары**

**I. Байланыш түзүү**

Таанышкан кезде өзүңүздү кандай тутсаңыз, үй-бүлө сиз менен ошого жараша жакшы же начар сүйлөшөт.

*Максат* – көмөк алуучу менен эмоциялык байланыш түзүү; көмөк алуучунун аты-жөнүн туура айтабыз.

*Милдет* – көмөк алуучуну өзүбүзгө тартуу.

**II. Маалымат топтоо**

*Максат* – темага тиешелүү маалымат топтоо жана көмөк алуучунун максатын түшүнүү.

*Милдет* – көмөк алуучунун маселесин чечүүдө алгылыктуу мүмкүнчүлүктөрдү аныктоо.

Көңүл коюп угуу усулу колдонулат. Көбүнчө төмөнкүдөй ачык суроолор берилет:

а) көмөк алуучуга болгон кызыгууну чагылдыруучу;
б) бир кыйла татаал, көмөк алуучунун ой жүгүртүүсүн талап кылуучу;
в) маектин аягында:

- жаш курагы;
- үй-бүлөлүк абалы, турак-жай шарты;
- кесиби же алектенген иши;
- үй-бүлө мүчөлөрү тууралуу;
- жашоо таризи тууралуу маалымат сыяктуу формалдуу суроолор такталат.

**III. Каалаган натыйжага жетишүү**

*Максат* – эгер тигиндей же мындай өзгөрүүлөр болуп жатса, көмөк алуучунун турмушунда эмне болуп жатканын түшүнүшүнө жардам берүү.

**IV. Альтернативдүү чечимдерди иштеп чыгуу**

*Максат* – көмөк алуучу менен чечимдин түрдүү варианттарын талкуулоо, анын каршы пикирин эске алуу жана алгылыктуу башка чечим табуу.

**V. Өз ара аракеттешүүнүн жыйынтыктарын жалпылоо. Байланышты аяктоо**

*Максат* – маектин мурдагы баскычтарынын жана өз ара аракеттешүүнүн жыйынтыктарын жалпылоо.

*Милдеттер:*

1) көмөк алуучунун ой-пикиринин, сезимдеринин жана аракеттеринин өзгөрүшүнө көмөктөшүү;
2) үй-бүлөгө сый-урмат көрсөтүү, көмөк алуучуга жакшы таасир калтыруу менен байланышты аяктоо.

Үй-бүлөлөрдүн үйүнө баруу социалдык педагогго алардын мүчөлөрү менен жакын таанышууга, аларды демейки, ээн-эркин жагдайда көрүүгө, үй-бүлөнүн жашоо таризин, ыгын түшүнүүгө мүмкүндүк берет (үй-бүлө кантип жашайт, анын социалдык мүдөөлөрү, адеп-ахлак мамилелер тутуму, руханий байлыктары, бири-бири жана айланасындагы адамдар менен мамилелери, үй-бүлөлүк салттары, ата-энелердин педагогикалык билими, баланын жаш курагына жана тарбиялоонун максаттарына ылайык үй-бүлөдө балдардын турмуш-тиричилигин уюштура билүү жөндөмү кандай?). Үйгө барганда социалдык педагог натыйжалуу байланыш түзүү көндүмдөрүн пайдалануу менен байкоо, маек жана аңгемелешүүнүн түрдүү усулдарын колдонот.

**Социалдык педагогду эмне кызыктырууга тийиш?**

***а) Балдардын же бөбөктүн жашоосунун тирлик шарттары***

- Үйдөгү тартип жана тазалык.
- Үйдү иретке келтирүү боюнча (жумуш жана дем алыш күндөрү) үй-бүлөдө милдеттер (демейдеги жана убактылуу) кандай бөлүштүрүлгөн?
- Балдар менен чоңдор биргеликте эмне кылышат?
- Азык-түлүктү үйгө ким алып келет? Бала оор нерселерди көтөрбөйбү?
- Баланын үйдөгү коопсуздугу кандай? (ал газды, мешти ж.б. пайдаланганды билеби)?
- Бала каерде уктайт?
- Үй тапшырмасын аткарууга анын жайы барбы? Ойногонгочу? Баланын курагына ылайык келе турган оюнчуктары барбы?
- Баланын рухий өсүшү үчүн үйдө китептер барбы?
- Баланын гардеробу барбы?
- Ата-энелер балага өзүн-өзү тейлөө көндүмдөрүн калыптандырууга (өз алдынча ичип-жегенге, кийин жыйнаштырганга, короо шыпырганга ж.б.) аракет кылышабы?
- Бала өздүк гигиенаны (тамактын алдында жана ажаткана баргандан кийин кол жууш, эртең менен жана кечинде тиш тазалоо, эртең менен жуунуу, кыздардын күн сайын кечинде чурайларын жуушу, жок дегенде жумасына бир жолу ваннага же душка түшүү, же мончого баруу талаптарын) сактайбы?
- Балдардын кийимдери тез-тез жуулабы? Чоңдордун кийимдеричи? Баланын эң зарыл кийимдери барбы?
- Үй-бүлө чогуу тамактанабы?
- Баланын азыгынын рационун эмне түзөт?
- Баланын күн тартиби кандай?
- Бала үйдө дары-дармек бардыгын жана аны кантип пайдаланууну билеби?

***б) Үй-бүлөдөгү өз ара мамилелер***

- Ата-энелер ортосундагы мамилелер
  - Ата-энелер ортосундагы мамилелер сүйүү сезимине, урмат-сыйга, өз ара түшүнүүчүлүккө же жек көрүүгө, бири бирине болгон кош көңүлдүккө, агрессияга негизделгенби?
- Ата-энелер менен балдар ортосундагы мамилелер
  - Тең укуктуу (акылга сыйган сүйүү, урмат-сый жана талаптуулук).
  - Өкүмчүл (балдарды эзүү, алардын эркин басмырлоо).
  - Балдардын ашкере эркелетүү, талаптуулуктун жоктугу.
  - Балдарга такыр кайдыгерлик.
- Балдар ортосундагы мамилелер
  - Балдар менен кыздар ортосундагы.
  - Улуу балдар менен кичүүлөр ортосундагы.

– Майыптар жана майып эместер ортосундагы.
– Туугандар жана тууган эместер ортосундагы.

- Үйдөгү жалпы үй-бүлөлүк атмосфера кандай?
  - – Үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирине кандай мамиле кылышат? (Жакшы көрүп, урмат-сый менен, кайдыгер, орой.)
  - – Ата-энелер балдарын улууларды урматтого кантип тарбиялашат?
  - – Ата же эне балдарынын көзүнчө өз беделин кантип бекемдейт? (Сабашат, балдары менен сүйлөшүшөт же өздөрүнүн жүрүш-туруштары ж.б. менен үлгү болушат.)
  - – Кайсы маселелерди ата-энелер балдары менен талкуулоого болот деп санашат? Аларды сылыктыкка, адептүүлүккө кантип үйрөтүшөт?
  - – Ата-энесинин баласы кызыккан нерселерден, анын жетишүүлөрүнөн кабары барбы, достору же ал баарлашып жүргөн жамааты менен таанышпы?
  - – Ата-энелер мектепке канча жолу барып турат? Баланы алдын ала текшерүүгө же зарылчылык боюнча медициналык мекемелерге канча жолу алып барышат?
  - – Бош убактыларын кантип өткөзүшөт: биргеби же бөлөкпү, эмне менен алек болушат? Телевизордон кайсы фильмдерди көрүшөт? Балдарды уктоого саат канчада жаткызышат?
  - – Балдар ата-энелерине үй жумуштары боюнча жардам беришеби?
  - – Ата-энелер балдарын алардын күчү жетпеген ишке жумшайбы?
  - – Ата-энелер балдарынын сабак даярдоосуна жардамдашабы?
  - – Ата-энелер арак ичип же баңгизат колдонушабы?
  - – Жаш балдарды үйдө жалгыз калтырышабы? Балдарын конокко кошо алып барышабы?
  - – Ата-энелер балдарын кантип сыйлашат же жазалайт?
  - – Бала кайда барып жүргөнүн дайым эле билеби?

## 2.5. Социалдык педагогдун ишиндеги психологиялык усулдар

Психологиялык усулдардын[1] максаты – фактыларды белгилөө эле эмес, алардын маани-маңызын түшүндүрүү, ачуу дагы. Бул талап дайым эле бир усулдун жардамында орундала бербейт, ошондуктан психикалык кубулуштарды иликтөөдө адатта бирин-бири толуктоочу ар түрдүү усулдар колдонулат.

Психолог үчүн **биографиялык усул** (адамдын өмүр жолунан эстеп айтып берген маалымат боюнча талдоо) кызык материал алууга мүмкүндүк берет. Бул усулду социалдык педагог да, башкалар да оңой эле колдонсо болот, мында атайын алдын ала даярдык талап кылынбайт

Пассивдүү байкоолордон башка дагы психологияда атайын уюштурулган изилдөөлөр пайдаланылат. Алардын бири **психологиялык эксперимент** – бул адамдын ишмердигиндеги максаттуу багытталган шарттарды, милдеттер менен ыкмаларды өзгөртүүдө пайда болгон өзгөчөлүктөрүн окуп-үйрөнүү. Психологиядагы **табигый эксперимент** түздөн-түз иш жүзүндөгү ишмердик алкагында уюшулат. Табигый ишмердиктин шарттарында киши изилдөөнүн объекти экендигин кээде атүгүл билбестен (ал эми көбүнчө унутуп) иштеп, окуй берет. Табигый эксперименттин көп формалары жана ар түрдүү ыкмалары бар. Мунун жөнөкөй жана кеңири колдонулган түрү – *киришүү милдеттери*. Ушул табигый экспериментти байкоонун өзү эле баалуу фактылар менен изилдөөнүн бул же тигил гипотезасын текшерүүгө мүмкүнчүлүк берет.

[1] Морозов А. В. Деловая психология. – СПб., 2000. – 17 с.

Практикалык психологияда жана педагогикада **калыптандыруучу (**окуп-үйрөтүүчү же тарбиялоочу) **эксперимент** кеңири колдонулат, мунун шарттарында инсандын көндүмдөрү менен сапаттары алардын калыптануу, жетилүү процессинде иликтенет.

Акыркы мезгилдерде психологиялык эксперименттен бөлүнүп чыккан **тестирлөө (***англ.* «тест» – 1. тапшырма, 2. сыноо) **усулу** көбүрөөк таанымал болуп жатат. Тесттерди колдонуу аркылуу иликтенип жаткан кубулуштун сандык жана сапаттык жактан салыштырмалуу так мүнөздөмөсүн алууга болот. **Тестирлөө усулунун** өзгөчөлүгү анда алгачкы маалыматтарды топтоо жана иштеп чыгуу, ошондой эле андан кийинки чечмелөө жол-жоболору колдонулат. Тесттердин жардамында түрдүү кишилерди иликтөөгө жана бири-бири менен салыштырууга болот. Тесттин эң кеңири таралган түрлөрү: *суроолор тизмеги түрүндөгү тест, тапшырма-тест, долбоорлук тест.*

***Суроолор тизмеги түрүндөгү тест*** ойлонулуп**,** так текшерилип-иргелген жана бир нече ирет макулдашылган суроолор тутумуна негизделет, алардын жооптору боюнча сыналуучулардын психологиялык сапаттарын аныктоого болот.

**Тапшырма-тест** адамдын иш-аракетине карай анан жүрүм-турумун жана психологиясына баа берет. Мындай түрдөгү тесттерде сыналуучуга атайын тапшырмалардын түрмөгү сунушталып, алардын аткарылышынын жыйынтыгы боюнча анда иликтенип жаткан сапаттын барлыгы, жоктугу же өнүгүү баскычы (канчалык даражада байкалаары, орчундуулугу) аныкталат.

Тесттердин мындай түрлөрү ар кандай маданияттарга таандык, билим деңгээли ар кандай, ар кайсы кесиптеги жана турмуштук тажрыйбасы ар башка курактагы, эркектерге, аялдарга колдонулат.

Кээ бир учурларда **долбоорлук тесттер колдонулат**. Алардын негизинде чагылдыруу (проекция) механизми жатат, буга ылайык киши өзү аңдап-билбеген сапаттарын (айрыкча кемчиликтерин) башкаларга оодарат. Мындай тесттик усулдарды колдонуу үчүн психологдун атайын даярдыгы жана жогорку кесипкөйлүгү талап кылынат.

Милдеттер менен тапшырмаларды (түрдүү типтеги тесттерди) туура колдонуу аркылуу эле психологиялык талдоо үчүн баалуу материал алууга болот, бирок кесиптик жактан даярдыгы жок изилдөөчү буга шайкеш баа берип, практикалык психологдун **«зыян келтирбе»** деген негизги эрежесин туура колдоно албайт.

Окуучунун инсанын иликтөө усулдарынан башка да социалдык педагог инсанга жардам берүүнүн жана таасир этүүнүн психологиялык усулдарын билиши абзел.

Психологиялык жардам берүү усулдарынын бири кеп-кеңеш берүү болуп саналат. Бул жекече жардам берүү менен байланышкан практикалык психологиянын өзгөчө багыты. Көйгөйлөргө жараша кеп-кеңеш берүү шарттуу түрдө мындай түрлөргө бөлүнөт:

**инсандык психологиялык кеп-кеңеш берүү** – инсаний көйгөйлөр, кооптонуулар, жүрүм-турум жаатындагы маселелер боюнча кеп-кеңеш берүү;

**психологиялык-педагогикалык кеп-кеңеш берүү** – балдарды тарбиялоо ишине тартылган чоңдордун педагогикалык маданиятын жана педагогикалык ишеничин жогорулатуу;

**үй-бүлөлүк кеп-кеңеш берүүнүн** бир нече үлгүсү бар:

1. үй-бүлөгө көмөк көрсөтүүнүн ***педагогикалык үлгүсү*** – ата-энелердин педагогикалык ишбилгилигин жогорулатуу;

2. ***диагностикалык үлгү*** – мындай кеп-кеңеш берүүнүн объекти өзгөчө муктаждыктагы бар балдар, өсүшү кечеңдегендер жана жүрүм-туруму бузула баштагандар болуп саналат. Бул учурда жардам сунуш берүү түрүндө көрсөтүлөт;
3. ***социалдык үлгү*** – социалдык педагогдун ишмердигине көбүрөөк жакын үлгү, мында турмуштук жагдайларга түздөн-түз кийлигишүү керек болот;
4. ***медициналык үлгү*** – оорулууларды дарылоо, калыбына келтирүү жана үй-бүлөнүн дени сак мүчөлөрүн оорулуулардын өзгөчөлүктөрүнө ыңгайлаштыруу;
5. ***психологиялык үлгү*** – үй-бүлөлүк кырдаалды, бүлө ичиндеги карым-катнашты талдоо (үй-бүлө жана анын мүчөлөрүнүн өсүш натыйжасы).

Көйгөйлөрдүн өзгөчөлүгүнө жараша, кеп-кеңеш берүү салттуу же гуманисттик (көмөк алуучуга багытталган) болушу мүмкүн.

Гуманисттик кеп-кеңеш берүүнүн максаты – адамдын инсаний мүмкүнчүлүктөрү менен дареметин арттырууга шарт түзүү. Мындай кеп-кеңеш берүү ар бир адамдын кайталангыстыгына жана анын инсаний өсүп-жетилүү жөндөмүнө ишенген гуманисттик психологиянын принциптерине таянат. Көмөк алуучу менен иштөөнүн негизги шарты – жакшы көрүү жана түшүнүшүү болуп саналат.

Салттуу кеп-кеңеш берүү менен көмөк алуучуну көңүл борборуна койгон кеп-кеңеш берүүнүн айырмачылыктарын салыштырабыз.

**№ 2-таблица**

**Салттуу кеп-кеңеш берүү менен көмөк алуучуну көңүл борборуна койгон кеп-кеңеш берүүнүн салыштырмалуу мүнөздөмөсү**

| Салттуу | Көмөк алуучуга багытталган |
|---|---|
| *Максат:* же кеңеш берүү, же биргелешип жол табуу.<br>*Милдет:* көйгөйлөрдү чечүүдө колдо бар салттуу схемага таянуу жана анык маселени чагылдыруу.<br>*Негизги ыкма:* талкуунун тематикасына тиешелүү түз суроолорду берүү.<br>*Көмөк алуучунун жооп кылуусу:* көмөк алуучунун кеп-кеңеш берүүчү менен макул болушу, жардам үчүн ыраазылыгы.<br>*Кеп-кеңеш берүүчүнүн жооп кылышы (позициясы):* илгерилеп умтулуу, биргелешкен иш-аракеттерге кызыгуу; кеп-кеңеш берүүдөн баш тартуу, көмөк алуучунун эч кандай маселеси жок болушу, ал жаңылышы мүмкүн.<br>*Аңгемелешүүнүн мүнөзү:* теске салынуучу стандарттагкан маек; чечимдерди кабыл алууда кеп-кеңеш берүүчүнүн колдоосуна таянуу. | *Максат:* инсандын мүмкүнчүлүктөрү менен дареметин күчөтүү үчүн шарт түзүү.<br>*Милдет:* ой жүгүртүүгө таянуу, маселенин маңызына көмөк алуучуну баскыч-баскычы менен багыттоо, көмөк алуучунун жагымсыз кырдаалдан өз алдынча чыгышы.<br>*Негизги ыкма:* чагылдырма, башкача айтканда талкуунун тематикасына тике тиешелүү болбогон суроолорду берүү.<br>*Көмөк алуучунун жооп кылышы:* көмөк алуучунун кеп-кеңеш берүүчү менен макул болушу же болбошу, ойлонуп калышы, инсайт.<br>*Кеп-кеңеш берүүчүнүн жооп кылышы (позициясы):* күтө туруу, көмөк алуучуну жигердүү иш-аракет кылдырууга умтулуу; эгер адам жардам сурап кайрылса, кеп-кеңеш берүү зарыл, бирок ал жаңылып калышы да мүмкүн.<br>*Аңгемелешүүнүн мүнөзү:* теске салынбоочу маек; эмпатиялуу угуу, чечимдерди кабыл алууда көмөк алуучунун колдоосуна таянуу. |

**Кеп-кеңеш берүү бир нече баскычта жүрөт:**

1. **Даярдоочу** – жолугушуунун болжолдуу планын иштеп чыгуу, көмөк алуучу менен иштөө ыкмаларын тандап алуу. Көмөк алуучу жана анын социалдык чөйрөсү тууралуу кошумча маалымат алуу.
2. **Багыт аныктоочу** – байланыш түзүү жана өз ара аракеттешүүнүн чегин аныктоо. Психоэмоциялуу жагымдуу фон жаратуу.
3. **Диагностикалык** – маселени аныктоо (көмөк алуучу өзү белгилейт, ал эми кеп-кеңеш берүүчү түшүндүрөт). Божомолдорду талкуулоо, позицияны тандоо (маселени бирдей көрүү), маселени кабыл алуу.
4. **Сунуштоочу.** Салттуу кеп-кеңеш берүүдө: кеп-кеңеш берүүчү өзү жалгыз же көмөк алуучу менен бирге маселени чечүү боюнча аракеттердин алгоритмин иштеп чыгат. Көңүл борборунда көмөк алуучу турган кеп-кеңеш берүүдө: кеп-кеңеш берүүчү көмөк алуучуга көйгөйлүү кырдаалдан чыгуунун жолун көрсөтүүчү аракеттердин планын, өзүнүн жүрүш-туруш стратегиясын иштеп чыгат. Мындай кеп-кеңеш берүүнүн жыйынтыгы: маселени чечүү (кеп-кеңеш берүү деңгээлинде).
5. **Көзөмөлдөөчү** (текшерүүчү). Кайтарым байланыштын механизмдери колдонулат. Иш-аракет алгоритминин, түзөтүүнүн иш жүзүндө орундалышын баалоо максатында кийинки жолугушуулар тууралуу макулдашат (зарыл болгон учурларда).

Кеп-кеңеш берүүнүн натыйжалуулугу, биринчиден, эки киши ортосундагы баарлашуунун натыйжалуулугун камсыз кылуучу кеп-кеңеш берүүчүнүн жеке сапаттарына; экинчиден, кеп-кеңеш берүү (уга жана орундуу сөз кыстара билүү) көндүмдөрүнө жараша болот.

**№ 3-таблица**

**Натыйжалуу жана натыйжасы аз кеп-кеңеш берүүнүн салыштырмалуу мүнөздөмөсү**

| Натыйжалуу кеп-кеңеш берүү | Натыйжасыз кеп-кеңеш берүү |
|---|---|
| ▪ Байланыш түзөт<br>▪ Көмөк алуучуну кабыл алгандыгын жана түшүнгөндүгүн көрсөтөт (сөз жүзүндө жана кабак-кашы менен)<br>▪ Көмөк алуучуну эмоциялык жактан колдойт<br>▪ Дилгирлик менен угат<br>▪ Сөз кыстаруу аркылуу аңгемелешүүнүн жүрүшүн кубаттап-колдойт.<br>▪ Маселери сыйлап, көмөк алуучуну аны чечүүгө багыттайт<br>▪ Инсайт үчүн шарт түзөт<br>▪ Көмөк алуучуну кызматташууга кызыктырат<br>▪ Көмөк алуучу баарлашууну улантууга даяр | ▪ Көмөк алуучунун кеп-кеңештен баш тартышы<br>▪ Байланыш түзүлбөйт<br>▪ Көмөк алуучунун маселесине кызыкпайт<br>▪ Көмөк алуучуга жакшы ачылып сүйлөбөйт, одоно жооп кайтарат<br>▪ Логикалуу ырааттуулукту сактабайт<br>▪ Көмөк алуучуну сүйлөтө койбойт, өз мейкиндигине айрыкча көңүл бурдурат (колдору алмашылган ж.б.)<br>▪ Өз чечимин таңуулайт, кургак насаат кылат<br>▪ Үстүрт бүтүм чыгарып, начар кеңештерди берет<br>▪ Көмөк алуучунун корунушуна себеп болот<br>▪ Диагноз коёт жана дарылоону сунуш кылат. |

Окуучунун инсанына психологиялык таасир этүүчү усулдардын бири тренинг болуп саналат. Тренинг тобунда таасир этүүчү негизги каражаттар: топтук ченемдер, топтук колдоо, кайтарым байланыш жана топтук күтүүлөр болуп саналат. **Топтук ченемдер** – топ тарабынан иштелип чыгуучу жана кабыл алынуучу белгилүү эрежелер. Топтук ченемдерге анын мүчөлөрү баш ийүүгө тийиш. Топтук ченемдерге баш ийүү – тартип сактоонун, топтук максаттарга жетүүнүн,

натыйжалуу иштешүүнүн зарыл шарты. Ар бир тренингдик топто өз ченемдери белгиленет. Топтун ишинин баштапкы баскычтарында эле тренер катышуучуларга алар тутунушу керек болгон айрым эрежелерди сунуш кылганы оң. Булар жалпы негизги ченемдер: жигердүүлүк, ишеним арткан баарлашуу, купуялык, жекече иш жүргүзүү, «ушул жерде жана азыр» принциби.

**Топтук колдоо өзүн** баалоого оң таасирин тийгизет, өзүнө карата сый-урматты арттырат, топто өз мүмкүнчүлүгүн ачууга көмөкчү болот. Топтук колдоо топтун катышуучусу опуртал кадамдарга барган учурларда зарыл. **Кайтарым байланыштын жардамында** катышуучу өзүнүн жүрүм-турумуна топтун мүчөлөрү кандай карай тургандыгын биле алат. В. П. Захаров менен Н. Ю. Хрящева1 натыжалуу кайтарым байланыш үчүн төмөнкү шарттардын зарылдыгын бөлүп көрсөтүшөт:

- катышуучунун жалпы жүрүм-турумуна эмес, инсаний өзгөчөлүктөрүнүн анык көрүнүшүнө тийиштүү болушу керек;
- алуучунун да, берүүчүнүн да муктаждыктары шайкеш байланышта болушу керек;
- топ ичинде кайтарым байланышты жүзөгө ашырат;
- иш жүзүндө өзгөрүшү мүмкүн болгон сапаттар боюнча пикирлер.

Маселен: «Айгерим, сен эң жакшы кызсың, бирок кээде, мени мыскылдап күлө баштаганыңда, катуу капа болом» Башка варианты: «Коля, сен өтө акылдуусуң жана көп окугансың, бирок сүйлөп жатканда бети-башыңды тырыштыра бергениң жагымсыз таасир калтырат».

**Топтук күтүү** топтогу жеке адамдын абалынын орчундуу шарты болуп саналат, себеби топто анын ар бир мүчөсү өз кызматын гана аткарбастан, башкалар тарабынан кабылданат, бааланат. Топтогу ээлеген ордуна жараша андан жүрүш-туруштун белгилүү үлгүлөрүн күтүшөт.

Иштин программасына: *топтук талаш-тартыш, оюн усулдары, психогимнастика*, жана ошондой эле *регрессия усулдары* (өткөн окуяны күчөтүү), *тажрыйба алмашуу усулу, тууроо усулу* (ролдук оюндар – тренингдин катышуучулары туш болушу мүмкүн болгон кырдаалдардагы жүрүм-турум варианттарын жакшы бышыктыруу: ролдук оюнда катышуучулар өзүнүн эмес, кайсы бир каармандын ролун ойношот; бул аларга жүрүм-турумум үчүн күлкү болом деп коркпостон ээн-эркин эксперимент жүргүзүүгө жардам берет), *топтук ой жүгүртүү усулу, символикалык жана чыгармачылыгын көрсөтүү усулдары* (арт-терапия, фототерапия, музыкотерапия), *маселелерди топ чечүү усулу* сыяктуу негизги усулдар кириши мүмкүн.

**Ишкер оюн** – ролдук кызматтар жана берилген эрежелер боюнча аракет кылуучу, ар кандай маалыматка ээ түрдүү субъектилер катышкан кесиптик же бөлөк ишмердиктин үлгүсүн оюн жолу менен көрсөтүүчү кырдаалды туроо усулу.

Тренингдер аралыгында катышуучулар менен аңгемелешүүгө жана аларга кеп-кеңеш берүүгө болот.

Психодиагностика инсандын негизги көйгөйлөрүн аныктап, анан аны менен бул багыттарда иштөөгө мүмкүндүк берет:

1) өзүнө кызыгууну калыптандыруу; өзүн-өзү баалоону өстүрүү;
2) жетилгендигин сезүүнү өстүрүү;
3) окууга умтулууну калыптандыруу;
4) кызыкчылыктарды өстүрүү;

[1] Захаров В. П., Хрящева Н. Ю. Социально-психологический тренинг: Учебное пособие. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1989. – 55 с.

5) баарлашуу көндүмдөрүн калыптандыруу;
6) эркин чыңдоо, кыялдануусун өстүрүү.

Инсанды коомго коошуу маселеси бүгүнкү күндө өтө олуттуу болуп жатат. Негизги милдет – бала үчүн «өсүп-жетилүүнүн социалдык жагдайын», баарлашуу чөйрөсүн, ишмердик айдыңын түзүү, инсанды турмуштун бүгүнкү шарттарына ыңгайлаштыруу, мекенчил жаранды тарбиялоо, жамааттык сезимин калыптандыруу жана жамаатта жашай жана иштей билүүгө үйрөтүү, демилгечилдикке, өз алдынчалыкка тарбиялоо, кесиптик багыт берүү, чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, кызыктуу жана жемиштүү эс алууну уюштуруу. Анткени өспүрүм курак таланттардын ачылышы, өзүн-өзү, өзүнүн ички «Менин» издөө жана ар кимде курчап турган дүйнө жөнүндө түшүнүктүн, билим алуу формасын тандоонун, өз алдынчалыктын калыптанышы менен мүнөздөлөт эмеспи.

Окуучулар менен иштөөнүн негизги багыты – иште өзүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берүү, алардын мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга көмөктөшүү.

Кайсы учурда болбосун, окуучуларды тарбиялоо үчүн ар биринин жеке ийгилиги жалпы кызыкчылыктардан ажырагыс болгон, б.а. таанылуусу менен жеке эркиндиги кызматына жана жамаат үчүн иштегендигине, башкаруу укугу баш ийе билүүсүнө жараша болгон өтө ынтымактуу балдар жамааты зарыл. Жамаат баланын өзүн ишмердикте көрсөтүү үчүн гана эмес, кызыкчылыктарын, каалоолорун, достугун, сүйүүсүн канааттандыруу үчүн да айдың болушу абзел[1].

Социалдык педагог өз практикасында психологиялык усулдардын баарын эле колдоно албайт. Ал ар кайсы шарттарга жараша өзүнчө натыйжалуу боло турган усулдарды тандап алып, айрым учурларда окуучуну кесипкөй психологго жөнөтсө болот. Психологиялык усулдарын колдонуу менен бир катар орчундуу практикалык милдеттерди чечүүгө болот, бирок усул тандоодо жана пайдаланууда чыгармачылык мамиле зарыл.

[1] Клее М. Психология подростка. – М., 1994. – С.101–103.

# 3-БАП. Социалдык педагогдун практикалык ишмердигинин мазмуну жана түзүмү

## 3.1. Социалдык педагогдун ар кандай опуртал топтор менен иш жүргүзүүсү

Акыркы мезгилдеги социалдык-экономикалык жана саясий кырдаалга байланыштуу балдардын турмушу, жаш муундарды коомго аралаштыруунун жүрүшү, чоңдор менен балдардын ортосундагы мамиле кыйла өзгөрүлдү. Бүгүнкү социалдык туруксуз турмушта балдардын кароосуз калышы, баңгиликтин, токсикоманиянын, аракечтиктин таралышы, жашы жете электер арасында кылмыштуулуктун өсүшү сыяктуу көйгөйлөр өзгөчө курчууда. Адамгерчилик мамиленин жетишпегендиги, коом, мектеп жана ата-энелер тарабынан мындай балдарга жакшы кам көрүлбөй калгандыгы мындай балдардын кайгысын ого бетер ашырып, алар коом үчүн олуттуу коркунучка айланууда.

Өспүрүмдөр арасындагы бейформал бирикмелердин, аскерлешкен түзүмдөрдүн, жексур маанайдагы жаштардын саясий уюмдарынын жана вандализмдин пайда боло башташы социалдык каршылыктын түрү катары кооптуу болуп баратат. Өспүрүмдөр менен жаштардын рэкетчиликте жана экономикалык кылмыштуулукка катышуусу да өспүрүмдөр чөйрөсүндөгү социалдык жагдайдын жакшы эмес экендигинен кабарлайт.

Мүнөзү татаал өспүрүмдүн турмушу мындай **кризистер** аркылуу өтөт:

**а) социалдык** – үй-бүлөлүк мамилелердин татаал көйгөйлөрүн же социалдык чөйрөнүн чакан тобундагы өспүрүмдүн абалына таасир этүүчү;
**б) педагогикалык** – бейадеп насаатчылардын кесепетинен пайда болуп, мүнөзү татаал баланын үй-бүлөдөгү, мектептеги, балдар коомдоштугундагы ансыз да кыйын абалын татаалдантуучу, анын өзүнчөлүгүн бүлдүрүүчү;
**в) психологиялык** – жетилүүнүн жаңы курактык мезгилге өтүшү менен байланышкан.

Жүрүм-турумдун бузулушунун себеби ар бир инсандын жеке өзгөчөлүктөрүнө, өзүн туюнтушуна, турмуштун жана ишмердиктин белгилүү шарт-жагдайларына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Өспүрүмдөрдө жүрүм-турум чийининен чыгуунун калыптанышына таасир этүүчү терс факторлордун ичинен ата-энелердин адеп-ахлактык жактан бузулушу (аракечтик, тарбиялоодон четтөө, коомго жат жашоо таризи ж.б.) өтө олуттуу болуп саналат, анткени инсан аралык мамилелердин бузулушу коомго жат жүрүм-турумду калыптандыруудагы чечкиндүү фактор болуп эсептелет.

Пайдалуу баарлашуунун жетишсиздиги инсан аралык мамилелерде коомго жат багыттардын өөрчүшүнө түрткү болушу мүмкүн. Ошентип, баланын таламдарын канааттандыруучу, анын курактык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуучу шарттарды түзгөндө гана опуртал байланыштардын азайышы мүмкүн.

«Жүрүм-турум бузулушун» (девианттык жүрүм-турумду) түшүнүү үчүн ченемдеги жүрүм-турум деген эмне экенин аныгыраак билүү керек. Демек, девианттык жүрүм-турум маселесин иликтөөдө ченемдүү жүрүм-турумду түшүнүү зарыл. «Түз (ченемдүү) жүрүм-турум» түшүнүгүн жана чен-өлчөмдөрүн жалпылаганда, ченемди төмөнкүдөй аныктоого болот:

1) өз жүрүм-турумун жөнгө салуу мүмкүнчүлүгү,
2) жоопкер жүрүм-турум,
3) ыңгайлашкан инсан,
4) эмоциялык туруктуулук,
5) жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган ченемдерине карама-каршылыктын жоктугу (айланадагы кишилердин укуктары менен эркиндиктерин бузбоо),
6) патологиялык белгилердин жоктугу,
7) инсандын жигердүүлүгү, чыгармачылдыгы.

Демек, аталган чен-өлчөмдөргө туура келбеген жүрүм-турумду ченемден тыш, тактап айтканда, чийинден чыккан деп айтууга болот. Опуртал топко балдардын кайсы категориялары кирет?

## Социалдык педагог көңүл бурушу зарыл болгон негизги опуртал топтор

Балдарды психикалык запкыга дуушар кылуучу жана опуртал топту толуктоочу турмуштук кырдаалдарды талдоого аракет кылалы[1].

### Ата-энелердин ажырашуусу

Ата-энелердин ажырашуусунун балага тийгизген залкасы эбегейсиз чоң жана көбүнчө орду толгус жоготууларга алып келет. Көбүнчө ата-энелердин ажырашуусуна чейин бир нече жыл бою үй-бүлөдө чырдуу жагдай өкүм сүрөт да, баланын корунчаак болушуна себеп боло, жетилүүсүнө кедергиси тиет. Мунун айынан баланын психологиялык жана социалдык абалы начарлап, ата-энелер менен балдардын мамилеси татаалдашуусу мүмкүн.

Түрдүү курактагы балдар ата-энелеринин ажырашуусун ар кандай кабылдайт жана ага карата ар башкача жооп мамиле кылат. Мындай шарттагы жооп мамиленин эң кеңири таралган түрлөрү:

- *ишмердик менен оюнду күчөтүү,* мында бала үй-бүлөнүн бузулушунун кесепетинен башынан өткөрүп жаткан пассивдүү кайгыруу абалын өзгөртүү үчүн, мындай кырдаалдагы өзүнүн алсыздык сезимин жеңүү үчүн күчтүүрөөк аракет кылууга умтулат;
- *каардануу*, мында ата-энесинин ажырашуусуна бир кыйла чечкиндүү жооп катары бала энесине же атасына (кимиси ажырашууга себепкер болгон деп ойлосо) катуу ачууланат, кайгысын убактынча унутууга же басаңдатууга да далалат кылат;
- *чочулоо же коркуу,* мында бала жаш курагына жараша ата-энесинин ажырашуусунун айынан өзүнчө эле корко берет (ачка калам, жоготууга учурайм ж.б. деп);
- *ажырашуу үчүн өзүн жоопкер сезүү;*
- *жалгыздык жана ата-энесине эки анжы берилүүчүлүк,* мында бала өзүн жалгыз жана обочолонуп калгандай сезет; ажырашууну ата-энесинин ортосундагы салгылашуу катары кабылдайт да, ата-энесинин бирин жактаса, экинчисине чыккынчылык кылдым деп ойлойт же чоңдор ушундай деп күнөөлөйт;

[1] Холл С. Подросток. Трудности возраста. – М., 2008.

- *соматикалык (тулку-бойлук) белгилер:* баштын оорушу, ичтин оорушу, дем алууга байланышкан илдеттердин күчөшү ж.б.;
- *сабакта жетишүүсүнүн төмөндөшү;*
- *өздөшүүсүнүн (идентификация) бузулушу*.

Үй-бүлөнүн тышкы түзүмү жана ата-энесинин экөөсүнүн тең бала менен чогуу турушуна менен тыгыз байланышкан бөбөктүн өздүк «Мени» жөнүндө түшүнүгү жана жаш курагына жараша өздөшүүсү ата-энесинин ортосунда кеткен жараканын айынан көз көрүнөө бузула баштайт. Баланын коомдук турмушка даярдануу процессинде жана анын «Менинин» калыптануусунда байкалган баланын инсанынын бүтүндүгүнө коркунуч пайда болот. Мындай абалдын мисалы катары үй-бүлө жаңыдан бузула баштаган мезгилдеги майда-барат уурулук кылуу, жалган айтуу болушу мүмкүн. Анүстүнө айрым балдардын бейжай жүрүм-турум үлгүсү калыптанат. Ата-энелердин ажырашуусунун кесепети узакка созулган чүнчүп-чөгүүдөн жана кемсинүүдөн, мектептеги жана теңтуштары менен мамиле кылуудагы кыйынчылыктардан, жаман адаттарынын көбөйүшүнөн (сабактан калуу, майда-барат уруулук ж.б.), жыныстык катнаш маселесине эрте кызыгуудан, мүмкүн болгон кесепеттүү нерселерди пайдаланып, өзүн көрсөтүүдөн көрүнүшү мүмкүн.

**Ата-энелердин өлүмү**

Кайгыны чоңдор сыяктуу эле балдар да баштан кечирет. Кырсыктан кийин балдар кандай абалда болору алардын инсанына жана курагына жараша болот. Бала канчалык жаш болсо да, баары бир кайгыны баштан өткөрөт.

Өткөөл курак мезгилинде кайгыга туш келүү ого бетер кыйын. Психологиялык коргоочу механизмдер начарлагандыктан, өспүрүм өзүн-өзү иликтейт, өзүн табуу үчүн же өзүндөгү бир нерседен баш тартуу үчүн ага чоң кишинин жүрүм-турумунун ролдук үлгүлөрү керек. Бул мезгилде энесинен же атасынан айрылуу балага адам көтөрө алгыс кайгыны алып келет, бүт дүйнө ага жат көрүнөт. Мен-концепциясы, б.а. бөбөктүн өзү жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн тутуму кыйрайт, кээде бул ал-кубаттан таюуга алып келет. Жоготууга кабылганга чейин жана андан кийин эмне болгондугунун маанисин, ал эми мурдагы жашоосунан айырмалуу эмне жаңы экендигин анык аңдап-билсин үчүн бөбөккө жардам берүү зарыл.

Балдар кайгыны кандайдыр бир белгилүү калыпта эмес, түрдүүчө баштан кечиришет. Баланын кайгыруусунун эң көп кездешүүчү көрүнүштөрү:

- *Кооптонуучулук.* Өлүм абдан коркунучтуу, мунун кесепетинен дагы бир кырсык болушу ыктымал. Дайым чоочулап, саксынып, чымырканып жүрүүнүн натыйжасында бөбөктүн ичинде, далыларында, мойнунда оору пайда болушу мүмкүн.
- *Түнттүк, обочолонуу жана көңүл топтоо маселелери.* Жакын адамын жоготуу тажрыйбасынан кийин бөбөк тынчын алган ойлор жана сезимдер менен «күрөшө» баштайт. Ал обочолонууга умтулат. Түнт тартып, жалгыздыкты самоо бир канча мезгил өткөндөн кийин мындай жагдайга туш болгон бардык адамдардын мүнөздүү белгиси болуп калат. Алардын мектептеги жетишүүсү начарлашы мүмкүн, окууда эле эмес, жүрүм-турумунда да мындай өзгөрүү болушу ыктымал.
- *Кайгы, куса.* Ата-энесинин биринен ажыраган бөбөк эки жактуу жоготууну сезет: тирүү калган атасы/энеси өзүнүн кайгысы менен болуп, сезимдик жактан аздыр-көптүр баладан алыстайт. Сооротуп-жубатуунун ордуна атасы же энеси мазасын алып тажаткандыгы, ыйлаактыгы, чыргоолугу (жоготкон жакын адамына болгон кусасы менен кайгысын туюнткан) үчүн баланы сөгүшү мүмкүн.

- *Күнөө*. Көпчүлүк балдар көбүнчө өлүм эмне үчүн келгендиги жана аны эмне алып келгендиги тууралуу баш катырышат. Кээде ажалды өздөрүнүн ойлору же жоруктары алып келди деп эсептешет. Алар ата-энелерин да күнөөлөшү мүмкүн.
- *Каар*. Жакшы көргөн кишиси өлгөндө бөбөктө өтө каардуу сезим пайда болушу ыктымал. Мындай учурдагы каардануу демейкидей эле: анык бир нерсеге, жагдай-шартка, же белгилүү адамга багытталышы мүмкүн. Мындай учурда бөбөктүн ындыны аябай өчүп, ал өзүн кооптуу, алсыз сезет, кыжыры кайнап, ачуусун айланасындагылардан чыгарып, өзүн орунсуз кармайт.

Бала ата-энесин жоготкон учурда социалдык педагог кандай иштерди жүргүзүшү керек? Ата-энесинен айрылган балдар менен алып барган иштин бир мисалы:

---

**Кырдаал.** Ата-энени жоготуу – бул өтө чоң кайгы. Окуучулардын биринин үй-бүлөсүндө ушундай кайгылуу окуя болду. Үй-бүлөдө үч бала бар: Аэлита, Максат, Салтанат. Алгач энелери өлүп, бир канча убакыттан кийин аталарынан да ажырап калышты. Балдарды чоң энелери асырап калды. Бул үй-бүлө көп нерсени баштан кечирип жана тескери сезимдер да өтө көп болгондуктан, камкорчу органдар үй-бүлөнү иликтеп көрүп, балдарды балдар үйүнө жайгаштыруу керек деген бүтүмгө келишти. Бул үй-бүлөдө балдарды өтө карып калган чоң энелери асырап ала албайт болчу. Шаар башкармалыгына үй-бүлөнү бөлүүгө мүмкүн эместиги тууралуу маселени мектептин атынан жетекчилик, СП жана класс жетекчи койду. Анткени балдарды ар кайсы билим берүүчү мекемелерде коомго аралаштыруу алардын психикасына орду толгус залал алып келет болчу. СП зарыл документтер топтомун даярдоону өз мойнуна алып, бюрократиялык тоскоолдуктарды жеңип өтүп, балдарды балдар үйүнө жайгаштыруу максатка ылайыксыз экендигине шаар башкармалыгынын кызматчыларын ишендире алды. СПнын жүйөөлөрү ынанымдуу болгондуктан, шаар башкармалыгы камкорчу катары чоң энелерин бекитүүгө мажбур болду. Учурда балдар мектепте ийгиликтүү окуп жатышат.

**Баланын кырсыктуу жагдайы тууралуу кабар алган социалдык педагогдун иш-аракеттери:**

- маселени аныктоо;
- үй-бүлө менен иштөө планын түзүү;
- үй-бүлө баруу, түзүлгөн кырдаал тууралуу балдардын пикирин билүү;
- мектеп жана шаар башкармалыгынын милдеттерин камтуу менен балдарга жардам берүү планын түзүү;
- балдардын камкорчусун аныктоо үчүн зарыл документтер топтомун даярдоо;
- үй-бүлөгө жардам берүү планынын аткарылышын мониторингдөө жана көзөмөлдөө.

*СП – Юлдашева Улкан Рахмановна,*
*Ю. Гагарин атындагы № 4 ОМ, Көк-Жаңгак ш.*

---

### Ата-энелердин аракечтиги

Атасы жана/же энеси аракты көп ичсе, балдардын нерв-психикалык өсүп-жетилишине кедергиси тийет. Мындай балдардын акыл-эси жакшы өспөй калат. Кеп биринчи кезекте түйүлдүк кезинен эле арак менен ууланган балдар жөнүндө жүрүп жатат. Экинчи кезекте, бул энесинин жатынында өсүп-жетилүүсү кадимкидей жүрүп, ал эми төрөлүшү менен алгачкы жумалары арак менен ууланбаган, «педагогикалык кароосуз калган балдар» деп аталгандарга тиешелүү. Алардын акыл-эс жактан начар өсүшү кенже куракта ар тараптуу таалим-тарбиядан куру калгандыгы менен шартталат.

Ата-энелердин кызыкчылык чөйрөсү тар болсо, балдары менен өтө эле аз баарлашса, алардын муктаждыктарына көңүл бурбаса, баланын аң-сезимин, өнүмдүү акыл-эс ишмердигин калыптан-

дыруу үчүн зарыл алгачкы турмуштук тажрыйба жана жөнөкөй билимдерди алуу мүмкүнчүлүгү чектелет. Нерв тутумунун узак мезгилдик жабыркоосу нервдик-психикалык алсырап-чарчоого алып келет. Ошондуктан мектепте алардын ыкшоолугу, тегерегиндегилерге кайдигерлиги оңой эле байкалат. Көбүнчө үй-бүлөдөгү туңгуюк абалга каршы наразылык мектепте (класста) лидердикке умтулуудан көрүнөт. Интеллектуалдык өсүш деңгээлинин төмөндүгүнө байланыштуу мындай балдар теңтуштарынын арасында өздөрүн көрсөтүү үчүн жаман жосундарды жасап, чоңдордун көңүлүн өздөрүнө бурушат, тез-тез тартип бузушат.

Чектен ашкан аракечтердин балдары окууда жана мектепте эле дайыма көйгөй жаратпастан, ичпеген ата-энелердин балдарына караганда көбүрөөк кайгырып-капаланышат жана кооптонушат. Алар өздөрүн бейжай алып жүрүшү мүмкүн, чөгүп-чүнчүп, корсунушат, уйкулары бузулуп, жаман түштөрдү көрүшөт.

Аракеч үй-бүлөнүн баласы башка балдар менен мамиле кылууда олуттуу кыйынчылыктарга тушугушу мүмкүн. Өз кадыр-баркын билүү сезими жакшы өнүкпөй калышынын, кемсинүүнүн, тартынчаактыктын айынан бала «бөлөктөлүп», обочолоно берет: аны жумшап кыйнашат же жөн эле этибарга алышпай, баарлашуунун адаттагы чөйрөсү болгон оюндарга, балдар топтолгон жайларга ж.б. жолотушпайт. Мындай бала жамаатта үстөмдүк кылып, башкаларга бийлик жүргүзүүнү эңсеп калышы мүмкүн. Ал биринчиликке жетүү үчүн жөн гана мушташпастан, өзү тууралуу түрдүү калптарды ойлоп чыгарган мактанчаак болот. Жылдан-жылга улам күчөгөн өзүнө ишенбөөчүлүк, өзүн төмөн баалоо, мындай балдарды ызакор кылып, алар ээрчиме келишет жана шектүү топтордун оңой эле жемине айланат. «Тандалгандардын» арасында болууга умтулуу менен алар өздөрүн бир кыйла күчтүүрөк лидердин таасирине алдырат жана ар кандай жайсыз, же кадимки эле кылмыштуу иштерге тартылат.

Үй-бүлөдөн колдоо жана түшүнүү таппай, мектеп чөйрөсүндө байланыш түзүү аракетинен майнап чыкпагандан кийин бала өзүнчө эле бир социалдык вакуумга туш болот. Ал өзүн эч кимге кереги жоктой, кароосуз жана жалгыз калгандай сезет. Ата-энелердин бири баш оту менен ичимдикке берилип, экинчиси аны сактап калууну гана ойлогон үй-бүлөлөр бар. Мындай чөйрөдө баланы, анын муктаждыктарын ойлогон эч ким болбой калат. Аракеч үй-бүлөлөрдүн балдарынын күнүмдүк турмушу дайыма сезимдик стресс менен коштолот. Аракеч үй-бүлөнүн турмушу баланын психикалык абалында, анын тагдырында чагылып, өз изин калтырбай койбойт.

**Тулку-бою зомбулукка кабылган балдар**

Зордук-зомбулукка кабылган көпчүлүк балдарды ата-энелери чырдуу, акыл-эси өспөй калган же кечиккен, жаман, өзүмчүл, тартип бузган балдар катары кабылдашат. Гиперактивдүү (тентек) балдарга туура тарбия берүү колунан келбеген ата-энелер көбүнчө аларды уруп-согушат.

Көпчүлүк учурларда социалдык-экономикалык шарттары начар үй-бүлөлөрдө ата-эне баланы уруп-сокқондон башканы билбейт. Зордук-зомбулуктун натыйжалары ар кандай белгилерде көрүнүшү мүмкүн:

*Запкылык стресстик жооп кылуу.* Коркуу жана чочулоо абалы – баланын уруп-сабоо коркунучуна типтүү жооп кылуусу. Мындан башка, стресстик жооп кылуулар психосоматикалык белгилер: уйкунун бузулушу же качышы, тамакка табит тартпоо сыяктуу көрүнүштөрдө туюнтулушу мүмкүн. Бала көп учурда зордукчудан гана коркпостон, бардык чоң адамдарга чочулоо менен карайт, ата-энесинен жана башка чоң кишилерден качат.

*Өтө зулумдук жана ойлонбой иш-аракет жасоочу жүрүм-турум.* Мектептеги жана үйдөгү баланын жүрүм-туруму көбүнчө анын ашкере чырдуулугу жана орунсуз жорук-жосундары менен коштолот. Көбүнчө бул балдарды кылмыштуу, коомго жат аракеттерге тартышат.

*Шекшимелик жана ишенбөөчүлүк.* Зордук-зомбулукка, ур-токмокко, сөгүп-кагууларга кабылган балдар чоңдор менен ишенимдүү мамиле түзүүдө өтө кыйналат. Алар тегерегиндеги адамдардын баары коркунучтуу жана күтүүсүздөн жамандык кылат деп санашат.

*Чүнчүү жана өлгүсү келген маанай.* Уруп-сабоого кабылган балдар чүйчүп, өзүн-өзү бүлүндүрүүчү иш-аракеттерге жакын болушат, б.а. өзүн майып кылууга же өлтүрүүгө умтулушат.

*Өзүн төмөн баалоо,* бул өксүк кийинчерээк баарынан күчтүүмүн деген куру кыял менен чүмбөттөлөт.

*Өсүп-жетилүүдөгү жана таанып-билүү ишмердигиндеги өксүктөр.* Балдардын кеп жана сүйлөө функциясынын бузулушу, мунун себеби – баланы ыйлагандыгы жана кыйкыргандыгы үчүн тез-тез уруп-жазалашы.

*Адамдар менен мамиле кылуу чөйрөсүндөгү бузулуулар.* Катаал мамилеге туш болгон балдар өз жүрүм-турумдары менен сезимдерин жакшы тескей алышпайт, коомдо өздөрүн ишенимсиз сезишет жана кадыресе шартта өскөн балдарга караганда өз теңтуштары менен мамиле кылууда көп кыйынчылыктарга дуушар болушат. Алар теңтуштарына салыштырмалуу түнтүрөөк келишип, азыраак таанымал болушат да, балдар менен болгон мамилеси адатта жыл санап начарлай берет.

*БНТ бузулушу.* Көп сандаган жетишпегендиктер – туура эмес тарбиялоо, энесинин ичинде «кедей» өсүшү, наристе кезинде камкордукту көрбөгөндүгү, тамак-аштын тартыштыгы, толук эмес сезимдик колдоо – башында залакасы ачык байкалбаган балдардын БНТ ишмердигинин бузулушунун «жумшак симптомдоруна» алып келиши мүмкүн.

*Мектепке болгон кызыгуунун жоголушу.* Баланын сабактан артта калышы таанып-билүүгө болгон умтулуунун, көңүл буруунун начарлашына, тынчы жоктукка (гиперактивдүүлүккө) жана окуудагы бөтөнчө кыйынчылыктарга байланыштуу.

Ооруп калуу менен ызалануудан тышкары, бала катуу кыжырдануудан да жан дүйнөсү жабыркайт. Натыйжада ал өзүнүн сезимдерин тана баштайт. Жан дүйнөсүн жаралоочу сезимдер мелт-калт болуп толуп, ылайыктуу курмандык пайда болгон учурда жарылууга даяр турат. Бала жаныбарларды кыйнашы же бөлөк баланы ызалантышы мүмкүн.

Тулку-бою зордук-зомбулукка кабылган балада көбүнчө ата-энем жакшы, өзүм жаманмын, ошондуктан жазаланышым керек деген жаңылыш ишеним калыптанат. Алардын өздөрүн күнөөлүү сезиши, кемсиниши ушуну менен түшүндүрүлөт.

### Кордоого жана кемсинтүүгө кабылган балдар

Балдарга тоотпой мамиле кылуу зомбулуктун бир түрү катары каралат. Тоотпой мамиле кылуу (ата-энелердин шалаакылыгы, балдардын кароосуз калышы) – бул баланын биологиялык муктаждыктарын атайын чектөө же алардын канааттанышы үчүн жагымсыз шарттарды түзүү, ошондой эле баланын өсүшүнө залал келтирүүчү, тыюу салынган аракеттер.

Балага карата тоотпой мамиле кылуу ким тараптан болбосун – ата-энелерденби, мугалимдерденби, бир туугандарынанбы, эжелериненби же теңтуштарынанбы – мында дайыма алсыз балдарга карата күчүн же бийлигин көрсөтүү байкалат. Психологиялык жактан балага катаал мамиле кылуунун мындай түлөрү бар:

- *Жерүү* – баланын өтүнүчүн орундатпай коюу же муктаждыктарын жаман көрүп канааттандыруу.

- *Сезимдик жооп берүүдөн баш тартуу* – бөбөккө мээрин төгүүдөн пассивдүү түрдө баш тартуу формасы, бөбөк тарабынан баарлашууга болгон аракеттерге жооп кылуу жөндөмсүздүгү же каалабагандыгы.
- *Кемсинтүү* – баланы эл алдында кемсинтүү же аны дайыма маскаралап күлүү, аны кордоочу ылакап аттар менен атоо.
- *Коркутуу* – баланы уруп-согомун деп опузалоо.
- *Обочолотуу* – бөбөктү достору менен ойноого, үй-бүлөлүк майрамдарга катышууга тыюу салуу, караңгы бөлмөгө, шкафка, малканага камап коюу (камап салуу коркутуу катары да каралат)
- *Эксплуатация кылуу* – балага жаш курагына ылайык келбеген оор талаптарды коюу, баланын баёолугунан же алсыздыгынан пайдалануу.

Психологиялык жактан кагып-силкүүгө кабылган балдар зыяндуу мамилелердин торуна түшөт да, ата-энелеринин колдоп-кубатоосунан ажырашып, коомго аралашуунун кадимки жүрүшүнөн четтеп калышат. Натыйжада, бул балдардын өздөрүн коргошу жана өздөрүнө кам көрүшү абдан кыйын болот, өздөрүнө боло турган жаман мамиледен качуу үчүн алар көбүнчө өтө тил алчаак, момун болушат. Ошентип алардын нерв оорулары жана жүрүм-турум көйгөйлөрү пайда болушу мүмкүн. Ошол эле учурда мындай балдар бара-бара башкаларды эзүүнү, өлтүрүп жок кылууну же террорчулук кылууну үйрөнө баштайт. Алар адамдын кандай гана мамилеси болбосун мүшкүл, азап-кайгы алып келет деп ойлоп калат. Ушунун баары – түбү тереңге кеткен, узак мезгил бою балдарга катаал мамиле кылуунун кесири.

Үй-бүлөдө өз муктаждыктарын канааттандыра албагандыктан, балдар өздөрү үчүн тосулуп калган негизги эмес, кошумча чөйрөдөн издене баштайт да, жолу жоктук, даңкка, бийликке, артыкчылыкка умтулуу кенемтесин башка, мектептеги дагы бир маанилүү ишмердиктен толтурууга далалат кылышат.

Турмуштан жолу болбогон балдар – булар ашкере дымагы күчтүү, ызакор жана -өтө таарынчаак балдар.

Эгер жол болбогондук менен байланышкан жагдай мектепте кайталанса, же кайталануу коркунучу болсо, баланын үмүтү үзүлүп, өзүнүн алсыздыгын жашырууга умтула баштайт.

Алгач бул бала мектептен кача баштайт. Ал үчүн биринчи жол – жалкоолонуп «коргонуу». Мындай жалкоолукту анын тубаса же жаман адаты эмес, өзүн ар кандай текшерүүдөн качуу үчүн колдонгон амалы деп түшүнүү керек. Экинчи жол – бала сабактан калат, жасалма кол коюп, жалган маалымкаттарды алып келе берет. Ал бош убактысын эмнеге жумшашы керек? Албетте кандайдыр бир нерсе менен алектениши зарыл. Мындай учурларда бала көбүнчө өзүнө окшогондорго, ушундай жолго түшүп, ушундай тагдыр күткөндөргө кошулат. Булар – негизги турмуш жолунда өз таламдарынын орундалышына ишенбей калышкан, кандайдыр бир жол менен өздөрүн көрсөтүүнү өтө каалаган дымагы күчтүү балдар. Алар өздөрүн канааттандырган бөлөк иштерди издешет. Анан көбүнчө мындай балдар кылмыштуу жолго түшүшөт, анткени өз таламдарын социалдык жөндүү ыкма менен канааттандыруу жагынан тажрыйбалары жок.

**Өспүрүмдөр менен иштөө**

Өспүрүмдөр менен түзөтүүчү ишти туура жүргүзүү үчүн социалдык педагог үй-бүлөдө жана уюшулган балдар жамаатында балдарды тарбиялоо маселелерин окуп-үйрөнүшү зарыл.

Баланын инсанын калыптандырууда үй-бүлөлүк тарбия чечүүчү мааниге ээ. Туура эмес тарбия берүүнүн таасиринен келип чыккан жүрүм-турум чийининен чыгуунун түрдүү формалары бар[1].

***Гипокамкордук (синоними: гипопротекция) (грек. hypo – төмөндө, төмөндөн, астында) – бала өзү менен өзү болуп калгандагы, зарыл болгон көңүл буруу менен камкордуктан өксүп, кароосуз калгандагы үй-бүлөлүк тарбия жана өз ара мамилелер стили.*** Эреже катары, мындай көрүнүш толук эмес үй-бүлөлөрдө (атасы же энеси жок), ата-энелер чырдашкан же аракка берилген, ал эми кээде адеп-ахлак жактан бузулган үй-бүлөлөрдө да байкалат. Баланы кароосуз калтыруунун себеби ата-энелердин тарбияга көңүл буруп, убакыт бөлгүсү келбегендиги (жеке, өзүмчүл максаттарына жетүүдөгү тоскоолдук катары санашы) же мүмкүнчүлүгү жоктугу болуп саналат.

Туура эмес тарбиялоонун мындай түрү башталгыч класска келген курагында көбүнчө баланын окууга даяр эместигине, ал эми мектепке кызыгуунун жоктугу жетишүүнүн начардыгына себеп болот. Мындай жолдо тарбия алган өспүрүмдөрдүн жүрүм-туруму бузулуп, жаман адаттарга ыктаганы байкалат. Көбүнчө адеп-ахлактык эрежелердин (өз милдетин сезе билүү, жоопкерчилик, жакшылыкка умтулуу ж.б.) толук калыптанбай, өксүп калышы коомго жат жүрүм-турумдун негизи болушу мүмкүн.

Кароосуз шарттарда балдар жана өспүрүмдөр көбүнчө албуут келет, өзүн кармай албай, туталанышат, аларды башкалар тыйып-чектегенде, эскерткенде же өздөрү ойлогонун кыла албай калган учурларда зулумдук кылышат. Албууттанган, туталанма өспүрүмдөр чыр-чатакты чыгара беришет, т.а. алар укук бузуучу жолго түшүшү ыктымал.

***Балага карата ашкере талаптуулук жана жаасы катуулук, адеп-ахлактын өзгөчө жоопкерчиликтүү шартында тарбиялоо*** – болор-болбос жосуну үчүн да күч колдонуп жазалоо – туура эмес тарбиялоонун башка түрү. Мында баланын ар бир кыймылы эскертүүлөр, жемелөөлөр, кемсинтүүлөр менен коштолот.

Туура эмес тарбиялоонун аталган түрүндө мектеп курагындагы балдардан көбүнчө чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн эске алышпай, жогорку жетишүүнү талап кылышат, эс алууга, оюнга, жаш курагына жараша көңүл ачууга жумшалуучу убактысын чектешип, өздөрүнө жакпаган иш менен алектенүүгө мажбур кылышат. Сабакта жалаң жакшы баага оку деп талапты өтө катуулатуу тескери натыйжа берет: бала жетише албай, окуусу улам начарлап, акыры мектепке баруудан баш тартат. Туура эмес тарбиялоонун бул түрүндө ата-энелер өспүрүмдүн жүрүш-турушуна өтө кыйкымчыл болушуп, ар кандай өз алдынчалыкка тыюу салышат, бул куракка таандык жан дүйнө кылдарынын назиктигин эске алышпай, бирөөлөрдүн көзүнчө өспүрүмдөрдүн беделине доо кетиришет. Мындай жаңылыш тарбиялоонун айынан ата-энелердин залимдигине каршы жооп жасалышы да мүмкүн. Бала оройлук кылып, ата-энесинин айтканын аткарбай, тамак жебей коюшу мүмкүн; ал үйдөн кетип калышы, ата-энесине карата каардуу болушу, ал эми айрым учурларда – өзүн-өзү өлтүрүүгө аракет кылышы ыктымал.

Ашкере талаптуулук менен жаасы катуулук шартында тарбиялоо көбүнчө мүнөздүн ашкере тартынчаактык, коркоктук, өз таламын талаша албоо, чечкинсиздик жана өзүнө ишенбөөчүлүк сыяктуу сапаттарынын калыптанышына алып келсе, кээде: кыжырдуулук, кастык, кекчилдик, заардуулук ж.б. карама-каршы типтеги мүнөз сапаттары өнүгөт.

[1] Руководство практического психолога: психическое здоровье детей и подростков в контексте психологической службы / Под ред. И. В. Дубровиной. – Москва: Академия, 1995.

***«Үй-бүлөнүн аздеги» тиби боюнча тарбиялоо*** – туура эмес тарбиялоонун дагы бир түрү. Мында бала үй-бүлө ашыкча аздектеген объектиге айланат, ата-энелери анын бардык каалоо-тилектери менен талаптарын орундашат, көптөгөн белек-бечкектерди бере беришет. Мындай бала бара-бара үй-бүлөдө баарын өзүнө багындырган кичинекей залимге айланат.

Мектеп курагында мындай балдар көтөрмөлөп коюлган бааларды талап кылышат, жамаатта үстөмдүк кылууга умтулгандыгы үчүн, көп учурда өз курбалдаштары менен жолдоштук мамиле түзө алышпайт. Өзүмчүлдүк мүдөөлөрдүн калыптангандыгына байланыштуу мындай балдардын жолдоштук өз ара жардамдашууга умтулуу сапаты өнүккөн эмес, мунаса кылуу, жакшылык тилөөчүлүк деген болбойт. Жаш курагы өскөн сайын «аздек балдар» өздөрүн көрсөтүүгө, айланасындагылардын көңүлүн бурууга, күндөлүк керектелүүчү акчасынын көп болушуна умтулат, көбүнчө тириукмуш окуяларды өзүнүн башынан өткөн кылып айтып берет, же тескерисинче, кылмыштуу иштерге катышкан болуп, өзүн жаман аттуу кылат.

***Карама-каршылыктуу тарбиялоо*** атасы, энеси же башка жакын туугандары тарабынан баланын тарбиясына карама-каршылыктуу мамиленин болушу менен мүнөздөлөт. Атасы тыюу салган жүрүм-турум ыңгайын энеси мактайт же тескерисинче атасы туура дегенди энеси жокко чыгарат. Натыйжада, бала ата-энесинин кимиси менен баарлашып жаткандыгына жараша өз жүрүм-турумун сааттын маятниги сыяктуу өзгөртүп турууга үйрөнөт, көп учурда ата-энесинин тарбиялоодогу пикир келишпөөчүлүгүнөн пайдаланат. Туура эмес тарбиялоонун мындай көп учураган түрү баланын бирдиктүү психологиялык мүдөөлөрүнүн калыптанышына тоскоолдук кылып, ээрчимелик жана жалган айтуучулук сапаттарынын пайда болуп, бекемделишине түрткү болот.

***Ата-энесинин бири же экөө тең жериген баланы тарбияланышы*** – инсандын калыптануусундагы бузулуунун орчундуу булагы. Тарбиялоонун мындай түрүнүн пайда болушуна баланын каалоосуз бойго бүтүп (айрыкча никесиз) төрөлүшү; апасы баланын атасына таасир этүү үчүн (аны менен никеге туруу, аны өзүнө же үй-бүлө турмушуна тартуу үчүн, анын жаман адаттарын калтыруу үчүн (мисалы, аракечтик сыяктуу) төрөп, бирок максатына жетпей калышы сыяктуу терс психологиялык факторлор өбөлгө болот. Тарбиялоонун мындай түрү энесинин баласына кас мамилесинен, аны атасына же балдар мекемелерине өткөрүп берүүгө умтулганынан, балага түрдүү жазаларды (мунун ичинде уруп-согуу, айрым учурларда садисттик ыкмаларды колдонуу, дайыма жемелөө жана опузалоо) колдонгондугунан көрүнөт. Мындайча тарбиялоонун айынан бала активдүү жана пассивдүү жооп (энесинин буюмдарын бүлүндүрүү, ага өчөшүү, үйдөн кетүү, селасяктык ж.б.) кылууга ыктап калат. Акыры инсандын патологиялык, көбүнчө девианттык (делеквенттүү дагы) жүрүм-турумга ыктаган албууттанып-туталануучу тиби калыптанышы ыктымал1.

Ошентип, үй-бүлөдөгү туура эмес тарбиялоо баланын мүнөзүнүн бузулушуна негиз болушу мүмкүн.

Социалдык педагогдун туура эмес тарбиялоонун түрлөрүн жана анын баланын инсанынын калыптанышына терс таасирин билиши үй-бүлөлүк тарбиянын шарттарын түзөтүү үчүн психологиялык орчундуу мааниге ээ болушу мүмкүн.

Туура тарбиялоодо дем берүү, мажбурлоо жана жазалоо каражаттарын акыл менен колдонуу зарыл. Баланын жүрүм-турумун максатка ылайыктуу жана ырааттуу көзөмөлдөп туруу керек. Ага ашыкча милдеттерди жүктөөгө, талапты өтө катуу коюуга, айрыкча кызыкчылыгы да, жөндөмү да жок ишмердиктин түрлөрүн таңуулоого болбойт. Тарбиялоо ыкмасы катары эскертүүнү, тыюу салууну, опузалоону, жазалоону (айрыкча уруп-согуп) дайыма колдоно берүүгө болбойт.

[1] Бочарова В. Г. Социальная служба и тенденции развития // Педагогика. – 1992. – № 3–4.

Тарбиялоо максатында баланы коркута берүү жарабайт (маселен, эгер тигил же бул жорукту жасасаң, анда аябай жаман нерсеге туш болосуң деген сыяктуу). Ошол эле учурда аны ашыкча эркелетип, негизсиз талаптарын орундата берүүгө, желге-күнгө тийгизбей аздектеген шарт түзүүгө, балдардын көзүнчө анын жүрүм-турумуна маашырланып, ашыкча мактоого, турмуштун кыйынчылыктарынан, ачуу-таттуусунан өтө эле калкалай берген жарабайт[1]. Баланы (психикалык өсүшүндө үй-бүлөлүк чөйрөнүн терс таасири байкалган) психологиялык позициядан туура тарбиялоо жөнүндө ата-энелерге түшүндүрүп айтуу тарбиялоодогу кемчиликтерди өз убагында жоюуга көмөктөшүп, алардын баланын психикасына жагымсыз таасирин бир кыйла даражада азайтат. Баланын жүрүм-турумуна багыттуу таасир этүү максатында үй-бүлөдөгү психологиялык атмосфераны өзгөртүү боюнча туура сунуштарды тандоодо ошол үй-бүлөдөгү психологиялык мамилелерди эске алуу зарыл. Үй-бүлөдө ата-энесинин кимиси психологиялык жактан үстөмдүк абалды ээлей тургандыгын, ата-энесинин бири-бири менен мамилесин, баланын үй-бүлөдөгү психологиялык абалын аныктоо зарыл.

Тарбиялоонун шарттарын өзгөртүүгө болбой турган же баланын жан дүйнөсүн майып кылуучу жагдайды жоюуга болбой турган учурларда баланы бул бейжай чөйрөдөн алып кетүү максатка ылайыктуу. Ошондой эле мындай үй-бүлөдө «социалдык терапия» жүргүзүү (ата-энелер менен тарбия иштерин алып баруу, өндүрүштөгү коомчулук аркылуу таасир этүү, аларда психикалык оруу же аракечтик тууралуу күдүктөнүү пайда болсо кеп-кеңеш алууга же дарылоого жөнөтүү) зарыл.

Уюшулган жамаатта тарбиялоонун негиздерин билүү да зарыл шарт болуп саналат. Балдардын табигый түзүлгөн топторундагы психологиялык микроклиматты, топтор ортосундагы жана балдардын бири-бири менен болгон мамилесин эске алуу зарыл. Балдардын бири-бири тууралуу пикирлерин, табигый «башчылардын» болушун, ж.б. социалдык-психологиялык учурларды (бул социометрия усулун колдонууда гана мүмкүн, *Тиркемеде* аталган усул баяндалган) эске алуу да максатка ылайыктуу. Балдар жамаатынын психологиясын аныктоо бир тараптан балдар тобу менен жеке балдардын ортосундагы чыр-чатактардан алдын алууга жардам берет. Экинчи тараптан – жагымдуу психологиялык маанайды түзүүдө мааниси чоң болгон коомдук тапшырыктарды жана башка иш-чараларды жамаатта туура эмес бөлүштүрүү менен байланышкан психологиялык чыңалуулардын келип чыгышын алдын алат жана мүмкүн болгон эмоциялык чыңалууну жумшартат. Алсак, адеп-ахлактык жоопкерчилик жогору болгон жана катуу тартиптин шартында тарбияланып жаткан балага алына жараша коомдук тапшырык берип, эл көзүнчө анын ийгиликтерин мактоо, өз күчүнө ишенүү ишенимин, демилгечилдикти, чечкиндүүлүктү өстүрүүгө түрткү берүү максатка ылайыктуу. Тескерисинче, «таанылгысы келүү» максаты ашкере ашынган балага карата талапты күчөтүп, тигил же бул тапшырыктарды орундоо жолдорун жана сапатын көзөмөлдөө, башка балдардын арасында айырмаланып турууга жана артыкчылыкты ээлөөгө болгон акылга сыйбас умтулуусун тизгиндөө жөндүү.

Көп учураган педагогикалык каталар катары баланын психологиялык кемчиликтери менен мектептеги жетишпегендиктерин көрсөтүүнү (айрыкча эл көзүнчө), эскертүү менен опузалоодогу кемсинтүүнү айтса болот. Тулку-боюнда кемтиги бар жана жакшы сүйлөй албаган (кекеч, тыбыштарды туура эмес айткан ж.б.) балдарды маскаралап күлүүгө такыр жол берилбейт. Мындай жаңылыш педагогикалык ыкмалар балдарга жана өспүрүмдөргө эмоциялык жактан ири доо кетириши мүмкүн. Бул нааразы болуп жооп кылуу, мектептен кетүү, ал эми кээде өзүнө кол салуу сыяктуу аракеттерде туюнтулган жүрүм-турумдун девианттык түрлөрү болушу мүмкүн.

[1] Бодалев А. А. Психологическую науку на службу практике / А. А. Бодалев, Б. Ф. Ломов, В. В. Лучков // Психологическая служба в школе: Тезисы Всесоюзного симпозиума. – Таллин, 1993. – Ч. 1 и 2.

Куражтык өзгөчөлүгүн эске алуу менен баланы тарбиялоого туура мамиле кылуу аны мектепте ыңгайлаштыруудагы жана анын мектеп программаларын өздөштүрүүдөгү ийгилигинин өсүшүндө, ошондой эле мектеп турмушундагы көйгөйлөр менен байланышкан акыл-эстик чарчоодон жана эмоциялык чыңалуудан алдын алууда чоң роль ойнойт.

Орто мектептин жогорку класстарында педагогдордун өспүрүмдөргө туура мамилесинин мааниси чоң. Социалдык педагогго өспүрүм куражтын психологиялык өзгөчөлүктөрүн: кырт дей түшмө дымагын, авторитеттерге ишенбөөчүлүк мамилесин – мунун ичинде айланасындагы улууларга да (бир эле учурда өзүнө сын көз менен карабай туруп) – назик көңүлдүк менен сезимталдыкты муздактык менен жуурулуштурарын, болор-болбос акыйкатсыздыкка ашыкча көңүл бурарын билүү зарыл. Өспүрүмдүн бул психологиялык өзгөчөлүктөрүн этибарга албоо, ага карата психологиялык адептин сакталбагандыгы, анан калса кандайдыр ойлонулбаган аракет же көңүл оорутуучу эскертүү менен анын курч, бирок бышып-жетиле элек өз кадырын баалоо сезимдерин кемсинтүү окуучу менен педагогдун ортосундагы мамилелерди гана бузбастан, сабактан калууга, мектеп тартибин бузууга, акыр соңунда кээде өспүрүмдүн ээн баштыгынын педагогикалык жана социалдык калыптанышынын башаты болгон мектепке баруудан баш тартууга алып келиши мүмкүн.

Социалдык педагогдун педагогикалык жамаат менен түздөн-түз иштешүүсү өтө маанилүү. Бул иштешүү лекция окуу, окуучулардын ырааттуу жетишпей калган учурларын же инсандын өсүш өзгөчөлүктөрү менен шартталган жүрүм-турум кыйынчылыктарын талкуулоо формасында жүргүзүлүшү мүмкүн.

Өспүрүмдөр менен иш алып баруу ийгиликтүү жүрсүн үчүн төмөнкү эрежелерди эске алуу абзел:

- өспүрүмдүн психикалык жетилүү өзгөчөлүктөрүн жана абалын түшүнүү менен тарбияלануучуну сөзсүз кабыл алуу; ашыкча талаптарды койбостон, анын чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн көрүү; тарбия адебинде ийкемдүүлүктү көрсөтүү, аны өз көз карашына, адаттары менен маанайына эмес, баланын жеке өзгөчөлүктөрүнө баш ийдирүү;
- баланын инсанын сыйлоо – «тең ата сүйлөшүүгө» даярдык. Инсанды сыйлоого кемсинтип-келекелебей жана кекирейбей мамиле кылуу эле эмес, анын баалуулуктар тутумун кастарлоо да кирет. Инсанды чын дилден сыйлоо, бөлөк адамдагы аны сыйлоого жана баалоого татыктуу сапаттарын көрө билүү, ар кайсы адам менен мамиле түзүүгө гана эмес, «өз көзүнчө өзүнүн көтөрүлүшүнө» жардам берип, өз артыкчылыктарын көрүүгө, өзүн-өзү чындап сыйлоого да үйрөтөт. Адатта, «жасакерленүүгө» жана жагынууга умтулуу өспүрүмдөр тарабынан жаман кабыл алынып, жийиркеничтүү мамилени пайда кылат, себеби демейде чоңдордун мындай жүрүм-турумунун түпкүрүндө коркуу менен сыйлабагандык жатат;
- эмпатикалык түшүнүү – башка адамдын көз карашынан, анын көзү менен кырдаалды көрүү жөндөмү, бул «мүнөзү татаал» өспүрүмдүн жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн башка ыңгайдан көрүүгө, демек, анын өзүн жана өзүндөгү көйгөйлөрдү түшүнүшүнө жана алардан арылышына мүмкүнчүлүк берет;
- педагогдун ачык-айрымдыгы жана ак ниеттүүлүгү – бул кандай гана жагдай болбосун жасалмалуулукка жол бербей, өз принциптеринен жазбай өзүнчөлүгүн сактап калуу жөндөмдүүлүгү жана кишилерге ак ниет мамилеси;
- тарбияланууучуга өзгөчө көңүл буруу – бул өспүрүмгө башкалар ага кайдигер эместигин, анын аракетин жана инсандык сапаттарын байкашарын, жакшысына сүйүнүп, жаманына күйүнүшөрүн көрсөтүүгө умтулуу;
- тарбияланууучуга ишеним менен карай тургандыгын көрсөтүү – бул анын жүрүм-турумунда, тагдырында жакшы өзгөрүүлөр боло тургандыгына ишенүү;

– тарбия ишинин татаалдыгын түшүнүү – бул өспүрүм менен узак мөөнөттө иштешүүгө даярдык, бул иште тез арада оң натыйжаларга жетишүү мүмкүн эместигин, үзгүлтүккө учуроо ыктымалдыгы да бар экендигин, бирок мындай иштин зарылдыгын аңдап-түшүнүү.

Ошентип, жүрүм-турумдагы четтөөлөрдү алдын алууга жана түзөтүүгө багытталган педагогикалык процессти уюштурууда социалдык педагог өзүнүн өспүрүмгө жана өз ролуна карата психологиялык-педагогикалык туура мамилесин калыптандыра алган учурда гана тарбиялык таасир этүүнүн түрдүү усулдары менен ыкмалары иштей тургандыгын унутпоо керек.

Демек, өспүрүм менен иштөөнүн максаты: өспүрүмдүн психикалык жана инсаний жактан өсүп-жетилишине көмөк көрсөтүү менен бул милдеттерди орундатуу:

- өспүрүмдүн инсанынын чыгармачыл дареметин өстүрүү үчүн ыңгайлуу психологиялык шарттарды түзүү негизинде анын психикалык жетилүүсүндөгү четтөөлөрдү (эмоциялык, мүдөөлүк, жүрүм-турумдук) оңдоп-түзөө;
- өзүн-өзү талдоонун, көзөмөлдөөнүн, туюнтуунун, жөнгө салуунун көндүмдөрүн калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- өспүрүмдүн жакшы баалуулуктарга жана маани-маңыздуу жашоого умтулуусу.

Өспүрүм курак – инсандын коомго аралашуусундагы эң татаал курактык мезгил. Бул курак ата-энелер тарабынан да, мугалимдер менен социалдык педагогдор тараптан да өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.

**Кырдаал.** 9-класстын окуучусу Н. Мурат сентябрдан баштап мектепке келбей калды. Көрсө, ал аябай кыйын жагдайда туш болуптур. Энеси Россияда жүрөт, атасы башка аялга үйлөнүп, баласына көңүл бурбай коюптур. Мурат менен жолугушкан кезде, ал мектеп формасынын жоктугунан сабакка келбей жүргөндүгү аныкталды. СП өзүнүн балдарынын кийиминен чогултуп Муратка алып барды. Атасы менен жолугушуда бала чоң энесинин үйүндө жашасын деп макулдашылды. Бирок чоң энеси менен баланын мамилеси келишпегендиктен, ал Кочкор-Ата шаарында (Масы айылынан анча алыс эмес жерде) жашаган таенесине кетип калды. Балага жашаган жериндеги мектепке барууну сунушташты, бирок ал барбай койду. Ал башка мектепке барууну каалабады, анткени классташтарынан ажырагысы келбеди. Жолдун оголе узактыгына жана кымбаттыгына карабастан (бир жагы 25 сом) Мурат бир күн да калбай окууга бара баштады. Ал 9-классты бүтүрдү, энесинин кеңеши боюнча кесиптик техникалык окуу жайына өтүп ширетүүчү болмокчу.

? Бала менен иштөө кандай тариздe жүрдү? Социалдык педагог кандай кадамдарды жасады?

- Биринчиден, класс жетекчиден бала жана анын мектепке келбей калгандыгы тууралуу маалымат алынды.
- Экинчи кадамда баланын үйүнө барып, анын турмуш шарттары менен таанышып, бала менен аңгемелешүү жүргүзүлдү жана анын негизги көйгөйлөрү аныкталды.
- Баланы мектепке кайтаруудагы экинчи кадамда ал кийим менен камсыз болду (бул кадам социалдык кызматкердин ишмердигине кирет).
- Кийин баланын атасы менен өз ара карым-катышы иликтенип, анын жашаган жерин аныктоо боюнча сунуштар берилди.

*Ноокен районундагы социалдык педагог*
*Шабданова Венеранын иш тажрыйбасынан*

# 3.2. Социалдык педагогдун балдар менен баарлашуудагы иши

Баарлашуу – тараптар бири-биринин оюн, сезип-туйганын түшүнүүгө аракеттенип, пикир алмашуунун пайдалуу жана алгылыктуу ыкмасын тандоого умтулган кош жактуу процесс. Демек, баарлашуу үчүн биз:

- маектешибиздин сөзүн кунт коё угуп, анын айткысы келген ойлорун түшүнө билишибиз;
- өз ойлорубузду жана сезимибизди эң жакшы туюнта билишибиз зарыл.

Бул көндүмдөрдү биз күн сайын эле колдонуп жүрсөк да, жардамга муктаж балдар менен иштегенде абдан этият болуп, баарлашуунун эң алгылыктуу ыкмаларын колдонушубуз керек.

## Сөзү жок баарлашуу

Баарлашуунун сөз колдонулбаган жагы балдар менен баарлашууда өтө зор мааниге ээ болот. Ошондуктан биздин жаңсоо, ишааратгарыбыз баланын өзүн жайлуу сезишине мүмкүндүк берер-бербесин ойлонуу керек.

***Кабак-каштын (жүздүн) көрүнүшү***. Эгер зеригип же санаага батып турган болсоңуз, сиздин кебетеңизди көргөн бала сүйлөшүүдөн тартынышы мүмкүн. Үнүңүз көңүл көтөргүдөй шаңдуу чыкса, башыңызды да ийкеп, жылмайсаңыз, бала менен баарлашууга дилгир экениңизди сездиресиз. Кабак-кашыңыз баланын сөзүнө жараша өзгөрүп турганы оң. Эгер бала кандайдыр бир капалуу окуяны айтып жатканда жылмайсаңыз, ал муну кайдигерликтин же ташбоорлуктун белгиси катары кабылдайт да, менин сөзүмө такыр кызыкпайт экен деп ойлоп калат.

***Күлкү жана тамаша.*** Тамаша, жылмаюу жана күлкү баланын өзүн эркин сезишине, сизге болгон ишенимин арттырууга өбөлгө түзөт. Бирок кээде адамдар оңтойсузданганда же эмне айтаарын билбей калганда да жылмаят. Ошондуктан ыңгайсыз жагдайдын себебин аңдап билип, баланын туура эмес ойго келишин алдын алуу зарыл.

***Көз менен баарлашуу.*** Сүйлөшүү учурундагы тиктешүү, көз менен баарлашуу ар кайсы маданий чөйрөлөрдө ар башкача кабылданат. Кээ бир өлкөлөрдө чоңдор сүйлөшүп жатканда көзүмө түз карап тур деп балдарын мажбурлашат, башка өлкөлөрдө, тескерисинче, жашы улуу кишиге тике караган адепсиздиктин белгиси деп эсептешет. Ырас, көзмө-көз тигиле карап туруп алган деле жакшы эмес, бирок сүйлөшкөндөр бири-биринин көзүн көрүп турганы оң. Эгер баарлашуу учурунда баланын көзүнө көңүл бурбаса, кырдаал көзөмөлдөнбөй, баарлашуу ойдогудай натыйжага жетпей калышы мүмкүн.

***Баарлашуу үчүн ыңгайлуу жай тандоо.*** Ар бир коомдо чоңдордун көзүнчө балдар өздөрүн кандай алып жүрүшү керектиги тууралуу өзүнчө эрежелери болот. айрым өлкөлөрдө балдарды отуруп угууга көндүрүшөт, башка жерлерде туруп сүйлөшүү талап кылынат. Баарлашуу учурунда бала өйдөдөн караган узун бойлуу адамдын бет алдында корунуп отурган абалдагыдай чоң кишинин кысымына кабылбай, өзүн жайлуу сезиши абдан маанилүү. Ошондуктан бала менен сүйлөшкөндө экөөңүздөр дээрлик бирдей деңгээлде болгондой отурууга аракеттениңиз.

## Сөз аркылуу баарлашуу

***Балага суроо берүү.*** Балага туура суроо бере билүү менен анын абалына оң таасир этип, өзүн эркин кармашына шарт түзүүгө болот. Тескерисинче, суроону жөнсүз бергенде, бала кысынып, сүйлөшкүсү келбей калышы ыктымал. буга чейин биз суроонун ачык жана туюк түрлөрү, алар-

лын өзгөчөлүктөрү жөнүндө сөз кылдык. Демейде бул эки түрдөгү суроолор айкалыштырылат: керектүү фактыларды билүү үчүн туюк суроолорду, анан маекти улантууга баланы кызыктыруу үчүн ачык суроолорду беришет. Мисалы: «Сен канчадасың?» (туюк суроо), «Үй-бүлөң жөнүндө айтып берчи» (ачык суроо)

Ачык суроолор баланын өз ойлорун жана сезим-туюмун айтышына түрткү берет. Мында сөзсүз эле так маалымат алуу максаты коюлбайт.

*Ачык суроонун мисалдары:* «Анан эмне болду?», «Бул тууралуу мени менен сүйлөшкүң келеби?», «Муну айтууда эмнеден кыйналасың?» ж. б. у. с. Мындай суроолорду бергенде, сиз баланын жашоосу, сезимдери, эмнелерди маанилүү деп эсептей тургандыгы жөнүндө көп нерселерди биле аласыз.

Баланын айткандарын чечмелесеңиз, кунт коюп угуп, жакшы түшүнүп жатканыңызды көрсөтөсүз. Мисалы: «Убакыт өткөндө мунун баары артта калат», «Сенин башыңдан өткөн бул окуялардын баары абдан кайгылуу экен» ж. б. у. с. Мындай суроолор жана чечмелөөлөр сиздин ынтызарлыгыңызды сездирип, баланы аңгемелешүүгө дилгирлентет.

***Эки же андан ашуун суроону катары менен бербеңиз, анткени кайсынысына жооп берерин билбей бала оңтойсузданып калат! Жөнөкөй тил менен сүйлөңүз.*** Чоңдор көбүнчө бала менен сүйлөшкөндө анын түшүнөөр-түшүнбөстүгүн эске албайт. Узун же татаал сөздөр, татаал сүйлөмдөр же ойлор баланын башын катырып, аны кысынтып коюшу мүмкүн. Оюңузду баланын кабылдоосуна ылайыктуу жөнөкөй түрдө айтууга аракеттениңиз.

***Сөзүңүз түшүнүктүүбү?*** Эгер сиз бала менен аны толкунданткан нерселер, мисалы, анын үй-бүлөсүн кантип табууга болору туралуу сүйлөшсөңүз, кыжаалат абалда тургандыктан, ал сиздин сөзүңүздү оңой түшүнө албайт. Эгер бала жакшы түшүнбөй жатканын байкасаңыз, «Түшүнүктүүбү?» же «Менин айтканымды түшүндүңбү?» деп сурап койсоңуз болот. Ошондо ал түшүнбөгөн болсо да «ооба» деп жооп кайтарат. Жакшы баамдаганын текшерүү үчүн айтканыңызды кайталап берүүнү өтүнүңүз. Түшүнбөгөн нерсесин тактап суроодон тартынба деп баланы колдоп туруу керек.

Кээде баланын айтканын укпай калышыңыз мүмкүн. Мындайда: «Өтө эле акырын сүйлөп жатасың, менин кулагым жакшы укпайт, ошондуктан дагы бир ирет кайталап айтчы?» деп өтүнсөңүз болот.

## Баарлашууга эмне тоскоол болот?

Сүйлөшүү ыгыңыз баланын жүрүм-турумуна, маектешүүгө карата мамилесине таасир этет. Эгер чоңдор: а) ишеним жагдайын түзө албаса; б) өзү көп сүйлөп, баланын сөзүнө кулак салбаса; в) сындап, күнөөлөсө; г) баланын ынанымына, көз карашына сый мамиле жасабаса; д) баланын сөзүн шылдыңдап күлсө, анда алар бала менен тил табыша албайт.

Кээде балдар чоңдор менен ээн-эркин сүйлөшө албайт. Мунун бир катар себептери бар.

Көбүнчө балдар чоңдорго, айрыкча өздөрү жакшы билбеген кишилерге өздөрүнүн сезимдери тууралуу айтпайт. Анын үстүнө көпчүлүк коомдордо белгилүү темалар боюнча кимдер менен сүйлөшүүгө болот, кимдер менен сүйлөшпөш керек деген эрежелер кездешет.

Балдардын көбү өздөрү жөнүндө эч качан сүйлөп көрбөгөндүктөн, кээде сезимдерин туюнтууга сөз таппай кыйналышат. Катуу корккон, оор жагдайды баштан кечирген балдар түнт болуп калышы мүмкүн. Айрыкча оор кырдаалдан кийин балдар бир ай же атүгүл бир нече жыл бою эч ким менен сүйлөшпөй калат.

Жагымсыз жагдайларда балдар көбүнчө шекшиме болот. Алар жазаланып, алданып калуудан, чыккынчылыкка кабылуудан коркушат. Анткени аларды мурда чоңдор көбүнчө түшүнбөй, таарынтып келген.

Кээ бир балдар жаман караган же тийиштүү кам көрбөгөн чоңдорго ачууланат. Башкалары өздөрү баштан өткөргөн нерселерди, мисалы, зордукка кабылганын эстегенде уялышат же башкалар курман болгондо аман калганы үчүн өзүн күнөөлөйт.

### Балдар калп айтканда

Чоңдор сыяктуу эле, балдар да дайым эле чын сүйлөй бербейт. Мындайда ачууланбай, себебин билүүгө аракеттениңиз.

- Көбүнчө кичинекей балдар чындык менен өздөрү каалаган нерсенин чегин айырмалай албайт. Мисалы, алар ата-энесинин тирүү болгонун каалашат, ошондуктан аларды тирүү деп ойлой берет.
- Кээ бир балдар жазадан коркот. Туура эмес сүйлөсө же кандайдыр бир маанилүү нерсени толук айтпай калса деле урушпай турганыңызды балага билдириңиз.
- Көбүнчө балдар сиз уккуңуз келет деп же пайда табуу үчүн «туура» нерселерди айтууга аракеттенет.
- Балдар сизге ишенген учурда гана ачык-айрым сүйлөшөт. Айрыкча кароосуз калган же кылмыш дүйнөсүнө тартылган балдар менен сүйлөшүүнүн ыгын табуу зарыл. Алар сүйлөшүүдөн качпашы, бирок чоң кишиден эптеп кутулуу үчүн жалпы, үстүрт жоопторду ойлоп табышы мүмкүн. Башка балдар тир укмуш кылмыштарды, жоруктарды жасадым деп мактанышы ыктымал. Айрыкча ушундай окуяларга көңүл бурганыңызды байкап калса, бала баарын апыртып же оюна келген калптарды айта берет.

# ТЫЯНАК

Социалдык педагогика илими коомдогу жагдайлардын адамдын максат-мүдөөлөрүнө өмүр бою тийгизген таасирин, бул таасирдин адам жана коом үчүн педагогикалык мааниси кандай болорун изилдейт. Социалдык педагогика жеке адамды коомго аралаштыруу максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруунун тийиштүү окутуу-тарбиялык тутумдарын, усулдарын жана каражаттарын иштеп чыгат. Мында инсандын социалдык өзүн-өзү таануу, көрсөтүү жана жетилүү мүдөөлөрүн эске алынат. Социалдык педагогиканын милдети болуп калктын өзгөчө социалдык муктаждыктары бар катмарларына жардам көрсөтүү же коомдогу жоготуп койгон абалын, кадыр-баркын калыбына келтирүү да кирет.

Социалдык педагогика өнүккөн сайын анын маселелерди чечүү жагынан бөтөнчө милдеттери жана практикалык ыкмалары айкындала берет. Мында чөйрөнүн конкреттүү шарттарын эске алып, коомдогу өз ара байланыштуу түзүмдөргө таасир этүүгө аракеттенүү керек. Кээ бир өлкөлөрдө бул таасир кесипкөй социалдык-педагогикалык ишмердикти ургаалдуу жүргүзүү түрүндө болсо, башка өлкөлөрдө ар кандай шар-жагдайларга жараша социалдык-педагогикалык ишмердик багыты кууш, бир жактуу бойдон кала берүүдө (бирок педагогикалык өңүттө кыйла терең иштелген).

Теориялык кылдат талдоонун жүрүшүндө авторлор социалдык педагогиканын түшүнүгүн, маңызын, кызматын жана ички түзүмүн ырааттуу караштырып келет. Алар социалдык педагогдордун практикалык иштөө усулдарын сунуштап, бул багытта негизги нускамаларды аныкташкан.

Ошентип, бул эмгекте социалдык педагогдун кесиптик ишмердигинин абдан татаал, түркүн маселелерин ар тараптуу карап чыгуу аракети көрүлдү. Мында батыштагы жана атамекендик изилдөөчүлөрдүн салттуу калыптанган жоболору да, бул маселеге карата жаңы, эми гана калыптанып келаткан көз караштар да талдоого алынды.

Авторлор өздөрүнүн илимий негизде бекемдеген, логикалуу, жүйөлүү, ынанымдуу жана ишеничтүү көз карашын сунуштайт. Ошол эле учурда биз бул китепке кызыккандардын баары анын корутундуларын жана тыянактарын толугу менен кабыл алат деп ойлобойбуз. Бирок бул басылманын натыйжалары изилденип жаткан маселенин көптөгөн жактарын айкындоого эле эмес, керектүү нукту аныктап, ушул темадагы келечекте тереңдете изилдөө багыттарын көрүүгө да мүмкүндүк берет да, бул багыттагы изилдене турган башка маселелерди да белгилейт деп үмүттөнөбүз.

# АДАБИЯТТАР


1. *Абрамова Г. С.* Возрастная психология: Учебное пособие для студ. вузов. – 4-е изд., стереотип. – М.: Издательский центр «Академия», 1999. – 672 с.
2. *Абульханова-Славская К. А.* О путях построения типологии личности // Психологический журнал. – 1983. – № 1. – С. 15.
3. *Анн Л. Ф.* Психологический тренинг с подростками. – СПб.: Питер, 2007. – 271 с.
4. *Антипова В. М.* Компетентностный подход к организации дополнительного педагогического образования в университете // Педагогика, 2006. – № 8. – С. 57–63.
5. *Арнольдов А. С.* Живой мир социальной педагогики. – М., 1996.
6. *Асипова Н. А.* Формирование межкультурных коммуникаций школьников с учетом влияния национально-психологических особенностей среды // Вестник Иссык-Кульского университета: Серия «Педагогика». – Каракол, 2003. – Вып. I. – С. 9–14.
7. *Ахмерова Н. М.* Подготовка социального педагога: культура, этнос // Научно-педагогический журнал. – Б., 2003.
8. *Балтабаев М. Р.* Некоторые проблемы подготовки учителей к воспитательной работе в школе: Сборник научных трудов. – Б., 1991. – С. 3–6.
9. *Балтиева Т. Ф.* Квалификационная и компетентностная модель специалистов. Материалы международного семинара. – Б., 2006. – С. 54–63.
10. *Басов А. В.* К вопросу о предмете социальной педагогики / Теория и практика социальной работы: отечественный и зарубежный опыт. – Кн. 1. – М.–Тула, 1993. – 72 с.
11. *Бауэр Е. А.* Социальная работа и социальная педагогика в эпоху глобализации // Педагогика, 2007. – № 1. – С. 103–109.
12. Березина В., Ермоленко Г. Социальный педагог в школе // Воспитание школьника, 1994. – № 2.
13. *Божович Л. И.* Проблемы формирования личности / Под ред. Д. И. Фельдштейна. – 2-е изд. – М.: Издательство «Институт практической психологии», Воронеж: НПО «МОДЭК», 1997. – 352 с.
14. *Божович Л. И.* Этапы формирования личности в онтогенезе. – М., 2004. – С. 419. – 430 с.
15. *Болотов В. А.* Должность социального педагога скоро станет привычна // Учительская газета, 1998. – № 9.
16. *Борисенков В. П.* Современная социально-педагогическая теория и практика // Педагогика, 2006. – № 3. – С. 108–113.
17. *Бочарова В. Г.* Социальная педагогика: диалог науки и практики // Педагогика, 2003. – № 9. – С. 3–10.
18. *Бочарова В. Г.* Социальная педагогика. – М., 1994. – 387 с.
19. *Бочарова В. Г.* Социальная служба и тенденции развития // Педагогика. – 1992. – № 3–4.
20. *Бодалев А. А.* Психологическую науку на службу практике / А. А. Бодалев, Б. Ф. Ломов, В. В. Лучков // Психологическая служба в школе: Тезисы Всесоюзного симпозиума. – Таллин, 1993. – Ч. 1 и 2.
21. *Брагин Г. М.* Социальная педагогика: Экспресс-учебное пособие / Ответ. ред. Р. А. Литвак. – Челябинск: Челябинский госпединститут, 1994. – 152 с.
22. *Бреслав Г. М.* Эмоциональные особенности формирования личности в детстве. – М.: Педагогика, 1995. – 234 с.
23. *Василькова Ю. В.* Лекции по социальной педагогике. – М., 2006. – 115 с.
24. *Вачков И. В.* Психологический тренинг. – М: Эксмо, 2010. – 556 с.
25. Введение в психологию / Под ред. А. В. Дубовитского. – М., 1999. – 430 с. – С. 391.
26. *Вульфов Б. З., Никитин В. А.* Социальный педагог в системе общественного воспитания // Педагогика, 1992. – № 5–6. – С. 45–49.
27. *Выготский Л. С.* Психология. – М.: ЭКСМО-Пресс, 2000. – 1008 с.

28. *Галагузова М.А.* Социальная педагогика: Курс лекций. – М., 2000.
29. *Грецов А.* Тренинг общения. – СПб: Питер, 2009. – 160 с.
30. *Грецов А.* Тренинг уверенного поведения. – СПб: Питер, 2008. – 192 с.
31. *Драгунова Т.В.* Подросток. – М., 2001. – 318 с.
32. *Ермолич С.Я.* Методологические предпосылки формирования ценностных ориентаций у подростков. Внешкольное воспитание. – 2007. – № 9. – С. 27.
33. *Захаров В.П., Хрящева Н.Ю.* Социально-психологический тренинг: Учебное пособие. – Л.: Изд-во ЛГУ, 1989. – 55 с.
34. *Золотарева Т. Ф., Минигалиева М. Р.* Основы психологической самопомощи социального работника: Учебное пособие. – М.: Изд-во МГСУ, 2001. – 182 с.
35. *Зубкова Т.И.* Профессия – социальный педагог. СОИНформ, 1997. – № 2.
36. *Казанская В.Г.* Подросток. Трудности взросления: Книга для психологов, педагогов, родителей. – СПб.: Питер, 2006. – 521 с.
37. *Клее М.* Психология подростка. – М., 1994. – 460 с.
38. *Колобов О.А.* Социальная педагогика как профессия. – Н. Новгород, 1996.
39. *Кулагина И.Ю., Колюцкий В.Н.* Возрастная психология: Учеб. пособие для студентов вузов. – М.: ТЦ «Сфера», 2005. – 464 с.
40. *Куличенко Р. М.* Профессиональное становление и развитие института социальных педагогов в России. – М., 1998.
41. *Морозов А.В.* Деловая психология. – СПб., 2000. – 576 с.
42. *Мудрик А.В.* Социальная педагогика: Учебное пособие для студентов пед.вузов. – М.: Академия, 1999. – 184 с.
43. *Мудрик А.В.* Социальная педагогика. – М: Академия, 2000. – 200 с.
44. *Наторп П.* Социальная педагогика. Теория воспитания воли на основе общности. – СПб, 1991. – С. 76–77.
45. *Никитин В.А.* Социальная педагогика. – М., 2000.
46. *Овчарова Р.В.* Практическая психология в начальной школе. – М.: ТЦ «Сфера», 1996. – 240 с.
47. *Овчарова Р.В.* Справочная книга школьного психолога. – 2-е изд., дораб. – М.: Просвещение, Учебная литература, 1996. – 352 с.
48. *Прихожан А.М.* Психокоррекционная работа с тревожными детьми // Активные методы в работе школьного психолога. – М., 1990.
49. *Подольский А. И., Идобаева О.А., Идобаев Л.А.* Подросток в современном мире. Заметки психолога. – СПб: КАРО, 2007. – 272 с.
50. Психология подростка. Хрестоматия / Сост. Ю. И. Фролов – М., Российское педагогическое агентство, 1997. – С. 103–140.
51. *Реан А.А.* Крепкая семья – детство без жестокости и насилия. – СПб., 2007 – С. 14–16.
52. *Рубинштейн С.Л.* Проблемы общей психологии. – М., 2006. – С. 318, 200.
53. *Рогов Е.И.* Настольная книга практического психолога: Учеб. пособие: В 2 кн. – 2-е изд., перераб. и доп. – М.: Гуманит. центр «ВЛАДОС», 1998. – Кн. 1. – Работа психолога с детьми. Коррекционные приемы и упражнения. – 480 с.
54. Руководство практического психолога: психическое здоровье детей и подростков в контексте психологической службы / Под ред. И. В. Дубровиной. – Москва: Академия, 1995. – 168 с.
55. *Селиванова О.А., Фалько В.В.* Взаимодействие социального педагога с детьми группы риска // Педагогика, 2006. – № 6. – С. 58–62.
56. *Семенов В.Д.* Социальная педагогика: история и современность. – Екатеринбург, 1995. – 192 с.
57. Социальная педагогика: Учебное пособие для студентов высших учебных заведений. / Под ред. В. А. Никитина. – М.: Гуманитарный издательский центр «ВЛАДО», 2002. – 272 с.
58. Социальная педагогика. / Под ред. М. А. Галагузовой. – М.: Гуманитарный издательский центр «ВЛАДОС», 2000. – 272 с.
59. *Степанов С. С.* Большие проблемы маленького ребенка: советы психолога – родителям. – Москва: Педагогика-Пресс, 1995. – 168 с.

60. *Токсонбаев Р. Н., Нужный В. А.* Программа профессиональной подготовки социальных педагогов. – Б., 1999.
61. *Токсонбаев Р. Н.* Пути и формы подготовки социальных педагогов в вузах с педагогической направленностью. Материалы международной конференции. – Б.–Тегеран, 2008. – С. 538–544.
62. *Токсонбаев Р. Н.* Основы социальной педагогики. – Б., 2002. – 113 с.
63. *Фопель К.* Как научить детей сотрудничать? Психологические игры и упражнения: Практическое пособие: Пер. с нем.: В 4-х тт. – Т. 1. – М.: Генезис, 1998. – 160 с.
64. *Фопель К.* На пороге взрослой жизни. – М: Генезис, 2008. – 170 с.
65. *Халитова И. Р.* Социалдык педагогика: Учебное пособие. – Алматы, 2007. – 205 с.
66. *Холл С.* Подросток. Трудности возраста. – М., 2008. – 180 с.
67. *Чалкова Е., Усенова В. У.* Справочник социального работника по вопросам детского труда: Учебно-методическое пособие. – Б., 2009.
68. *Чистякова М. И.* Психогимнастика / Под ред. М. И. Буянова. – 2-е изд. – М.: Просвещение: ВЛАДОС, 1995 г. – 160 с.
69. *Шилова Т. А.* Психодиагностика и коррекция детей с отклонениями в поведении. – М.: Айрис-пресс, 2005. – 176 с.
70. *Шнейдер Л. Б.* Девиантное поведение детей и подростков. – М., 2005. – 201 с.
71. *Эльконин Д. Б.* Образовательное пространство как пространство развития («школа взросления») // Вопросы психологии. – 1993. – № 1. – С. 27.
72. *Янцева Г.* Наш путь к социальной педагогике // Педагогический поиск, 1993. – № 2. – С. 146–149.

# ТИРКЕМЕЛЕР

*1-тиркеме*

## *Социалдык педагогдордун тажрыйбасынан*

Социалдык педагогдун иши негизинен инсанды калыптандырууга, анын өзүн баалоосун түзөтүүгө, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө жана ички карама-каршылыктарын жеңип өтүүгө багытталышы керек.

Буга чейин эле айтылгандай, мектептеги социалдык-педагогикалык иш жаңы гана башталууда. Ар бир социалдык педагогдун ийгиликтери менен катар өксүктөрү да кездешет. Социалдык педагог мектепте кандай роль ойнойт? Социалдык педагогдор окуу-тарбия процессине таасир этүүгө жетиштиби? Өздөрү мектеп үчүн – педагогикалык жамаат, окуучулар үчүн керек экендигин далилдей алыштыбы? Муну мектеп жетекчилери, класс жетекчилери жана социалдык педагогдордун өздөрү менен жүргүзүлгөн маекти окуганда билебиз.

**Исакова Айгүл Кубатовна, Орок ОМ деректири, Сокулук району, Селекционное айылы**

«Мектептин тарыхында социалдык педагог деген кызмат болгон эмес эле. Бирок 2011-жылы бизде ушундай штат ачылды. Социалдык педагогдун жумушу абдан оор, керектүү. Биздин социалдык педагог Мокишова Гүлназ Женишбековна мектептеги 840 окуучунун ар бирине социалдык паспорт ачты. Мисалы, Сотниковдордун үй-бүлөсүндө төрт бала бар, окууга келе алышы үчүн аларды Гүлназ Женишбековна мектеп кийими, бут кийим, кеңсе буюмдары жана башка бардык зарыл нерселер менен камсыздады. Азыр алар баары сабакка келип жүрөт. Биздин кичи чөлкөмгө «Ак-Ордо» жаңы конушунун тургунунун үй-бүлөсү карайт. Ал авариядан майып болуп калган. Үч балалуу. Гүлназ Женишбековна ал балдарга мектептен тышкарыда да жардам берет. Социалдык педагог алардын тиричилик шартын жакшыртууга көмөктөштү, энесин ооруканага жаткырды. Жүктүн баарын социалдык педагог көтөрүүдө. Мен социалдык педагог мектепке абдан керек деп эсептейм. Бул кызматтагы адистин укуктары менен милдеттери жөнүндө кандайдыр бир токтом чыгарылса жакшы болмок. Көпчүлүк мугалимдер социалдык педагогдун ишин түшүнбөйт. Социалдык педагогдун жардамы менен биз көчкөн үй-бүлөлөрдүн ар кандай себептерге байланыштуу мектепке келбей жүргөн балдарын окууга тарта алдык. Гүлназ Женишбековна чоңдордун жана тууганадарынын кысымына же зомбулугуна кабылышы мүмкүн болгон үй-бүлөлөргө күн сайын барып турат. Социалдык педагогдун ишинин натыйжасында балдар ага өздөрү келип, кыйынчылыктары тууралуу айта баштады. Гүлназ Женишбековна багар-көрөрү жок балдарды жайгаштырат, алардын мектеп материалдарын өздөштүрүүгө жетиши үчүн биз жекече окуу программаларын түзүп жатабыз. **Чынын айтсам, мектепте социалдык педагог иштей баштаганга чейин жардамга абдан муктаж үй-бүлөлөр жана балдар бар экендигин билчү эмеспиз».**

? ***Мектепте социалдык педагогдун кандай милдеттери бар?***

- Окуучунун жана анын үй-бүлөсүнүн социалдык паспортун түзүү мектеп жетекчилерине окуучунун жашоо-тиричилиги жөнүндө маалымат алуу мүмкүндүгүн берет.
- [2]й-бүлөлөргө материалдык жардам (бул социалдык кызматкердин ишине кирет).
- Баланын укуктары жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

**Корж Оксана Леонидовна, Лебединовкадагы №1 мектеп-гимназиянын деректиринин окуу-тарбия иштери боюнча орунбасары**

«Социалдык педагогдун иши азыркы кезде абдан орчундуу, анткени көптөгөн балдар социалдык жактан корголбой, оор абалда калууда. Тилекке каршы, балдардын көбүнө камкордук көрүлбөй, аларга мамлекет да, үй-бүлө да жетишерлик көңүл бурбай келет. Ошондуктан социалдык педагог мектепте абдан маанилүү ишти аткарат. Биздин мектепте мыкты социалдык педагог бар экендиги кубандырат. Михайловская О. В. бейжай үй-бүлөлөрдүн балдары менен чоң иш жүргүзүүдө. Ал өз жумушуна өтө олуттуу жана жоопкерчиликтүү мамиле жасайт. Анын аракетинин натыйжасында бизде окуучулардын катышуусу жүз пайызга жетти, б.а. биздин мектепке тиешелүү кичи чөлкөмдөгү балдардын баары окуп жатат. Ырас, тарбиясы начар балдар ар түрдүү себептерден улам мектепке келүүнү каалабаган учурлар да болду. Мындай балдар оюн автоматтарына, түнкү клубдарга азгырылып, ата-энелери да, туугандары да тыя албай калышкан. Бул балдар менен зор иш жүргүзүлдү. Социалдык педагог жашы жете электер инспектору (ЖЭИ) менен биргеликте балдардын үйлөрүнө барып, аңгемелешип турушат. Мисалы, 7-класстагы тарбиядан өксүгөн Коля К. 8-класска ийгиликтүү көчтү. Мында социалдык педагогдун көмөгү зор болду. [2]йүндө балага эч кимисинин сөзү өтпөй калган экен, Олеся Владимировна болсо бир топ убара чегип жатып акыры тилин табууга жетишти. Күн сайын үйүнө каттап, Коля жана анын туугандары менен дайым маектешип жүрүп, мектепке баруу зарылдыгын түшүндүрүүгө жетишти».

? ***Окуучулардын жетишүүсүн жогорулатуу үчүн социалдык педагог кандай кадамдарды жасоодо?***

- Социалдык педагог опурталдуу абалдагы окуучуларды таап, алар менен алдын алуу иштерин жүргүзөт.
- ЖЭИ менен биргеликте социалдык педагог өспүрүм балдардын түнкүсүн укук бузган учурларын аныктоо үчүн кыдырат.
- Жума сайын мектептеги окуучулардын жүрүм-турумуна көз салып, үйүндөгү кырдаалга байкоо жүргүзөт.

**Атаева Сайрагүл Токтосуновна, Т. Сатылганов атындагы № 69 ОТК деректири**

«Мектептеги социалдык педагогдун ролу абдан зор. Бизде социалдык педагог бар экендигине кубанабыз, анткени мектебибиз – гимназия. Эки имаратыбыз бар, биринде башталгыч класстар, экинчисинде ортоңку жана чоң класстар окуйт. Башталгыч да, чоң класстарда да социалдык педагог бар. Бул кызмат ачылганга чейин тийиштүү жумуштарды уюштуруучу завучтар жүргүзчү, бирок алар ишти толук аткарууга жетишчү эмес. Социалдык педагогдун милдеттери абдан көп, иши оор, көп убакытты талап кылат, анткени ар бир бала менен жекече ишти бир-эки саат эмес, бир нече ай бою жүргүзүүгө туура келет. Ата-энеси алыскы туугандарынын колуна тапшырып салгандыктан кароосуз калган балдар бар. Атүгүл туруктуу жайы жок болгондуктан, сабактан кийин бирде тааныштарыныкына, бирде туугандарыныкына барып, кээде жертөлөлөрдө түнөп, каткан нан жеп калган балдар да кездешет. Социалдык педагог ушундай балдарга да көңүл бурду. Булардын бирин социалдык педагогдордун жана психологдордун жардамы менен Бишкектеги Калыбына келтирүүчү борборго жайгаштырдык. Биз андан кабар алып, сакайышына көз салып турдук. Бала ага кам көргөн адамдар бар экендигин сезип калды. Анын ата-энеси ажырашып кетип, жеңесинин өгөйлөгөн мамилесине кабылган экен. Акыры жеңеси менен бир үйдө тура албай калыптыр. Баланы Петрушевскийдин борборуна орноштурдук, анда бир топ мезгил тургандан кийин кесиптик техникалык окуу жайына кирди. Анан окуусуна да көз салып турдук – ал жакшы окуду. Дагы бир баланын ата-энеси ажырашып, кыйын абалда калган эле. Социалдык педагог бул балага жардам берүүгө абдан көп күч жумшады. Баланын таежеси борборго бербей койду. Быйыл

бала 8-классты бүтүрдү. Бирок биз аны менен дайым кабарлашып турабыз, социалдык педагог таежесинин үйүндө кандай жашап жатканына көз салат. Социалдык педагог жардамга муктаж балдарга дайым көңүл бурат. Мектеп да оор абалда калган балдарга жардам берет, мисалы, мектептин атынан аларга каржылык жардам көрсөтүлүп жатат».

**?** ***Социалдык педагог өз ишин кандайча пландайт?***

- Баланын жана класстын социалдык паспортун түзүүдө бейжай үй-бүлөлөрдү аныктайт, б.а. туугандарынын колунда калган балдарды табат.
- Зарыл учурларда балдарды калыбына келтирүүчү борборлорго орноштурат.
- Кесипке багыттоо иштерин жүргүзүп, балдардын келечектеги ордун табышына: керектүү билим алышына жана кесипке ээ болушуна жардам берет.
- Опуртал топтогу балдардын тагдырына көз салат.

**Саяпова Роза Ибрагимовна, социалдык педагог, Маевка орто мектеби, Аламүдүн району**

«Мен мектеп деректиринин тарбия иштери боюнча орунбасары болуп, тарбиячынын жана уюштуруучунун иштерин айкалыштырууга аргасыз болуп келгенмин. Азыр социалдык педагог катары негизинен шарты начар үй-бүлөлөрдүн өзгөчө көңүл бурууга муктаж балдары менен иштешип, ата-энелер жана мугалимдер менен ар түрдүү семинарларды өткөрүп турам. Быйыл «Эмне үчүн балдар тарбияга каршылык көрсөтөт?» деген темада семинар өткөрдүм. Анда ата-энелер, класс жетекчи жана социалдык педагог биргеликте баланын коомго жакшы аралашуусу үчүн эмне кылса болору талкууланды

Мектепте биз ар бир баланын социалдык паспортун ачып, ага бала жөнүндө маалыматты өз убагында толуктап, тактап турабыз. Бул балдар менен иштешүүнү кыйла жеңилдетет. Биз баланын социалдык паспортун кунт коюп иликтеп, анын кандай кыйынчылыктарга туш келгенин, ага кантип жардам берүү керектигин билебиз.

Мен шаардан көчүп келген бейжай үй-бүлөнү иликтедим. Андагы бала биздин мектептин кичи чөлкөмүнө катталган эле. Аны таап мектепке алып келгенимде, директир эмне кыларын билбей калды: ал сабакка такыр келбей жүрүптүр. Көрсө, үй-бүлөсү бирде шаарга кетип, бирде кайра айылга келип, бир жерде туруктуу жашабагандыктан, бала мектепке бара албай калган экен. Азыркы кезде биз баланы 1-класска алып окута баштадык. Ал абдан кубанып, дилгирлик менен окуп жатат. Апасы да буга ыраазы, бирок ичкенин токтото албай келет. Биз колубуздан келишинче жардам көрсөтүп жатабыз – окуу китептерди бекер беребиз, материалдык жактан да көмөктөшөбүз. Баланын жашоо шарты санитардык талапка туура келбейт, бирок биз кабар алууга барганыбызда апасы үйүн иретке келтирүүгө аракеттенип калат. Бала окуганды абдан жактырат, андыктан мени апа деп алган. Балага кам көргөнүбүз ушундай ишенимге өбөлгө болду».

**?** ***Социалдык педагог мектепте кандай роль ойнойт?***

- Мугалимдер жана ата-энелер үчүн маалымат берүү семинарларын өткөрөт.
- Балдардын кыйынчылыктарын аныктоочу анкеталарды жүргүзөт.
- Балдардын мектепке тартылышын мониторингдеп турат.
- Муктаж балдарга материалдык жардам уюштурат.

**Бырдина Татьяна Алексеевна, 8-Б класстын жетекчиси, Маевка орто мектеби**

«Биз мектептеги социалдык педагогубуз менен жакындан иштешип, анын кеңештерин угабыз, окуучулардун үйүнө чогуу барабыз, тарбиядан өксүгөн балдар менен маектешебиз, мектепке туугандарын чакырабыз. Мен мүнөздөмө жазып, үйлөрдү кыдырып, ата-энелер менен сүйлөшөм. Анан бул ишке социалдык педагогду тартып, жагдайды айтып берем. Эгер кырдаал өтө оор болсо, алдын алуу кеңешине талкуулап, ата-эне менен баланын өзүн чакырабыз. Мен социалдык педагогдун аракети менен гана Катя С. 8-класска көчө алды деп эсептейм. Биз бул кыздын жашоосуна дайым көз салып жүрдүк. Сабакка келбей калса, үйүнө барып, себебин билип турдук. Социалдык педагог менен жакшы иштешкенибиз үчүн балдар сабактан калбай, аларга кам көргөн адамдар бар экендигин сезе баштады».

? ***Социалдык педагог мугалимдер жамааты менен кантип иштешет?***

- Мугалимдердин тарбиясы начар өспүрүмдөр менен иштөөдөгү педагогикалык ишбилгилигин арттырууга өбөлгө түзөт.
- Опуртал топтогу балдар менен алдын алуу иштерин жүргүзүүгө көмөктөшөт.
- Өспүрүмдөр менен мугалимдер ортосундагы мамилени жакшыртат.

**Ажогулова Турганбүбү Жусуповна, № 69 ОТК башталгыч класс мугалими**

«Бейжай үй-бүлөлөрдө жашаган балдар мектеп программасын өздөштүрүүдө өтө кыйналышат. Аларга жардам берүү үчүн биз мептептин социалдык педагогу менен чогуу иш жүргүзөбүз. Бул жагынан жакшы натыйжаларга жетиштик деп ойлойм. Мисалы, мен биринчи класстан бери окутуп келаткан Мухтар апасы каза болгондон бери абдан кыйналып жүрөт – атасы арак ичет экен. Биринчи класска таежеси алып келген. Бала сабагын көп калтырчу, тил укпай, майда уурулукка да үйрөнө баштады. Социалдык педагог бул бала менен көп иштеди. Анан Мухтар сабакка келип, атүгүл жакшы окуп калды. Менимче, бул ийгиликке социалдык педагог себепкер болду».

? ***Социалдык педагог башталгыч мектепте кандай жардам бере алат?***

- Социалдык паспорт түзүүгө жана үй-бүлөлөрдүн кыйынчылыктарын аныктоого көмөктөшөт.
- Опуртал топтогу балдар менен иш жүргүзөт.
- Бейжай үй-бүлөлөрдөгү балдардын жетишүүсүнө мониторинг жүргүзөт.

*2-тиркеме*

## Социалдык педагог үчүн документтердин сунушталуучу форматтары

**Кайрылууларды каттоо**

**ЖУРНАЛЫ**

Билим берүү мекемесинин толук аталышы ___________________________________

| Дата | Кеп-кеңеш жүргүзүү убактысы | Кеп-кеңеш алган адамдын курагы (жынысы, аты) | Кайрылуу-нун себеби | Маселе | Кеп-кеңештин жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |

***Эскертүү.*** Кеп-кеңеш алуучунун аты толук жазылат же жашыруун белгиленет. Кеп-кеңеш жүргүзүү убактысы бир айда, жылда кеп-кеңешке канча убакыт жумшаларын билүүгө, демек, кийинки жылдагы ишти пландоодо муну эске алууга мүмкүндүк берет.

**Топ менен иштөө түрлөрүн каттоо**

**ЖУРНАЛЫ**

| Билим берүү программасынын аталышы | Тренингдин темасы же аталышы | Иштин түрү (фор-масы) | Максаты | Жолугушуу датасы | Жыйын-тыгы | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

***Эскертүү.*** Билим берүү мекемесидеги социалдык педагогдун ишинин топ менен иштөө түрлөрүнө төмөнкүлөрдү кошууга болот:

- балдар же чоңдор (педагогдор, ата-энелер) менен тренинг;
- белгилүү программа боюнча балдар менен иш жүргүзүү (сабактарды өтүү);
- педагогдор менен семинар, лекция, усулдук сабак өткөрүп туруу.

**Үй-бүлөнүн социалдык картасы**

__________________________________________ _________-класстын окуучусу, ___________ -жылы

туулган. Толтуруу датасы: 201__-ж. «_____»______________

1. Дареги: ____________________________________________________________________________

2. Күйөөсүнүн аты-жөнү, туулган датасы:_______________________________________________

3. Аялынын аты-жөнү, туулган датасы: _________________________________________________

4. Үй-бүлөдөгү балдардын саны: ______________________________________________________

5. Балдардын жаш курагы:

   6 башка чейин __________________________________________________

   6дан 19 жашка чейин ____________________________________________

   16дан 18 жашка чейин ___________________________________________

6. Үй-бүлөнүн түрү:

   Толук үй-бүлө _______________________ Толук эмес үй-бүлө ___________________________

   а) апасы жалгыз тарбиялайт __________ б) атасы жалгыз тарбиялайт ____________________

   в) чоң энеси, чоң атасы жалгыз же туугандарынын бири жалгыз тарбиялайт_____________

7. Балага камкорчулук кылган үй-бүлө (эгер камкорчулугунда баласы бар болсо, алардын аты-жөнү, туулган датасы) ________________________________________________________________

   ________________________________________________________________________________

8. Качкындардын балалуу үй-бүлөсү __________________________________________________

9. 18 жашка чейинки иштебеген жана окубаган өспүрүмдөр _________________________________

   ________________________________________________________________________________

10. Ата-эненин билими:

    жогорку__________________________ орто ____________________________________

    атайын орто ________________ 9 класс жана андан төмөн _____________________

11. Адистиги:

    – гуманитарная ________________________________________
    – гуманитардык ________________________________________
    – техникалык __________________________________________
    – медициналык ________________________________________
    – педагогикалык _______________________________________
    – экономикалык _______________________________________
    – соода, камдоо ________________________________________
    – айыл чарба кызматкери _______________________________
    – куруучу _____________________________________________
    – ар түрдүү багыттагы усталар __________________________

12. Күйөөсүнүн иштеген жери жана кызматы ___________________________________

13. Аялынын иштеген жери жана кызматы ______________________________________

14. Үй-бүлөнүн кирешеси (жардамга муктаж же муктаж эмес) ____________________

15. Үй чарбасы барбы ________________________________________________________

16. Көмөкчү чарбасы барбы ___________________________________________________

17. Турак жайы барбы (муктажбы же муктаж эмеспи) ___________________________

18. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугу:

– жашы чоң майыпта ________________________________

– майып балдар _____________________________________

– өнөкөт оорулар ___________________________________

____________________________________________________________

19. Сыйлыктары, ардактуу наамдары, жеңилдиктери ______________________________

20. Борбордун (үй-бүлөгө жардам ж. б. у. с. борбордун) каттоосунда турабы же жокпу ___________

_________________________________________________________________________________

21. Үй-бүлөдөгү негизги кыйынчылыктар:

_________________________________________________________________________________

_________________________________________________________________________________

Толтурган: _________________________________________________________

**Балдар жөнүндө жалпы маалымат**

| № | Аты-жөнү | Жаш курагы | Кайда окуйт, иштейт | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | |
| 2. | | | | |
| 3. | | | | |
| 4. | | | | |
| 5. | | | | |
| 6. | | | | |
| 7. | | | | |
| 8. | | | | |

Балдардын кызыкчылыктары __________________________________________

Окуучунун иштеген жери ____________________________________________

## Үй-бүлөнүн тарбиялоо мүмкүнчүлүктөрү

Окуучунун тарбиялуулук деңгээли ___________________________________________
(жогору, орто, төмөн)

Ата-эненин педагогикалык маданиятынын деңгээли

Атасыныкы ___________________________________________
(жогору, орто, төмөн)

Апасыныкы ___________________________________________
(жогору, орто, төмөн)

Үй-бүлөдөгү жагдай (микроклимат) ___________________________________________
(жакшы, туруктуу, анча жакшы эмес, туруксуз, начар)

Үй-бүлөнүн багыттуулугу ___________________________________________
(коомдук багыттуу, жекечил, коомго жат)

Үй-бүлөдөгү тарбиялык жагдай ___________________________________________
(жагымдуу, татаалдашкан, начар)

Үй-бүлө түрү ___________________________________________

Эскертүү:__ ___________________________________________

___________________________________________

Класс жетекчи: ___________________________________________

Социалдык педагог: ___________________________________________

## _________ – класстын социалдык паспорту

### *201__ – 201__ -окуу жылына карата*

Класс жетекчи: ___________________________________________

Бардык окуучулар _______ мунун ичинен ________ кыз, __________ бала

Класстын активи ______________ окуучу

Класстын командири ___________________________________________

Класстын Мектеп кеңешиндеги өкүлү ___________________________________________

Нөөмөтчүлүк үчүн жооптуу ___________________________________________

Маданий иш чараларды уюштуруучу ___________________________________________

Редколлегия: ___________________________________________

___________________________________________

Окуу сектору: ____________________________________________

____________________________________________

Спорт сектору: ____________________________________________

____________________________________________

**Жалаң «бешке» окуган окуучулар**

| Окуучунун аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Ата-энесинин аты-жөнү | Ата-энесинин иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Жетишүүсү начар окуучулар**

| Окуучунун аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Ата-энесинин аты-жөнү | Ата-энесинин иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Жашы жете электер инспекторунун (ЖЭИ) каттоосунда турган окуучулар**

| Окуучунун аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Ата-энесинин аты-жөнү | Ата-энесинин иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Мектеп ичиндеги атайын каттоодо турган окуучулар**

| Окуучунун аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Ата-энесинин аты-жөнү | Ата-энесинин иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Өксүгү бар окуучулар**

| Окуучунун аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Ата-энесинин аты-жөнү | Ата-энесинин иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Класстын ата-энелер активи**

| Класстагы аткарган милдеттери | Ата-эненин аты-жөнү | Иштеген жери, кызматы | Үй дареги жана телефону |
|---|---|---|---|
| Мектеп Кеңешинин мүчөсү | | | |
| Ата-энелер комитетинин төрагасы (төрайымы) | | | |
| Ата-энелер комитетинин мүчөлөрү | 1.<br>2.<br>3. | | |

**Өксүгү бар үй-бүлөлөр**

| Окуучунун аты-жөнү | Ата-энесинин аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Маселе |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Көп балалуу үй-бүлөлөр**

| Окуучунун аты-жөнү | Ата-энесинин аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Үй-бүлөдөгү балдардын саны |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Аз камсыздалган үй-бүлөлөр**

| Окуучунун аты-жөнү | Ата-энесинин аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Үй-бүлөнүн ар бир мүчөсүнө эсептеген-деги киреше |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Жетим балдар**

| Окуучунун аты-жөнү | Камкорчулардын аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Документтердин барлыгы |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Жарым жетим балдар**

| Окуучунун аты-жөнү | Ата-энесинин аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Себеби |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

**Социалдык жетимдер**

| Окуучунун аты-жөнү | Ата-энесинин аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Себеби |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

Толтурулган датасы: _______________ Толтурган: ______________________________________

## _____ – класстагы окуучулардын үй-бүлөлөрү жөнүндө жалпы маалыматтар

***201__ –201__-жылга карата***

Класс жетекчи: ________________________________________________________

Класстагы окуучулардын саны ______ мунун ичинен ______ кыз, ______ бала

***Класстын активи***

Класс командири ____________________________________________________

**Класстын ата-энелер активи**

| № | Аты-жөнү | Үй дареги жана телефону | Иштеген жери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |
| | | | |

## Окуучулардын үй-бүлөлөрү жөнүндө жалпы маалыматтар

*Төмөнкүлөрдүн барлыгын белгилегиле:*

1. ынтымак, жакшы үй-бүлөлөр ____
2. көп балалуу үй-бүлөлөр ______, _______ балалуу
3. толук эмес үй-бүлөлөр ____________

*Мунун ичинен:*

- жалгыз бой энелер ____, _____ балалуу
- ажырашкан ____, _____ балалуу
- багар-көрөрү жок үй-бүлөлөр ______ , _____ балалуу

4. аз камсыздалган үй-бүлөлөр _____, _______ балалуу
5. бейжай үй-бүлөлөр______ , _____ балалуу
6. камкорчу үй-бүлөлөр______ , _____ балалуу
7. майып баласы бар үй-бүлөлөр _____
8. көп балалуу үй-бүлөлөр______ , _____ балалуу
9. ата-энелик укугунан ажыраган ата-энелер __________ , _____ балалуу
10. _______ кишиге камкорчулук таризделген
11. _______ киши багып алынган
12. ата-энеси майып үй-бүлөлөр ____________
13. качкын, журт которгон үй-бүлөлөр _____
14. чернобылчылар ______

**Мектептин социалдык паспорту**

**______________________________га карата**

| | Бардыгы | Жалпы санынын %ы |
|---|---|---|
| Мектептеги бардык балдар | | |
| Бардык үй-бүлөлөр | | |
| Бардык ата-энелер | | |
| Үй-бүлөлөрдөгү балдардын саны:<br>– мунун ичинен окуучулар<br>– мунун ичинен мектеп жашына чейинкилер | | |
| «Опуртал топтогу» окуучулар:<br>– мунун ичинен ЖЭИ каттоосунда<br>– ЖЭК каттоосунда<br>– мектептин атайын каттоосунда | | |
| Майып окуучулар | | |
| Социалдык кооптуу үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар | | |
| Толук эмес үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар | | |
| Көп балалуу үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар | | |
| Камкорчулукка алынган үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар | | |
| Аз камсыздалган үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар<br>– Шашылыш социалдык жардам борборунда катталган үй-бүлөлөрдүн саны | | |
| Журт которгон жана качкын үй-бүлөлөр:<br>– алардагы балдар | | |
| Ата-энелердин жумуштуулугу: | | |
| Иштеген ата-энелер | | |
| Иштебеген ата-энелер | | |

| | | |
|---|---|---|
| Пенсионерлер | | |
| Үй кожейкелери | | |
| Майып ата-энелер | | |
| Жеңилдиктери бар ата-энелер | | |

Мектеп деректири: ___________________________________

Социалдык педагог:___________________________________

Социалдык педагогдун жылдык отчету

1. Билим берүү мекемесинин максаттары жана милдеттери
2. Коомдук чөйрөнүн мүнөздөмөсү
3. Билим берүү мекемесинин социалдык паспорту
4. Ишинин негизги багыттары:
   - кеп-кеңеш берүү
   - уюштуруу-усулдук
   - диагноздоочу
   - түзөтүүчү
   - социалдык-укуктук коргоо
5. Талдоо отчету:
   - изилдөөнүн максаты, объекти, предмети
   - гипотеза
   - диагноздоо усулун тандоону негиздөө
   - изилдөө натыйжаларын тааныштыруу
   - алынган маалыматтарды талдоо
   - жыйынтык жана сунуштар
6. Келерки жылга карата милдеттер

*3-тиркеме*

## Топтогу инсан аралык мамилелерди аныктоо усулу

(Дж. Моренонун социометриясы)

Бул усул окуучулардын социалдык макамын аныктап билүү үчүн сунушталат.

1. Сурам жүргүзүү үчүн суроолорду даярдоо.
2. Карточкаларды даярдоо.
3. Карточка толтуруу боюнча нускамаларды берүү.

   Нускама: таркатма карточкаларга классташтардын аты-жөнүн жазуу сунушталат.

   Алынган маалыматтын негизинде матрица толтурулат:

   1. карточкаларды алфавит боюнча жайгаштыруу;
   2. матрицага окуучунун тандоосун түшүрүү.

*Биринчи критерий*: «Өзүңө ишеничтүү дос танда».

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Адамов | X | + | | | | | + | | | | | + | | |
| 2 | Асанов | + | X | | | | + | | | | + | | | | |
| 3 | Гариев | | + | X | + | | | | | | | | | + | |
| 4 | Доолотов | | + | | X | | + | | | | | + | | | |
| 5 | Есеналиева | | | | | X | | | | | + | + | + | | |
| 6 | Кочкаров | | + | | | | X | | + | | | | | | |
| 7 | Куканова | | | | | + | | X | | | | + | | | + |
| 8 | Пулатов | + | + | | | | + | | X | | | | | | |
| 9 | Парпиев | | + | | | | + | | | X | | | | + | |
| 10 | Рахмонова | | | | | + | | | | | X | + | | | + |
| 11 | Султанова | | | | | + | | | | | | X | + | + | |
| 12 | Табалдиева | | | | | + | | | | | | | X | + | + |
| 13 | Турдуев | + | | | | | | | + | + | | | | X | |
| 14 | Шаматова | | | | | + | | | | | | | + | + | X |
| Тандоо саны | | 3 | 6 | 0 | 1 | 5 | 4 | 1 | 2 | 1 | 2 | 4 | 4 | 5 | 3 |

Матрицаны толтуруунун натыйжасына ылайык, бул критерий боюнча «социометриялык жылдыз» Асанов деген окуучу болуп чыгат. Бирок социалдык педагог ушул критерий боюнча четте калган Гариевге көңүл бурушу зарыл.

*Экинчи критерий:* «Пикирин баалуу деп эсептеген классташыңды танда».

| **№** | **Окуучунун аты-жөнү** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** | **12** | **13** | **14** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Адамов | X | + | | | | | + | | | | | + | | |
| 2 | Асанов | + | X | | | | + | | | | + | | | | |
| 3 | Гариев | | + | X | + | | | | | | | | | + | |
| 4 | Доолотов | | + | | X | | | + | | | | + | | | |
| 5 | Есеналиева | | | | | X | | | | | + | | + | | + |
| 6 | Кочкаров | | + | | | | X | | + | | | | | | |
| 7 | Куканова | | | | | + | | X | | | | + | | | + |
| 8 | Пулатов | + | + | | | | + | | X | | | | | | |
| 9 | Парпиев | | + | | | + | + | | | X | | | | | |
| 10 | Рахмонова | | | | | + | | | | | X | + | | | + |
| 11 | Султанова | | | | | + | | | | | | X | + | + | |
| 12 | Табалдиева | | | | | + | | | | | + | | X | | + |
| 13 | Турдуев | | | | + | | | | + | + | | | | X | |
| 14 | Шаматова | | | | | + | | | | | | | + | + | X |
| Тандоо саны | | 2 | 6 | 0 | 2 | 6 | 3 | 2 | 2 | 1 | 3 | 3 | 4 | 3 | 4 |

Бул критерий боюнча эки «социометриялык жылдыз»: Асанов жана Есеналиева аныкталды, ал эми Гариев дагы эле четте калды.

*Үчүнчү критерий:* «Жакында биз жүрүшкө чыгабыз; чатырчада чогуу жашаш үчүн классташтарыңдан шерик танда».

| № | **Окуучунун аты-жөнү** | **1** | **2** | **3** | **4** | **5** | **6** | **7** | **8** | **9** | **10** | **11** | **12** | **13** | **14** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Адамов | X | + | | | | | + | | | | | + | | |
| 2 | Асанов | + | X | | | | + | | | | + | | | | |
| 3 | Гариев | | + | X | + | | | | | | | | | + | |
| 4 | Доолотов | | + | | X | | | | + | | | + | | | |
| 5 | Есеналиева | | | | | X | | + | | | | + | + | | |
| 6 | Кочкаров | | + | | | | X | | + | | | | | | |
| 7 | Куканова | | | | | + | | X | | | | + | | | + |
| 8 | Пулатов | + | + | | | | + | | X | | | | | | |
| 9 | Парпиев | | + | | | | + | | | X | | | | + | |
| 10 | Рахмонова | | | | | + | | | | | X | + | | | + |
| 11 | Султанова | | | | | + | | | | | | X | + | + | |
| 12 | Табалдиева | | | | | + | | | | | | | X | + | + |
| 13 | Турдуев | + | | | | | | | + | + | | | | X | |
| 14 | Шаматова | | | | | + | | | | | | | + | + | X |
| Тандоо саны | | 3 | 6 | 0 | 1 | 5 | 3 | 2 | 3 | 1 | 1 | 4 | 4 | 5 | 3 |

Биринчисиндегидей эле, мында да «социометриялык жылдыз» болуп Асанов тандалды. Буга чейинкидей эле, Гариевди эч ким тандабады.

Бул кооптуу белгини эске алып, социалдык педагог ушул окуучуга өзгөчө көңүл бурушу керек. Классташтары менен болгон мамилесин билүү үчүн ал жөнүндө толугураак маалымат топтоо зарыл.

*4-тиркеме*

## Психологиялык «күйүп-бышуу» жышаандарын (симптомдорун) аныктоо усулдары

### *В. В. Бойконун эмоциялык күйүү деңгээлин диагноздоо усулу*

**Өзүңүздү текшериңиз.** Эгер сиз адамдар менен иштешүүнүн кайсы бир чөйрөсүндө кесипкөй адис болсоңуз, эмоциялык «күйүп-бышуу» жышааны өзүңүздө бар же жок экендигин билүүгө кызыгасыз. Тесттеги ырастоолорду окуп, «ооба» же «жок» деп жооп бериңиз. Суроо тизмегиндеги суроолордо сөз сиздин кесиптик ишмердигиңиздеги өнөктөрүңүз (кардарларыңыз, керектөөчүлөрүңүз, окуучуларыңыз, педагогдор жана башка сиз күн сайын иштешип жүргөн адамдар жөнүндө баратканын эске алыңыз.

**ТЕСТ**

1. Жумуштагы уюштурууга байланышкан кемчиликтер дайыма тынчсызданып, кыжаалат болууга, чымырканууга аргасыз кылат.
2. Бүгүн мен өз кесибиме жаңыдан иштей баштагандагыдай эле ыраазымын.
3. Мен кесип же адистик тандоодон жаңылган экенмин (өз ордумду таппай калыптырмын).
4. Начарыраак иштеп калганыма тынчсызданам (ишимдин өнүмү аз, сапаты төмөн, ылдамдыгы жай болууда).
5. Өнөктөр менен мамилем маанайымдын жакшы же жаман экендигине жараша абдан бат өзгөрүп турат.
6. Менин кесипкөйлүгүмдөн өнөктөрүмдүн жайлуу жашоосу анча көз каранды эмес.
7. Жумуштан үйгө келгенде, эч ким тынчымды албасын деп бир топ убакыт (2-3 саат) өзүм жалгыз отургум келет.
8. Чарчап же чыңалып турганда өнөгүмдүн маселесин тезирээк чечип салгым (иштешүүнү токтотуп койгум) келет.
9. Мен өнөктөрүмө кесиптик парзым талап кылгандай эмоциялык колдоо көрсөтө албайт окшойм.
10. Жумушум сезимимди мокотуп баратказсыйт.
11. Мен жумушта иштешүүгө туура келген адамдардын маселелеринен чарчап бүттүм.
12. Кээде жумушка байланышкан маселелерден улам жакшы уктай албай кыйналам.
13. Өнөктөрүм менен иштешүүгө катуу күч-аракет жумшоо талап кылынат.
14. Адамдар менен иштөөдөн анча канагат албайм.
15. Мүмкүнчүлүк болсо, башка жумушка өтүп иштемекмин.
16. Мен көбүнчө шериктериме тийиштүү кесипкөй колдоо, жардам, көмөк көрсөтө албаганым үчүн тынчсызданам.
17. Мен маанайым чөгүп турганынын ишкер байланыштарга терс таасир этишине жол бербегенге дайым жетише алам.
18. Мен ишкер өнөгүм менен мамилем ойдогудай болбой калса катуу капа болом.
19. Жумушта ушунчалык катуу чарчагандыктан, үйдөгүлөр менен мүмкүн болушунча аз сүйлөшүүгө аракеттенем.
20. Убакыттын тартыштыгынан, чарчагандыктан же чыңалуудан улам өнөгүмө жакшы көңүл бура албайм.
21. Кээде жумуштагы жөнөкөй эле баарлашуу кырдаалы кыжырымды келтирет.
22. Мен өнөктөрүмдүн жүйөлүү дооматтарын ачууланбай кабылдайм.

23. Өнөктөрүм менен баарлашуу адамдар менен сүйлөшүүдөн качкан адатыма себеп болду.
24. Жумуштагы айрым кесиптештеримди же өнөктөрүмдү эстегенде, маанайым чөгөт.
25. Кесиптештерим менен болгон чатактарга же пикир келишпестиктерге күчүм, эмоциям көп коройт.
26. Ишкер өнөктөрүм менен байланыш түзүү, сактап туруу мен үчүн улам кыйындап баратат.
27. Жумуштагы жагдай мага өтө оор, татаал көрүнөт.
28. Мен көп учурларда: бир нерсе болот, ката кетирем, иштин баарын талап кылынгандай аткара албайм, жумуштан кетиришет ж. б. у. с. деп жумушка байланыштуу тынчсызданып, кооптоно берем.
29. Эгер өнөгүм жакпаса, аны менен сүйлөшүү убактысын азайтууга же ага азыраак көңүл бурууга аракеттенем.
30. Жумуштагы мамилелеримде мен «бирөөгө жакшылык кылбасаң, жамандык көрбөйсүң» деген принципти колдоном.
31. Үйдөгүлөргө жумушум жөнүндө жан дилим менен айтып берем.
32. Кээ бир күндөрдө менин жан маанайым жумуштун натыйжалуулугуна терс таасир тийгизет (аз иштейм, жумуштун сапаты да начарлайт, чыр-чатак болот).
33. Кээде өнөктөргө эмоциялык жактан дилгир мамиле жасаш керектигин сезип турсам да, анте албайм.
34. Мен өз ишим үчүн өтө тынчсызданам.
35. Жумуштагы өнөктөргө канчалык жакшы көңүл буруп, кам көрсөң да, алар анча ыраазы болбойт.
36. Жумушту ойлогондо тынчым кетет: жүрөгүм сайгылашып, кан басымым жогорулайт, башым ооруйт.
37. Түздөн-түз башкарган жетекчи менен мамилем жакшы (толугу менен канааттандырарлык).
38. Мен көбүнчө ишим элге пайда келтирип жатканына кубанам.
39. Соңку мезгилде (же демейкидей эле) ишим жакшы жүрүшпөй жатат.
40. Жумушумдун айрым жактары (жагдайлары, фактылары) абдан көңүл калтырат, капалантат.
41. Кээде өнөктөр менен мамилем демейкиден начар болот.
42. Ишкер өнөктөрдүн ниетин түшүнүү мен үчүн кыйын.
43. Жумуштан чарчагандыктан мен досторум жана тааныштарым менен баарлашуудан качам.
44. Мен адатта иштен тышкары деле өнөгүмдүн инсанына кызыгам.
45. Демейде мен жумушка эс алып, көңүлдүү маанайда келем.
46. Кээде мен өнөктөр менен жылуу мамиле жасабай эле, автоматчасынан иштешкенимди байкап калам.
47. Жумушта ушунчалык жагымсыз адамдар кездешкендиктен, аларга жамандык каалап кеткенимди билбей калам.
48. Жагымсыз өнөк менен сүйлөшкөндөн кийин ден соолугум же психологиялык саламаттыгым начарлайт.
49. Жумушта дайыма күч келтирүүчү же психологиялык жүктү сезем.
50. Иштеги ийгилик шыктандырат.
51. Мен жумушта туш келген кырдаалды оңдоого мүмкүн эмес (дээрлик мүмкүн эмес) экен.
52. Жумуштун айынан жаным тынч албай калды.
53. Быйыл менин дарегиме өнөктөрүм тараптан даттануу (даттануулар) болду.
54. Өнөктөр менен болгон көп жагдайларды жүрөгүмө жакын кабылдабагандыктан, мен нервимди сактоого жетишип жатам.
55. Мен көбүнчө жумуштагы терс маанайды үйгө ала келем.
56. Мен көбүнчө өтө күчүркөнүп иштейм.
57. Мурда мен өнөктөргө азыркыга караганда жакшыраак көңүл буруп, дилгир мамиле жасачумун.

58. Адамдар менен иштешкенде «нерв коротпой, ден соолугуңду сакта» деген эрежени жетекчиликке алам.
59. Кээде жумушка мойнуна байлагандай иттей барам: баарынан тажап, эч кимди көргүм, уккум келбейт!
60. Жумуш аяктаганда бүт денем оорлошуп калат.
61. Мени менен иштеген өнөктөр абдан жаман.
62. Кээде мага жетишкен натыйжа алпурушканыма арзыбастай көрүнөт.
63. Эгер ишим жакшы жүрүшсө, бактылуураак болмокмун.
64. Жумуштагы кыйынчылыктардан башым катып, эмне кыларымды билбейм.
65. Кээде өнөктөр менен өзүмө каалабагандай мамиле жасайм.
66. Өзгөчө кечиримдүү, илбериңки мамилени талап кылган өнөктөрдү жактырбайм.
67. Жумуштан кийин көбүнчө үйдөгү иштерге такыр күчүм калбайт.
68. Демейде мен убакытты шаштыргансып, жумуш күнүн эртерээк аяктоого ашыгам.
69. Өнөктөрдүн абалына, өтүнүчтөрүнө, муктаждыктарына мен чын ыкластан тынчсызданам.
70. Адамдар менен иштегенде мен көбүнчө бирөөлөрдүн азап-тозогун, капасын сездирбеген экран аркылуу карагандай мамиле кылам.
71. Адамдар (өнөктөр) менен иштешүүдөн мен абдан көңүлүм калган.
72. Күч-кубатыма келүү үчүн мен көбүнчө дары-дармек ичем.
73. Демейде менин жумуш күнүм тынч, оңой өтөт.
74. Аткарылуучу ишке карата талаптарым ар түрдүү жагдайларга байланыштуу иш жүзүндө мен жетишкен натыйжадан жогору болот.
75. Менин кызматтык өсүшүм ойдогудай болду.
76. Мен жумушка байланышкан нерселердин баарына өтө катуу тынчсыздана берем.
77. Айрым негизги өнөктөрүмдү көргүм да, уккум да келбейт.
78. Мен өздөрүн унутуп коюп, башкаларга (өнөктөрүнө) кам көргөн кесиптештеримди жактырам.
79. Жумуштагы чарчаганым демейде үйдөгүлөр жана досторум менен баарлашканыма таасир этпейт (эч кандай таасир этпейт).
80. Эгер мүмкүнчүлүк болсо, өнөгүм байкабагыдай кылып мен ага азыраак эле көңүл бурам.
81. Мен жумушта чарчагандан жана адамдар менен сүйлөшүүдөн көбүнчө ачуумду токтото албай калам.
82. Жумушта болгон нерселердин баарына (дээрлик баарына) кызыкпай, кайдигер болуп баратам.
83. Адамдар менен иштөө менин кесипкөйлүгүм тескери таасир тийгизди – ачуулуу, кыжырдуу болуп, сезимим мокоп кетти.
84. Адамдар менен иштөө менин ден соолугума зыян келтиргени анык.

МААЛЫМАТТАРДЫ ИШТЕТҮҮ

Жооптун ар бир варианты тийиштүү сандагы упай менен бааланат. Алар ар бир ырастоонун тушундагы кашаанын ичиндеги «ачкыч» түрүндө берилген. «Ачкычтарга» карай упай эсептелет:

1) ар бир жышаан үчүн упайлар суммасы аныкталат;
2) үч фазанын ар бири үчүн көрсөткүчтөр суммасы эсептеп чыгарылат;
3) жыйынтык көрсөткүч табылат.

ЧЫҢАЛУУ

1. Психологиялык оор жагдайларды баштан кечирүү

+ 1 (2), + 13 (3), + 25(2), – 37(3), + 49(10), + 61 (5), – 73(5)

2. Өзүнө канааттанбагандык

   – 2(3), + 14(2), + 26(2), – 38(10), – 50(5), + 62(5), + 74(3)

3. «Торго камалып калгандык»

   + 3(10), +15(5), + 27(2), + 39(2), + 51(5), + 63(1), – 75(5)

4. Тынчсыздануу жана чүнчүү

   + 4(2), + 16(3), + 28(5), + 40(5), + 52(10), + 4(2), + 76(3)

РЕЗИСТЕНЦИЯ

1. Жөнү жок бөлүп, эмоциялык жооп кылуу

   +5(5), – 17(3), + 29(10), + 41(2), + 53(2), + 65(3), + 77(5)

2. Эмоциялык-ыймандык багытын жоготуп коюу

   + 6(10), – 18(3), + 30(3), + 42(5), + 54(2), + 66(2), – 78(5)

3. Эмоцияны үнөмдөө чөйрөсүн кеңейтүү

   + 7(2), + 19(10), –31(2), + 43(5), + 55(3), + 67(3), – 79(5)

4. Кесиптик милдеттердин жеңилдетилиши (редукцияланышы)

   + 8(5), + 20(5), + 32(2), – 44(2), + 56(3), + 68(3), + 80(10)

ЖҮДӨП КЕТҮҮ

1. Эмоциялык тартыштык

   + 9(3), + 21(2), + 33(5), – 45(5), + 57(3), – 69(10), + 81(2)

2. Эмоциялык кайдигерлик (чоочундашуу)

   +10(2), + 22(3), – 34(2), + 46(3), + 58(5), + 70(5), + 82(10)

3. Инсандык чоочундашуу (деперсоналдашуу)

   +11(5), + 23(3), + 35(3), + 47(5),+ 59(5), + 71(2), +83(10)

4. Психосоматикалык жана психовегетативдик өксүктөр

   + 12(3), + 24(2), + 36(5), + 48(3),+ 60(2), + 72(10), + 84(5)

**Натыйжалардын чечмелениши**

Бул усул эмоциялык «күйүп-бышуу» абалын кылдат сүрөттөөгө мүмкүндүк берет. Эң оболу айрым жышаандарга көңүл буруу керек. Ар бир жышаандын айкындык көрсөткүчү 0дөн 30 упайга чейинки аралыкта болот:

9 жана андан аз упай – калыптанбаган жышаан;

10–15 упай – калыптанып жаткан жышаан;

16 жана андан ашуун упай – калыптанган жышаан.

20 жана андан ашуун упайды көрсөткөн жышаандар «күйүп-бышуу» фазасындагы же бүтүндөй синдромдогу басымдуулукту билдирет. Бул усул күйүп-бышуунун үстөмдүк кылган жышаандарды

көрүүгө мүмкүндүк берет. Үстөмдүк кылуучу жышаандар чүнчүүнүн кайсы фазасына тиешелүү экендигин жана ал кайсы фазада эң көп экендигин белгилөөдө орчундуу мааниге ээ. Сурам натыйжаларын андан ары чечмелөөдөгү кадам – чүнчүүнүн өнүгүү фазаларынын: чыңалуунун, резистенцияланууунун же арыктап кетүүнүн көрсөткүчтөрүн аңдап билүү. Булардын ар биринде баа 0дөн 120 упайга чейин коюлушу мүмкүн. Бирок упайларды салыштыруу туура болбойт, анткени аларда өлчөнүүчү кубулуштар: ички жана тышкы жагдайларга жооп мамиле кылуу, психологиялык коргонуу ыкмалары, нерв тутумунун абалы – ар түрдүү. Сандык көрсөткүчтөр боюнча ар бир фаза канчалык калыптанганын, кайсы фаза аз же көп калыптанганын гана билүүгө болот.

36 жана андан аз – фаза калыптанган эмес;
37–60 упай – фаза калыптанууда;
61 жана андан ашуун упай – калыптанган фаза.

Төмөнкү суроолорго жооп аныкталат:

- кайсы жышаандар басымдуулук кылат;
- «арыктоо» кайсы калыптанган же басымдуулук кылуучу жышаандар менен коштолууда;
- арыктоонун (эгер арыктаган болсо) себеби кесиптик иштин «күйүп-бышуу» жагдайларына байланышканбы же субъективдүү жагдайлар мененби;
- кайсы жышаан инсандын эмоциялык абалына баарынан оор таасир тийгизүүдө;
- нерв чыңалуусун басаңдатуу үчүн өндүрүш ыргагын кайсы жагынан өзгөртүү керек;
- эмоциялык күйүп-бышуудан инсан, анын кесиптик иши жана өнөктөрү зыянга учурабашы үчүн инсандын өзүнүн жүрүм-турумунун кайсы белгилерин жана жактарын түзөтүү керек.

*5-тиркеме*

## Окуучулардын инсандык өзгөчөлүктөрүн аныктоо усулу

Окуучулар менен түзөтүү ишин божомолдоо жана жүргүзүү үчүн алардын жетишүү муктаждыктарынын шкаласын эске алуу зарыл. Сыналгандардын муктаждык деңгээлин аныктайлы.

**ЖМ (жетишүү муктаждыгын) АНЫКТОО ШКАЛАСЫ**

**Максаты:** жетишүү мүдөөсүнүн калыптануу деңгээлин аныктоо.

**Нускама.** Тест тапшыруучуларга кезеги менен 23 ырастоо окуп берилет. Алар бул ырастоолорго макулдук даражасын «ооба» же «жок» жооптору менен билдиришет.

**ЖМ шкаласы**

**Төмөнкү ырастоолор пайдаланылат:**

1. Менимче, жашоодо ийгиликке көбүнчө саресеп эмес, кокустук жеткирет.
2. Эгер жакшы көргөн ишимден айрылсам, жашоомдун эч кандай мааниси калбайт.
3. Мен үчүн ар кандай эле иште анын кандай аткарылышы эмес, соңку натыйжасы көбүрөөк мааниге ээ.
4. Адамдар жакындары менен мамилеси начарлагандан эмес, жумуштагы кемчиликтерден көбүрөөк азап тартат деп эсептейм.
5. Менимче, көпчүлүк адамдар жакын арадагы эмес, алыскы максаттары менен жашайт.
6. Жашоомдо ийгилигим кемчиликтен көп болду.
7. Ишбилги адамдарга салыштырмалуу эмоциялуу адамдарды көбүрөөк жактырам.
8. Демейки ишти деле мен айрым жактарын өркүндөтүп аткарууга умтулам.
9. Ийгиликти ойлой берип, этияттыкты унутум коюшум ыктымал.
10. Жакындарым мени жалкоо деп эсептешет.
11. Менин кемчиликтериме өзүм эмес, кырдаал көбүрөөк себеп болгон деп ойлойм.
12. Мен анча жөндөмдүү болбосом да, чыдамдуумун.
13. Ата-энем мени өтө катуу көзөмөлдөчү.
14. Ийгиликке ишенбегендиктен эмес, жалкоолуктан мен көбүнчө оюмдан кайтчумун.
15. Мен өз күчүнө ишенген адаммын деп ойлойм.
16. Ийгиликке жетүү үчүн канчалык кыйын болсо да тобокелге даярмын.
17. Мен аракетчилмин.
18. Баары ойдогудай жүрсө, күчүмө күч кошулгандай болот.
19. Эгер журналист болсом, окуялар жөнүндө эмес, адамдардын ажайып табылгалары тууралуу жазмакмын.
20. Менин жакындарым адатта пландарымды жактыра бербейт.
21. Жолдошторума салыштырмалуу менин жашоого болгон талабым аз.
22. Мен анча жөндөмдүү болбосом да, өжөрмүн деп ойлойм.
23. Көздөгөнүмө жетүү үчүн мен өжөрлүк кылып жүрөм.

**Алынган маалыматтарды иштетүү**

Ар бир окуучунун урунттуу сөздөргө дал келген жоопторуна коюлган упайларды эсептейбиз:

«Ооба» – 2, 6, 7, 8, 14, 16, 18, 19, 21, 22-суроолор
«Жок» – 1, 3, 4, 5, 9, 10, 11, 12, 13, 15, 17, 20-суроолор

Дал келген жооптордун ар бири үчүн 1 упай коюлат. Ийгиликке умтулуунун калыптануу деңгээли топтолгон упайлардын санына жараша аныкталат.

**Алынган жыйынтыктарды баалоо критерийлери**

0–10 упай – ийгиликке умтулуу деңгээли төмөн;

11–12 упай – ортодон төмөн;

13–14 упай – орто;

15–16 упай – ортодон жогору;

17–22 упай – жогору.

**Ийгиликке умтулуусу күчтүү инсандын психологиялык портрети**

Ийгиликке умтулуусу күчтүү адамдардын төмөнкүдөй өзгөчөлүктөрү бар: алар максатына өжөрлүк менен жетишет; жетишкен ийгилиги менен чектелип, токтоп калбайт; дайыма ишин жакшыртууга аракеттенет; берилип иштейт; кандай ийгиликтен болсо да канагат алууга умтулат; жаман иштегенге колу барбайт; демейки эле иштерди аткарууда жаңы ыкмаларды таап колдонууга кызыгат; атаандашууга ыктабайт; жетишилген натыйжага башкалар да чогуу кубанышын каалайт; оңой-олтоң ийгиликке жана маселенин күтүүсүз оңой чечилгенине канааттанып калбайт; ийгиликке чогуу кубануу үчүн кыйын иштерди бүтүрүүдө башкалардын жардамын кабыл алууга жана өзү да ушундай учурда көмөктөшүүгө даяр.

Тил табышуучулукка байланышкан кыйынчылыктарды аныктоо үчүн **ТУШ** (тил табышуучулук жана уюштуруучулук шык-жөндөмдөр) **тестин** колдонууга болот.

**Максаты**: тил табышуучулук жана уюштуруучулук шык-жөндөмдөрдү изилдөө.

ТУШ тестин бир сыналуучу менен да, топ менен да өткөрүүгө болот. Сыналуучуларга сурам тексттери менен жооптор үчүн бланкалар таратылат да, нускама окуп берилет.

**Нускама**. «Сизге сунушталып жаткан тест 40 суроодон турат. Аларды окуп чыгып, суроолордун баарына бланка аркылуу жооп бериңиз. Бланкада суроолордун номуру бар. Эгер оң жооп берсеңиз, б.а. суралганга макул болсоңуз, бланкадагы тийиштүү номурду тегеректеп белгилеңиз. Эгер терс жооп берсеңиз, б.а. макул болбосоңуз, анда тийиштүү номурду чийип салыңыз. Суроо менен жооптун номуру дал келишине көз салыңыз. Суроолор жалпы мааниде экендигин, зарыл тактоолорду камтыбастыгын эске алыңыз. Ошондуктан типтүү кырдаалдарды элестетиңиз да, майда-чүйдөсүн ойлонуп отурбаңыз. Ойлонууга көп убакыт коротуунун кажети жок, тез-тез жооп бериңиз. Кээ бир суроолорго жооп берүүдөн кыйналышыңыз да ыктымал. Аларга кайсы жоопту көбүрөөк туура келет десеңиз, ошонусун тегеректеңиз. Бул суроолордун кайсынысына жооп бесеңиз да, биринчи сөздөрүнө көңүл буруп, жообуңузду ошолорго ылайыктаңыз. Жооп берип жатканда, атайлап жакшы көрүнүүгө аракеттенбеңиз жооптун чын ыкластуу болгону маанилүү».

**«ТУШ» тести**

**Суроо тизмеги**

1. Дайым сүйлөшүп жүргөн досторуңуз көппү?
2. Көбүнчө жолдошторуңуздун көпчүлүгүн өз оюңузга көндүрө аласызбы?
3. Жолдошторуңуздун бири таарынтса, көпкө чейин таарынып жүрөсүзбү?

4. Оор кырдаалда дайым эле туура жол табуудан кыйналасызбы?
5. Ар түрдүү адамдар менен таанышууга кызыгасызбы?
6. Коомдук иштер менен алектенүүнү жактырасызбы?
7. Убакытты адамдар менен эмес, китептер же кандайдыр бир иш менен өткөрүү жагымдуу жана оңой деген ой туурабы?
8. Эгер көздөгөн ишиңизге кандайдыр бир тоскоолдуктар туш келсе, ниетиңизден дароо эле кайтасызбы?
9. Жашы өзүңүздө кыйла улуу кишилер менен оңой эле сүйлөшө аласызбы?
10. Жолдошторуңуз менен ар түрдүү оюн-зоокторду ойлоп таап уюштурууну жактырасызбы?
11. Жаңы топко оңой эле кошула аласызбы?
12. Бүгүн аткаруу керек болгон ишти эртеңкиге калтырган учурларыңыз көп болобу?
13. Бейтааныш адамдар менен оңой эле сүйлөшүп кете аласызбы?
14. Жолдошторуңузду өз оюңузга көндүрүп иш кылдырууга умтуласызбы?
15. Жаңы жамаатка аралашып кетүүдөн кыйналасызбы?
16. Жолдошторуңуз убадасын, милдеттерин, милдеттенмелерин аткарбай калганына байланыштуу чатак салбайсыз десе болобу?
17. Ыңгайы келгенде, жаңы адам менен таанышып, маектешүүгө умтуласызбы?
18. Олуттуу иштерди баштаганда көбүнчө демилгени өз колуңузга аласызбы?
19. Тегерегиңиздеги адамдар тажатабы жана өзүңүз жалгыз болгуңуз келеби?
20. Бейтааныш жагдайда эмне кылууну билбей каласыз десе туура болобу?
21. Сиз дайым адамдар менен болууну жактырасызбы?
22. Баштаган ишиңизди аягына чыга албай калганда кыжырыңыз келеби?
23. Жаңы адам менен таанышуу үчүн өзүңүз сөз башташыңыз керек болсо, кыйналып, оңтойсузданасызбы же тартынасызбы?
24. Жолдошторуңуз менен көп сүйлөшкөндө чаалыгып кетесизби?
25. Командалык оюндарга катышууну жактырасызбы?
26. Жолдошторуңуздун кызыкчылыктарына тийиштүү маселелерди чечүүгө дайым эле демилге көтөрөсүзбү?
27. Анча тааныш эмес адамдар арасында Сиз өзүңүздү ыңгайсыз сезесизби?
28. Өзүңүздүн оюңуз туура экендигин далилдөөгө кээде гана умтулаарыңыз чынбы?
29. Өзүңүзгө жакшы тааныш болбогон адамдар менен отурганда аларды оңой эле сөзгө тартып, көңүлүн ача аласызбы?
30. Мектепте коомдук иштерге катышкансызбы?
31. Азыраак эле тааныш күткүңүз келеби?
32. Жолдошторуңуз Сиздин пикириңизди же сунушуңузду дароо колдобосо, өз оюңузга бекем туруп талашууга умтулбайсызбы?
33. Бейтааныш чөйрөгө туш келгенде, өзүңүздү эркин сезесизби?
34. Жолдошторуңуз үчүн ар түрдүү иш чараларды уюштурууга дилгир киришесизби?
35. Көпчүлүк топтолгон жерде сүйлөө керек болгондо, өзүңүздү ишеничтүү жана токтоо эле сезесизби?
36. Ишкер жолугушууларга, кездешүүлөргө кечигип барган учурларыңыз көп болобу?
37. Досторуңуз көппү?
38. Жолдошторуңуздун көңүл борборунда турган учурлар көп болобу?
39. Анча тааныш эмес адамдар менен сүйлөшкөндө оңтойсузданган учурлар көп болобу?
40. Жолдошторуңуз менен көпчүлүк болуп отурганда, Сиз өзүңүздү анча ишеничсиз сезесизби?

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5 | 9 | 13 | 17 | 21 | 25 | 29 | 33 | 37 |
| 2 | 6 | 10 | 14 | 18 | 22 | 26 | 30 | 34 | 38 |
| 3 | 7 | 11 | 15 | 18 | 23 | 27 | 31 | 35 | 39 |
| 4 | 8 | 12 | 16 | 20 | 24 | 28 | 32 | 36 | 40 |

**«Ачкыч»**

| Шыктуулугу | Жooптор | |
|---|---|---|
| | оң | терс |
| Карым-катнаш жүргүзүү | 1-саптагы суроолордун номурлары | 3-саптагы суроолордун номурлары |
| Уюштуруучулук | 2-саптагы суроолордун номурлары | 4-саптагы суроолордун номурлары |

**Тесттин жыйынтыктарын иштетүү жана чечмелөө**

Жооптор

| | |
|---|---|
| Карым-катнаш жүргүзүүгө шыктуулугу | (+) ооба – 1, 5, 9, 13, 17, 21, 25, 29, 33, 37 |
| | (–) жок – 3, 7, 11, 15, 19, 23, 27, 31, 35, 39 |
| Уюштурууга шыктуулугу | (+) ооба – 2, 6, 10, 14, 18, 22, 26, 30, 34, 38 |
| | (–) жок – 4, 8, 12, 16, 20, 24, 28, 32, 36, 40 |

«Ачкычта» белгиленген тийиштүү шыктуулуктарга өз-өзүнчө дал келген ар бир «ооба» же «жок» деген жооп үчүн бирден упай кошулат. Карым-катнаш жүргүзүүгө шыктуулуктун беш деңгээли эксперимет жүзүндө аныкталган. Бул деңгээлдер боюнча упайлардын болжолдуу бөлүштүрүлүшү төмөндө көрсөтүлгөн.

**Карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга шыктуулук деңгээлдери**

| Упайлар суммасы | 1–4 | 5–8 | 9–12 | 13–16 | 17–20 |
|---|---|---|---|---|---|
| Деңгээл | Абдан төмөн | Төмөн | Орто | Жогору | Эң жогору |

1-4 упай топтогон сыналуучулардын карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга шыктуулук деңгээлдери төмөн.

5-8 упай топтогондордун карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга шыктуулук деңгээли ортодон төмөн деп эсептелет. Алар баарлашууга умтулбайт, убакытты өздөрүнчө жеке өткөргөндү

жактырат. Жаңы чөйрөдө же жамаатта алар кысынат. Адамдар менен мамиле түзгөндө кыйналат. Өздөрүнүн пикирин бекем жактабайт, таарынганда өтө кыйналат. Демилге көтөргөн учурлары сейрек болот, өз алдыча чечим кабыл алуудан качат.

9-12 упай топтогон сыналуучулардын карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга шыктуулук деңгээли орточо. Алар адамдар менен мамиле кылууга умтулат, өз пикирлерин жактап, талашууга даяр, бирок алардын бул шыктуулугу туруктуу эмес. Инсандык ушундай сапаттарын калыптандыруу үчүн тарбиялык ишти улантуу талап кылынат.

13–16 упай топтогондордун карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга шыктуулук деңгээли жогору. Алар жаңы жагдайда өздөрүн жоготпойт, тез эле дос таап алат, тааныш арттырууга умтулат, жакындарына жана досторуна жардам берет, баарлашууга демилге баштайт, кыйын, адаттан тыш жагдайларда чечим кабыл алууга жөндөмдүү.

Карым-катнаш жүргүзүүгө жана уюштурууга муктаждыгы бекем калыптаган адамдар (17–20 упай) кыйын жагдайда ыкчам жол таап кете алат. Жаңы жамаатта өздөрүн эрки кармайт. Өз алдынча чечим кабыл алат. Өздөрүнүн көз карашын бекем сактап, кабыл алган чечиминин аткарылышына жетишет. Оюндарды, ар түрдүү иш чараларды уюштурганды жактырат. Иште өжөр жана дилгир мүнөзүн көрсөтөт.

Карым-катнаш жана уюштуруу шыгы баарлашуу, жамаат ишин уюштуруу менен байланышкан ишмердик түрлөрүндөгү орчундуу сапат жана өбөлгө болуп саналат. Педагогикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүдө да аларды эске алуу зарыл.

Уюштуруу ишмердиги менен алектенүүнү жана адамдар менен баарлашууну каалоо тийиштүү түрдөгү жигердүүлүктүн мазмунунан да, инсандын типологиялык өзгөчөлүктөрүнөн да көз каранды. Көбүнчө ал адам ишмердигинин күтүлгөн натыйжаларынын субъективдүү баалуулугу жана ал катышкан кишилерге карата мамилеси менен аныкталат. Изилденип жаткан шыктуулугу төмөн деңгээлде болгон сыналуучулар үчүн сунуштарды иштеп чыгууда ушуну эске алуу керек. Адегенде кызыкпаса да, демилгечил адамдар менен баарлашып, ишмердикке аралашканына жараша мындай шыктуулуктар ачыкка чыккан учурлар көп кездешет. Мында карым-катышка тоскоол болуучу бөгөттөрдү жеңип өтүүгө багытталган жекече аракет зор мааниге ээ. Эгер адам өзү өсүп жетилүүгө аң-сезимдүү умтулса, бул жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Инсандын жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрү тууралуу толук түшүнүк алуу үчүн **Айзнек суроо тизмегин** (өспүрүм вариантын) колдонууга болот.

**Нускама.** Сунушталуучу суроолорго ойлонуп отурбай эле «ооба» же «жок» деп жооп берүү керек. Жооп сурам барагына тийиштүү номур менен түшүрүлөт.

1. Сиз тегерегиңизде бака-шака, күрү-күү болуп турушун жактырасызбы?
2. Өзүңүздү колдой ала турган досторго көп учурда муктаж болосузбу?
3. Бир нерсе жөнүндө сурап калышса, дароо жооп табасызбы?
4. Бир нерсеге кыжырданган учуруңуз болобу?
5. Маанайыңыз өзгөргөн учурлар көп болобу?
6. Сиз үчүн адамдар менен сүйлөшкөндөн көрө китеп окуп отурган оңой жана жагымдуу десе болобу?
7. Ар түрдүү ой, санаалар уйкуңузду бузаары чынбы?
8. Сиз дайым эле айтканыңызды кыласызбы?
9. Бирөөнү тамашалаганды жакшы көрөсүзбү?
10. Эч себеби жок болсо деле өзүңүздү бактысыздай сезген учурлар болду беле?
11. Шайыр, шар жүргөн адаммын деп айта аласызбы?

12. Мектепте жүрүм-турум эрежелерин бузган учуруңузду эстей аласызбы?
13. Бир нерсеге көп кыжырданаарыңыз чынбы?
14. Бир нерсени ылдам жасаганды жактырасызбы? Эгер, тескерисинче, шашпай иштегенди жакшы көрсөңүз, «жок» деп жооп бериңиз.
15. Ар кандай коркунучтуу окуялар боло жаздап, бирок баары жакшы бүткөн учурларды эстеп тынчсызданасызбы?
16. Сизге каалагандай купуя сырды ишенип айтууга болобу?
17. Зеригип отурган теңтуштарыңызды оңой эле шайырланта аласызбы?
18. Эч кандай себепсиз (күчүркөнбөсөңүз деле) жүрөгүңүз катуу согуп калган учурлар болобу?
19. Бирөө менен достошууга Сиз биринчи демилге кыласызбы?
20. Калп айткан учуруңуз болду беле?
21. Сизди жана ишиңизди сындашканда оңой эле капаланып каласызбы?
22. Досторуңузду көп тамашалап, күлкүлүү окуяларды айтып бересизби?
23. Чаалыккан учурларыңыз көп болобу?
24. Сиз дайым эле адегенде олуттуу иштерди, анан калгандарын жасайсызбы?
25. Сиз адатта шайырланып, бардык нерселерге ыраазы болуп жүрөсүзбү?
26. Таарынчааксызбы?
27. Теңтуштарыңыз менен баарлашууну жактырасызбы?
28. Туугандарыңыздын чарбада жардам сураган өтүнүчүн дайым эле орундатасызбы?
29. Башыңыз айланган учурлар болобу?
30. Сиздин иш-аракеттериңиз жана жасаган кадамыңыз башка адамдарды оңтойсуз абалга түшүргөн учурлар болобу?
31. Сиз өзүңүздү бир нерседен тажагандай сезесизби?
32. Кээде мактанып коюуну жакшы көрөсүзбү?
33. Анча тааныш эмес адамдар менен чогуу болгондо Сиз көбүнчө унчукпай отура бересизби?
34. Сиз кээде катуу толкунданып, ордуңузда отура албай каласызбы?
35. Сиз адатта чечимди тез кабыл аласызбы?
36. Класста мугалим жок кезде да ызы-чуу салбай тынч отурчу белеңиз?
37. Түшүңүзгө коркунучтуу нерселер көп киреби?
38. Досторуңуздун арасында отурганда сезимиңизди көп тизгиндебей, көңүл ача аласызбы?
39. Сизди капалантуу оңойбу?
40. Бирөөлөр жөнүндө жаман айткан учурларыңыз болгонбу?
41. Сиз адатта көп ойлонуп отурбай эле сүйлөп, тез иш-аракет жасайсызбы?
42. Эгер Сиз ыңгайсыз абалда калсаңыз, кийин көпкө чейин кыжаалат боло бересизби?
43. Сизге ызы-чуулуу жана шайыр оюндар жагабы?
44. Сиз дайым эле алдыңызга келген ашты тандабай жейсизби?
45. Сиз бирөөнүн өтүнүчүнө жок дегенден кыйналасызбы?
46. Сиз конокко көп барганды жактырасызбы?
47. Жаныңыз кейиген учурлар болобу?
48. Ата-энеңизге орой сүйлөгөн учуруңуз болду беле?
49. Теңтуштарыңыз Сизди шайыр жана шар жүргөн адам деп эсептейби?
50. Өз ишиңизден көп алагды болосузбу?
51. Көпчүлүк көңүл ачып жатканда, Сиз көбүнчө унчукпай эле карап отура бересизби?
52. Сиз адатта ар кандай ой, санааларга берилип, уктай албай кыйналасызбы?
53. Аткара турган ишиңизге толук көзүңүз жетип, өзүңүзгө бекем ишенген учурлар болобу?
54. Жалгызсыраган учурларыңыз болобу?
55. Жаңы адамдар менен биринчи болуп сөз баштоодон кысынасызбы?
56. Кеч болуп калганда бир нерсеге өкүнгөн учурларыңыз көп болобу?
57. Теңтуштарыңыздын бирөө бакырса, Сиз да ага кыйкырасызбы?

58. Эч себепсиз эле өзүңүздү көңүлдүү же капалуу сезип калган учурларыңыз болобу?
59. Теңтуштарыңыз тамаша куруп отурганда, Сиз чындап канагат алуу кыйын деп эсептейсизби?
60. Бир нерсени ойлонбой кылдым деп тынчсызданган учурларыңыз көп кездешеби?

АЧКЫЧ

1. Экстраверсия-интроверсия (Э-И)

   «Ооба»: 1, 3, 9, 11, 14, 17, 19, 22, 25, 30, 35, 38, 41, 43, 46, 53, 57
   «Жок»: 6, 33, 51, 55, 59

2. Нейротизм (Н)

   «Ооба»: 2, 5, 7, 10, 13, 15, 18, 21, 23, 26, 29, 31, 34, 37, 39, 42, 45, 50, 52, 54, 56, 58, 60

3. Чындык (жалгандык) шкаласы

   «Ооба»: 8, 16, 24, 28, 36, 44
   «Жок»: 4, 12, 20, 32, 40, 48

12-17 жаштардагы өспүрүмдөр үчүн ченемдер: экстраверсия (Э) – 11–14 упай, нейротизм (Н) – 10–15 упай, чындык (жалгандык) шкаласы – 4–5 упай.

Бул усул инсандын психологиялык-педагогикалык мүнөздөмөсүн түзүүдө, ойдогудай ишкер жана социалдык кызматташуу максатында топторду тандап алууда, «окуучу – мугалим», «окуучу – класс» ж. б. у. с. тутумдардагы өз ара мамилелерди жөнгө салууну көздөгөн педагогикалык практикада колдонулушу мүмкүн.

### Өзүн сезүүгө, маанай жигердүүлүгүнө ыкчам баа берүүнү болжолдоо усулу

**Максаты:** Өзүн сезүүгө, маанай жигердүүлүгүнө (ӨМЖ) ыкчам баа берүү.

**Усулдун сыпаттамасы.** Суроо тизмеги карама-каршы 30 жуп мүнөздөмөдөн турат. Сыналуучу ошолор боюнча өзүнүн абалына баа бериши керек. Ар бир жуп суроого жооп бергенде сыналуучу өз абалынын тигил же бул мүнөздөмөсү канчалык даражада даана билинерин тийиштүү шкаалалар менен белгилейт.

**Нускама.** Ар жуптан өзүңүздүн абалыңызды эң так сыпаттай турган мүнөздөмөнү тандаңыз. Ошол мүнөздөмөнүн билинүү даражасына туура келген санарипти белгилеңиз.

**ӨМЖ типтүү картасы**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. Өзүмдү жакшы сезип турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Өзүмдү жаман сезип турам |
| 2. Өзүмдү күчтүүдөй сезип турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Өзүмдү начардай сезип турам |
| 3. Пассивдүүмүн | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Жигердүүмүн |
| 4. Аз кыймылдайм | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Тынчым жок |
| 5. Шайырмын | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Капамын |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. Маанайым жакшы | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Маанайым начар |
| 7. Ишке жөндөмдүүмүн | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Шалдырап турам |
| 8. Күч-кубатым толуп турат | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Денем жанчылгандай |
| 9. Ыкшоомун | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Ылдам, ыкчам иштейм |
| 10. Демилгесизмин | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Демилгелүүмүн |
| 11. Бактылуумун | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Өзүмдү бактысыздай сезем |
| 12. Шайыр, ачык көңүлмүн | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Түнөрүп турам |
| 13. Күчүркөнүп турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Бошоң турам |
| 14. Саламаттыгым жакшы | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Ооруп турам |
| 15. Өзүмдү четке тарттып турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Дилгирленип турам |
| 16. Кайдигермин | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Толкунданып турам |
| 17. Шаттанып турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Көңүлүм чөгүңкү |
| 18. Кубанып турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Кайгылуумун |
| 19. Эс алганмын | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Чарчап турам |
| 20. Сергек, дилгирмин | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Шайым ооп турат |
| 21. Уйкусурап турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Дегдеп, кызыгып турам |
| 22. Эс алгым келет | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Иштегим келет |
| 23. Көңүлүм тынч | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Кабатырмын |
| 24. Көңүлүм ток | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Сары убайымдамын |
| 25. Чыдамкаймын | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Чаалыгып кетем |
| 26. Тыңмын | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Жүүнүм бош |
| 27. Ой жүгүрткөндө кыйналам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Оңой ой жүгүртөм |
| 28. Оюм чачкын | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Кунттуумун |
| 29. Үмүтүм зор | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Көңүлүм калган |
| 30. Канагаттанып турам | 3 | 2 | 1 | 0 | 1 | 2 | 3 | Наразымын |

**Суроо тизмегининин коду**

| | |
|---|---|
| Өзүн сезүү боюнча суроолор | 1, 2, 7, 8, 13, 14, 19, 20, 25, 26 |
| Жигердүүлүк боюнча суроолор | 3, 4, 9, 10, 15, 16, 21, 22, 27, 28 |
| Маанай боюнча суроолор | 5, 6, 11, 12, 17, 18, 23, 24, 29, 30 |

Ар бир категория боюнча алынган жыйынтыктарды 10го бөлүү керек. Шкаланын орточо упайы – 4. 4төн төмөн упай тескери мааниге ээ болот. Ойдогудай баалар 5,0–5,5 чегинде болот.

Бул усулдарды колдонуу жана натыйжасын аныктоо оңой, ал окуучулар жөнүндөгү керектүү багыттагы туура көрсөткүчтөрдү алууга мүмкүндүк берет.

*6-тиркеме*

**Социалдык педагогдун кесиптик карым-катышынын чакан чөйрөсү**




**Социалдык педагогдун кесиптик карым-катышынын чоң чөйрөсү**



*6-тиркеме*

## Социалдык педагог үчүн педагогикалык жана психологиялык терминдер сөздүгү

**Авторитардуу** (өкүмчүл, буйрукчул) – таасир этүүнүн демократиясыз ыкмалары (кысым көрсөтүү, буйрук берүү, тескөө ж. б. у. с.) аркылуу адамдын өз бийлигин жана кадыр-баркын бекемдөөгө умтулгандыгынан байкалуучу сапаты же жүрүм-турумунун өзгөчөлүгү.

**Авторитардуулук** (автократиялуулук) – инсандын башка адамдарды (өнөктөрүн, кол алдында иштегендерди) өз таасирине мүмкүн болушунча толук баш ийдирип алууга умтулушунан көрүнүүчү социалдык-психологиялык өзгөчөлүгү. Бул агрессиялуулук, өзүнө өтө жогору баа берүүчүлүк, дымактуулук, сенек көз караштарга ыктоочулук, үстүрт ой жүгүртүүчүлүк ж. б. у. с. инсандык сапаттарга байланышкан. Жүрүм-турумда топто үстөмдүк кылууга, эң жогорку абалды ээлөөгө умтулуу түрүндө байкалат.

**Авторитет** (кадыр-барк) – 1. Жеке адамдын ээлеген абалына, кызматына, макамына ж. б. у. с. негизделген таасири, таасирдүүлүгү. Ушул мааниде алганда, социалдык психологияда бул түшүнүк көбүнчө бийликке байланыштырылат. 2. Биргелешкен ишмердик шартында жеке адамдын чечим кабыл алуу укугун таануу.

**Агрессия** – башка адамга же топко дене-бой же психологиялык зыян келтирүүнү, кээде атүгүл аны жок кылууну көздөгөн жекече же жамааттык жүрүм-турум, иш-аракет. Ал жансыз нерселерге багытталышы да мүмкүн.

**Агрессиялуулук** – кээ бир инсандардын туруктуу сапаты – зулумдукка даярдыгы.

**Акселерация** – соңку жүз жыл аралыгында байкалган, балдар менен өспүрүмдөрдүн дене-бой жана физиологиялык жетилүүсүндөгү ыкчамдоо. Дененин салмагынын жана чоңдугунун (жаңы төрөлгөндөрдүн да) өсүшүнөн, жыныстык жактан тез жетилишинен байкалат.

**Алдын алуу** – алдын алуучу иш-чаралардын тутуму.

**Анкета** – оозеки сурамжылоо негизинде социологиялык жана социалдык-психологиялык баштапкы маалымат алууда колдонулуучу усулдук каражат. Ал изилдөөнүн өзөк милдети менен логикалуу байланышкан суроолор тизмегинен жана суралуучу тандоого тийиш болгон эң алгылыктуу жооп варианттарынан же ошол үлгүдө суралуучу өзү сунуштаса боло турган жооптордон турат.

**Аңгемелешүү** – психологияда жана педагогикада: оозеки сүйлөшүү аркылуу маалымат алуу усулу. Социалдык, медициналык психологияда, балдар психологиясында ж.б. кеңири колдонулат. Психологиялык экспериментте негизги ыкма катары психологиялык-физиологиялык текшерүүдөгү так нускамадан тартып психотерапиядагы ээн-эркин баарлашууга чейинки түркүн түрлөрдө кездешет.

**Аңдап билинбеген мүдөө** – булар аңдап билингендерге салыштырмалуу кыйла көп болот, белгилүү куракка жеткенге чейин дээрлик бардык мүдөөлөр аңдап билинбейт. Өз мүдөөлөрүн аңдап билүү иши абдан маанилүү да, ошого жараша абдан кыйын, ошондуктан акыл-эстик жана турмуштук чоң тажрыйбаны эле эмес, чоң эрдикти да талап кылат. Маңызы боюнча алып караганда, бул өзүн таанып билүүгө жана ыймандык жактан өзүн өркүндөтүүгө багытталган (ушул багыттагы өзүнчө мүдөөнү көздөгөн) атайын ишмердик болуп саналат.

**Аракечтик жана баңгилик: психологиялык алдын алуу** (аракечтик менен баңгиликти психологиялык алдын алуу) – аракечтик менен баңгиликти психологиялык жол менен алдын алуу усулдары. Мунун түрлөрү:
1) кууш мааниде – алкоголго жана баңгизатка терс мамиле калыптандыруунун психологиялык жолдорунун жана ыкмаларынын жыйындысы;
2) кең мааниде – инсандын алкоголго жана баңгизатка азгырылуу мүмкүнчүлүгүн дээрлик жокко чыгаруучу жашоо таризин жана багыт алуусун шарттоо усулдары. Мунун түрлөрү:
1) алгачкы алдын алуу – баңгизатка каршы тарбиянын илимий негизделген психологиялык ыкмалары;
2) экинчи ирет алдын алуу – акылдан аздыруучу заттарды ашыкча керектеген адамдарга психологиялык жардам берүү усулдары;
3) үчүнчү ирет алдын алуу – аракечтиктен жана баңгиликтен айыгып келаткан адамдарга психологиялык колдоо жана өзүн өзү колдоо иштерин уюштуруу. *Биринчи ирет алдын алуу* аракечтикке жана баңгиликке алып келе турган себептерди күн мурунтан жоюу иш чараларын камтыйт. Баңгиликке каршы туруу ниетин калыптандыруу үчүн адамга жаш жана орто куракта таасир эткен оң. Бул курактагылардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алганда, түшүндүрүү иштери алкогол менен баңгизаттарды мактаныч көрүүгө кызыктырган үгүткө бөгөт коюу зарыл. Мисалы, арак ичип, баңгизат колдонууну эрдик, кайраттуулук, «заманбаптык» ж. б. у. с. катары көрсөтүүгө умтулгандардын арамза ниетин ашкерелөө керек.

**Аракечтик** – алкоголду ашыкча ичүүгө көнүп алгандык. Мунун түрлөрү:
1) тиричиликтеги аракечтик – көнүп албаса да, кырдаалга жараша аракты ашыкча ичүү;
2) өнөкөт аракечтик;
3) аракечтик психоздор. Алкоголду улам иче бергенде адам корсунуп, өзүн өлтүргүсү келип калышы ыктымал. Дүйнөдө бул илдеттин «жашарып» баратканы байкалат: өспүрүмдөр менен жаштар арасында да аракечтиктин бул түрү кездеше баштады.

**Аффект** – адам үчүн өтө маанилүү жашоо жагдайларынын кескин өзгөрүшүнө байланышкан кыска мөөнөттүк катуу нерв-психологиялык дүүлүгүү. Бул көбүнчө кыймыл-аракеттин ашкере оройлугунан, ички органдардын иштешиндеги өзгөрүүдөн, адамдын өз эркин башкара албай калганынан, эмоциялык жактан ээликкен абалдан билинет. Болуп өткөн күтүүсүз же оор окуяга карата жооп иретинде пайда болуп, анын аягына туш келет.

**Баалуулук багыттары** – инсандын ишмердигинин багытын мүнөздөөчү анын түзүмүнүн элементтери. Баалуулук багыттарына көбүрөөк маанилүү, орчундуу нерселер кирет. Баалуулук багыттарынын мазмуну өзгөрүлүп турат. Аң-сезимдин баалуулук түзүмүндөгү өзгөрүүлөр – бул адамдын көз карашындагы өзгөрүүлөр.

**Баалуулук** – объектилерди, кубулуштар менен алардын касиеттерин жана коомдук идеалдарды камтыган, тийиштүү эталон катары да көрүнүүчү абстрактуу идеяларды белгилөө үчүн философия менен социологияда колдонулуучу түшүнүк.

**Баарлашуунун ички түзүмү** – социалдык психологияда баарлашуунун төмөнкүдөй жактары айырмаланат:
– 1) карым-катыш жагы – маалымат алмашуу, аны түшүнүү; баарлашуунун жүрүшүндө даректөөчү жана даректелүүчү бирдей белгилер тутумун колдонууга тийиш; баарлашуучулар бири-бирине таасир этет да, өз ара мамиле түзөт;
– 2) интерактивдүү жагы – өнөктөрдүн биргелешкен ишмердикти уюштуруудагы жана аткаруудагы өз ара катышуусу; мында баарлашуунун тышкы формасы, көрүнүшү эле эмес, ар бир тараптын мүдөөсү менен максаттары да мааниге ээ; мунун шериктештик, атаандаштык жана чыр-чатак сыяктуу түрлөрү аныкталган;
– 3) перцептивдүү жагы – баарлашуудагы өнөктөрдүн биринин экинчисин кабылдашы.

**Баарлашуунун негизги тиби** – тийиштүү куракта тегерегиндеги адамдар менен баарлашуунун басымдуулук кылган, кишинин негизги инсандык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзүүчү тиби.

**Багытталгандык** – кайсы бир нерсенин пайда болорун сезгенде ага кызыгып, жетишүү үчүн туруктуу умтулууну камсыздаган ички даярдык.

**Байкоо** – изилдөөчүнүн (психологдун, педагогдун) окуяга кийлигишпестен, анын өзгөрүшүнө гана көз салган иш ыкмасы. Кубулуштардын белгилүү шарттардагы бөтөнчө өзгөрүүсүн изилдөө жана бул кубулуштардын маңызын табуу үчүн аларды атайын, тутумдуу жана максаттуу кабылдоо түрүндөгү усул. Теориялык ой жүгүртүү элементтерин (ой багыты, усулдук ыкмалар тутуму, аңдап билүү жана натыйжаларды көзөмөлдөө) жана талдоонун (анализдөөнүн) сандык усулдарын (шкалалоо, факторлук анализ ж. б. у. с.) камтыйт. Байкоонун алдын ала белгиленген алкагынын тактыгы изилденип жаткан тармактагы билимдердин абалына жана коюлган милдеттерге жараша болот. Кийлигишпөөчүлүк – бул усулдун маанилүү өзгөчөлүгү, анын артыкчылыктары да, кемчиликтери да ушуга байланышкан. Артыкчылыгы – байкоо объекти муну сезбейт да, табигый шартта өзүн эч кандай жасалмалуулуксуз алып жүрөт.

**Балалык** – адамдын өмүрүндөгү психикасы жетиле элек, жүрүм-туруму, мүнөзү толук калыптана элек мезгили. Балалык доор туулгандан өспүрүмдүк, эрте жаштык кезге чейин созулат.

**Баланын укугу** – балдар менен өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын алардын турмуш-тиричилигинин бардык тармагында коргоого багытталган өзгөчө мыйзамдык ченемдер менен эрежелердин топтому.

**Балдарды коргоо** – жашы жете электердин укуктук абалын аныктоочу ченемдик документтерди иштеп чыгуу аркылуу балдардын мыйзамдуу укуктарын жана таламдарын коргоого өбөлгө түзүүчү чаралар тутуму. Балдардын эмгегин мыйзамдуу жөнгө салуу. Ата-энесинин камкордугусуз калган балдарга камкорчулук кылуу жана аларды багып алуу тутумун өркүндөтүү. Тийиштүү жардамга муктаж балдар менен түзөтүү жана калыбына келтирүү иштерин жүргүзүүчү адистешкен кызматтарды жана мекемелерди түзүү.

**Балдарды социалдык коргоо** – турмуштук кыйын кырдаалга кабылган балдарды коргоого багытталган ишмердик. Башкаларга караганда көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдары, качкын үй-бүлөлөрдүн балдары, майып жана жетим балдар коом менен мамлекеттин шашылыш колдоосуна көбүрөөк муктаж болушат.

**Бейжай үй-бүлө** – ички мейкиндигинде психологиялык жактан жагымсыз маанай өкүм сүргөн үй-бүлө.

**Билгичтик** – өздөштүргөн билимдери менен көндүмдөрүнүн топтому аркылуу камсыз болуучу субъект үйрөнгөн аракеттерди аткаруу ыгы.

**Билим берүү тармагында балдарды социалдык коргоо** – өсүү жана калыптануу процессинде баланын инсанын, жашоо чөйрөсүн жана укуктарын коргоо, ошондой эле билим берүүнүн бардык институттары тарабынан үй-бүлөлөргө жардам берүү.

**Биогенетикалык мыйзам** – тийиштүү биологиялык түрдүн филогенетикалык өнүгүүсүнө мүнөздүү физиологиялык, психологиялык жана жүрүм-турумдук өсүш процесстериндеги жана баскычтарындагы туруктуу, тутумдуу жаралуусу.

**Дүйнөтааным** – объективдүү дүйнөнү жана андагы адамдын ордун, адамдын курчап турган чындыкка жана өзүнө мамилесин кабылдап түшүнүү тутуму, ошондой эле адамдардын бул көз караштар менен шартталган негизги турмуштук позициялары, ынанымдары, идеалдары, таанып билүү жана ишмердик принциптери, баалуулук багыттары. Дүйнөтаанымдын субъекти – социалдык топ жана инсан.

**Девианттар** – жүрүм-турумдун олуттуу ченемдеринен тез-тез четтеген адамдар.

**Девианттык жүрүм-турум** – адамдын коомдо кабыл алынган ченемдерден четтегендигин билдирүүчү жүрүм-туруму же айрым жоруктары.

**Девиация** – бизди курчап турган дүйнөнүн өнүгүүсүндөгү карама-каршылыктуулук, сактоого жана өзгөртүүгө дайым умтулуу менен байланышкан жалпы өзгөрүлмөлүктүн бир кыры; жүрүм-турумдун социалдык жөнгө салынуусунун бузулгандыгы, психикалык өзүн жөнгө салуунун өксүгү.

**Деликвенттүүлүк** – девиациянын формаларынын бири. Жүрүм-турумду социалдык жөнгө салуунун бузулушунун чектен чыккан формаларынын бири (майда зөөкүрдүк, майда уурулук, тартипсиз жүрүм-турум, үйдөн качып кетүү, селсаяктык, жаштайынан аракка азгырылуу, токсикомандыкка жакындоо, баңгилик, жыныстык жүрүм-турумунун бузулушу, өз жанын кыюу аракети).

**Делинквенттик жүрүм-турум** – кылмыштан айырмаланган, б.а. Жазык кодекси боюнча жазалоого ылайыксыз жаман жоруктар, күнөөлөр, майда укук бузуу.

**Депрессия** – адамдын кайраты качып, шаабайы сууган, эч нерсеге кызыкпай, дилгирленбей, оор, азаптуу эмоцияга алдырган (корсунган, кайгырган, үмүтү үзүлгөн) аффективдүү абалы.

**Дисфункционалдуу үй-бүлө** – үй-бүлөлүк кызматтарын начар аткарган же такыр аткарбаган үй-бүлө.

**Жөндөмдөр** – инсандын тигил же бул өнүмдүү ишмердикти аткаруусунун зарыл шарты болгон жекече-психологиялык өзгөчөлүктөрү.

**Жүрүм-турум** – коюлган максаттарга жетүү үчүн же башкалардын аракеттерине жооп катары ишке ашырылуучу өз ара байланышкан аракеттердин топтому. Көз карандысыз, көз каранды жана бейтарап болот. Мажбурлоо, ички каалоо, зарылдыгын түшүнүү менен шартталган.

**Жаңсоо** – ишааратттын (пантомимиканын) кол кыймылы менен көрсөтүлүүчү түрү. Кээ бир жаңсоолор жөрөлгөлөшкөн мааниге ээ. Жаңсоонун түрлөрү:

– 1) сүрөттөөчү (билдирүүчү) – кайсы бир ойду туюнтууда кошумча колдонулат;

– 2) даана, таасирдүү (экспрессивдүү) – адамдын эмоциясын же ниетин сездирет.

**Жакынкы (ыктымал) жетилүүнүн чөлкөмү** – тегерегиндеги адамдар аз эле жардам бергенде же багыт көрсөткөндө баланын ачылышы мүмкүн болгон чыныгы бар мүмкүнчүлүктөрү.

**Жакынкы жетилүүнүн чөлкөмү (ыктымал жетилүүнүн чөлкөмү)** – 1. Баланын башкалар аз эле жардам бергенде ачылышы мүмкүн болгон мүмкүнчүлүктөрү. 2. Баланын өз алдынча (актуалдуу өнүгүү деңгээли) менен чоң адамдын жетектөөсүндө чече ала турган маселелердин кыйындыгындагы айырмачылык. Бул түшүнүктү Л. С. Выготский киргизген. Ал акыл-эс жагынан жетилүүнүн окуу мүмкүнчүлүгүнө карата иш жүзүндөгү катышын баланын учурдагы (актуалдык) өнүгүү деңгээли менен анын жакынкы өнүгүү чөлкөмүн аныктоо аркылуу билүүгө болорун көрсөткөн. Окутуу жакынкы өнүгүү чөлкөмүн түзөт да, баланы «жетелейт», анын жетилишине жол ачат. Өнүгүүдөн алдыга озо жүргөн окутуу гана натыйжалуу болот.

**Жалтануу мүдөөсү (жолу болбоочулуктан корко берүү мүдөөсү)** – ар дыйым эле ишим оңунан чыкпай калбасын деп сактана берүүчүлүк. Айрыкча ишмердик натыйжасын башкалар баалай турган болсо, кээ бирөөлөр ушундай ашкере этияттанышат. Инсандын мотивациялык туруктуу белгиси. Ийгиликке жетишүү мүдөөсүнүн каршысы.

**Жарандык тарбия** – адамдын өзүн юридикалык, социалдык, ыймандык жана саясый жактан аракет жөндөмдүү сезишине мүмкүндүк берүүчү инсандык дилгир сапаттар катары жарандыкты калыптандыруу.

**Жашоодогу багыт алуу** – адамдын айлана чөйрөдөгү жагдайды туура аңдай билүүсү, өзү үчүн эң алгылыктуу жолду тандай билүүчүлүгү.

**Жеке адам (индивид** (лат. individuum – бөлүнгүс, өзүнчө) – социалдык жааттын: элдин, коомдун, таптын, тийиштүү топтун өзүнчө турган мүчөсү.

**Жетилүү** – организмдеги анын өсүшүнө жараша анатомиялык түзүмдөр менен физиологиялык процесстердин табигый өзгөрүшү.

**Жетишүү мүдөөсү** (ийгиликке жетишүү мүдөөсү/мотиви) – ар түрдүү ишмердикте, айрыкча башка адамдар менен атаандашкан кырдаалдагы ийгиликке жетүүгө муктаждык. Инсандык туруктуу мотивациялык белги. Жолу болбоочулуктан корко берүүнүн карама-каршысы.

**Жигердүүлүк** (активдүүлүк) – көздөгөн максатка умтулуудагы ишмердиктин кыйла туруктуулугу.

**Жоопкерчилик** – субъекттин кабыл алган ченемдерди жана эрежелерди аткаруусуна ар түрдүүчө жүргүзүлүүчү көзөмөл.

**Жыныс-роль боюнча өздөшүү** – баланын тийиштүү жыныска таандык экендигин билип, тийиштүү ролго карай жүрүм-турумун ылайыкташтыруусу.

**Индивидуалдуулук** – өзүнчө турган адамдын кайталангыс бөтөнчөлүгү, бир гана ага мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн жыйындысы.

**Инсан аралык чыр-чатак** – мунун эки формасы кездешет: конструктивдүү (өнүмдүү, пайдага чечилүүчү чатак) жана конструктивдүү эмес (зыяндуу, бүлгүнчүл). Инсан аралык конструктивдүү эмес чатакта тараптардын бири күрөштүн бейадеп жолун тандап, каршысындагы адамды башкалардын көзүнчө мазактоого, кордоп басынтууга аракеттенет. Адатта бул экинчи тараптын айыгышкан каршылыгын жаратып, өз ара акаарат күч алат да, маселени чечүү мүмкүн болбой калат, инсандар аралык мамиле бузулат. Конструктивдүү чатак инсандар ишкер жүйөөлөр менен мамилелердин алкагынан четтебегенде гана болот. Мында жүрүм-турумдун ар кыл түрлөрү байкалат. Мисалы:
1) атаандашуу (эрегишүү) – тараптар өз кызыкчылыктары үчүн ачыктан-ачык күрөшөт;
2) кызматташуу – маселени чечүүдө эки тараптын тең (же тараптардын баарынын) кызыкчылыктарын канааттандыргыдай жол табууга багытталат;
3) мунаса (компромисс) – пикир келишпестиктерди өз ара жол беришүү аркылуу жөнгө салуу;
4) качуу – чатакты чечпей эле, өзүнүкүн да бербей, бирок бир жаңсыл ээлеп да албай арасат жүрө берүү;
5) ыңгайлашуу – өз кызыкчылыктарынан кечип, карама-каршылыкты жоюуга аракеттенүү.
Бул жүрүм-турумдар жалпысынан корпоративдүүлүк (жаатчылдык) жана көктүк катары мүнөздөлөт. Обобщенное выражение этих стратегий поведения характеризуется как корпоративность и напористость.

**Инсан** – адамдын жекече өзгөчөлүктөрүн жана социалдык жүрүм-турумун, кадамдарын аныктоочу сапаттарынын жыйындысын билдирген түшүнүк.

**Инсандык өсүш** – адамдын утурумдук окуяларды тескөө, башка адамдар менен жакшы мамиле түзүү, өзүнүн көз карашын ырааттуу коргоп жүзөгө ашыруу, жашоону бүтүндөй ажайыптыгы менен кабылдоо жөндөмдөрүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү өзүнчө үзгүлтүксүз

өсүп жетилүү процесси. Өзүн өстүрүү, б.а. өзүнө чыгармачыл мамиле жасоо, өзүнүн «Мен» турпатын түзүү; өзүн аңдап билүү, б.а. өз мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу, күчтүү жана начар жактарын өз алдынча талдап, баалап, өзүнө өзү байкоо жүргүзүү; өзүн тескөө, б.а. өзүн кабылдоо, өзүн байкоо, өзүн аңдап билүү, өзүнө буюруу, өзүн милдеттендирүү, өзүн шыктандыруу; өзүн ачуу, б.а. өз ишмердигин программалоо аркылуу жүзөгө ашырылат.

**Инсандык мамиле** – педагогдун балага инсан катары, тарбиялык карым-катыш процессинде өзүнүн өсүп жетилиши үчүн аң-сезимдүү түрдө жооптуу субъект катары ырааттуу мамиле жасашы.

**Инсандын багытталгандыгы** – адамдын жүрүм-турумундагы, ишмердигиндеги жана баарлашуусундагы негизги багытты аныктоочу басымдуулук кылган мүдөөлөрү менен муктаждыктарынын жыйындысы.

**Инсандын жашоодогу позициясы** – адамдын жүрүм-турумун аныктап туруучу моралдык принциптери жана баалуулук мүдөөлөрү.

**Инсандын ички чатагы** (ички психикалык конфликт) – демейде бул субъектинин эки жакка тарткан умтулууларынан келип чыгат. З.Фрейддин психоанализинде чечмеленгендей, ички психикалык чатак – адам табиятынын карама-каршылыктуулугун билдирүүчү карама-каршы принциптердин, кызыгуулардын, эки жакка тарткан умтулуулардын ж.б. эзелтен жана дайым кагылышып келген формасы. Бул чатак бейаңдын жана аң-сезимдин (Ал жана Жогорку-Мен) ортосундагы карама-каршылыктуу ипмульстардын өз ара таасир этишүү формасы катары болушу мүмкүн.

**Интеллект** – адамдын ар түрдүү ишмердикти өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн аныктай турган тубаса же жашоодо өнүктүрүлгөн акыл-эс жөндөмдүүлүктөрүнүн жыйындысы.

**Ишбилгилик (компетенттүүлүк,** кадыр-барк, бедел) – тигил же бул тармактагы билим, тажрыйба. Ишбилгилик педагогдун ишмердигинин сапатын аныктайт. Ишбилгилик түзүмүнө педагогдун адам жөнүндөгү илимдер боюнча теориялык билимдери бар экендигин билдирүүчү кесиптик-мазмундук компонент; кесиптик билимдерди жана билгичтиктерди камтуучу кесиптик (практикалык) ишмердик компоненти; педагогдун инсан, жеке адам жана ишмердик субъекти катары инсандык сапаттарын камтуучу кесиптик-инсандык компонент кирет. Ишбилгилик – кесипкөйлүктүн жуурулушкан (интегралдуу) көрүнүшү, анда кесиптик жана жалпы маданияттын элементтери, тажрыйба, педагогикалык иштеги жана чыгармачылыктагы стаж айкалышып турат. Ишбилгилик педагогикалык ишмердикке даярдык деңгээлин аныктайт. Ишбилгиликтин артышы инсандын өзүн-өзү анализдешине байланышат, анткени бул кесипте өзүнүн татыктуу ордун табууга ичкериден түрткү болуп саналат.

**Ишкер оюн** – кесиптик ишмердиктин предметтик жана социалдык мазмунун кайталаган, тийиштүү кесипке, жумушка мүнөзүү мамилелер тутумун үлгүлөштүрүү формасы. Ишкер оюнду өткөрүү – бул өндүрүштүн шартын жана жүрүшүн туурап кайталоочу өзгөчө ишмердикти (оюнду) уюштуруу. Адамдардын кайсы типтеги карым-катышы кайталанганына жана катышуучулардын кандай

| | | |
|---|---|---|
| | | максатты көздөгөнүнө жараша ишкер, окуп-үйрөнүү, изилдөө, башкаруу, текшерүү (аттестациялоо) оюндары болуп бөлүнөт. |
| **Ишмердик** | – | адамдын курчап турган дүйнөгө карата, мазмуну аны өз кызыкчылыгына ылайыктап өзгөртүүгө багытталган бөтөнчө мамилеси. Бул коомдун жашоо шарты болуп саналат. Ишмердикке максат, каражаттар, натыйжа жана процесстин өзү камтылат. Ишмердиктин ички түзүмүндө төмөнкүлөр айырмаланат:<br>1) мүдөө – субъектти ишмердикке умтултат;<br>2) максат – ошол ишмердиктин болжолдонуучу натыйжасы;<br>3) ишмердикти аткарууда жасалуучу кадамдар, иш-аракеттер. |
| **Ишмердик** | – | социалдык чындыктын жашап өнүгүү ыгы, социалдык жигердүүлүктүн ачыкка чыгышы, курчап турган дүйнөнү максаттуу түрдө чагылдыруу жана кайра түзүү. |
| **Ишмердиктин негизги түрү** | – | баланын өмүрүндөгү тийиштүү мезгилде анын психикалык жетилүүсүнө эң чоң даражада өбөлгө түзүүчү ишмердик. |
| **Көөдөктүк (инфантилизм)** | – | организмдин өсүшүндөгү кечеңдөө. Адам психикасында жана жүрүм-турумунда жашы жете электеги өзгөчөлүктөрүнүн сакталып кала бериши. |
| **Көзөмөлсүз калган бала** | – | ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү, же болбосо кызмат адамдары тарбиялоо, окутуу жана багуу боюнча өз милдеттерин аткарбагандыктан же туура аткарбагандыктан жүрүм-турумуна көз салынбай калган жашы жете элек бала. |
| **Көзөмөлсүздүк** | – | балдардын жана өспүрүмдөрдүн жүрүм-турумуна көзөмөлдүн жоктугу же жетишсиздиги. |
| **Көнүгүү** | – | иш-аракетти өздөштүрүү максатында кайталап аткаруу. |
| **Калыбына келтирүү (реабилитация)** | – | организмдин функциясынын бузулушун жана ошондой эле ооруулар менен майыптардын социалдык, социалдык-педагогикалык функциялары менен ишке жарамдуулугун калыбына келтирүүгө багытталган медициналык, психологиялык, педагогикалык, кесиптик, юридикалык иш-чаралардын комплекси. |
| **Кара күч зомбулугу** | – | кесепети көбүнчө жан дүйнөнүн жабыркашына алып келген, денеге жаракат келтирүүчү зомбулук. |
| **Кароосуз калган балдар** | – | ата-энесинин же мамлекеттин камкордугунан, туруктуу жашоо жайынан, жаш курагына ылайык алектенүүдөн (окуудан, оюндан) куру калган балдар. |
| **Кароосуздук** | – | балдарга үй-бүлө же мамлекет кам көрбөй, тийиштүү тарбия берилбей, жайлуу жашоо шарты түзүлбөй калган абал. |
| **Кежирлик** | – | башка кишилердин жүйөөлүү далилдерине, өтүнүчүнө, кеңештерине, көрсөтмөлөрүнө карабастан, өз билгенин гана кылууга умтулуучулук, жеке адамдын эркинин өксүгү (туруктуу формаларда – мүнөздүн түрү). |
| **Коммуникация** | – | 1. Баарлашууга жакын, бирок кененирээк түшүнүк. Бул – жандуу жана жансыз жаратылыш тутумдарынын ортосунда маалымат алмашуу байланышы. Коммуникативдик иш-аракет төмөнкү компоненттер боюнча талданып, бааланат: |

1) даректөөчү (адресант) – коммуникациянын субъекти;
2) даректелүүчү (адресат) – билдирүү багытталган жак;
3) билдирүү – берилүүчү маалымат мазмуну;
4) код – билдирүүнү берүү каражаты;
5) байланыш каналы;
6) натыйжа – коммуникациянын жыйынтыгында жетишилген нерсе.

**Конформдуулук** – инсандын топ кысымына баш ийиши, тактап айтканда, топтун башка мүчөлөрүнүн жүрүм-турумуна жана мүдөөсүнө жараша өзүнүн жүрүм-турумун жана мүдөөсүн өзгөртүү.

**Коомго аралашуу** – баланын психологиялык, интеллектуалдык жана инсаний жетилүүсүнө жараша социалдык тажрыйбаны өздөштүрүү процесси жана анын натыйжасы, т.а. таалим-тарбиянын таасиринде анын психикалык функциясынын өзгөрүшү, анын социалдык-ыймандык баалуулуктарды, жүрүм-турум эрежелери менен ченемдерин өздөштүрүшү, дүйнөтаанымынын калыптанышы. Коомго аралашуу – бул белгилүү коомдо (социумда) ийгиликке жетишүү үчүн (өзүнүн жеке ишмердигинин жүрүшүндө жетишилүүчү) зарыл болгон инсандын баалуулук мүдөөлөрү, идеалдары, адеп-ахлак сапаттары тутумунун сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрү.

**Коомдоштук** – жалпы кызыкчылыктары менен максаттары бир адамдардын, элдердин же мамлекеттердин бирикмеси. Аң-сезимдери, социалдык ченемдери, баалуулук тутумдары жана кызыкчылыктарынын жалпылыгы менен айырмаланган адамдардын салыштырмалуу туруктуу топтому.

**Кооптонуучулук** – адамдын туруктуу же кырдаалга жараша өтө тынчсызданган абалга келиши, экзамендерге же эмоциялык жана денелик жогорку чыңалуу менен коштолуучу башкача себептерге байланышкан өзгөчө социалдык кырдаалдарда коркуп, чочулашы.

**Кризис психологиядагы** – узак убакыт бою өзүнө жана тышкы дүйнө менен мамилелерине канааттанбаган абалдан келип чыгуучу жан азабы (курак кризиси).

**Курак кризиси** – онтогенездин психологиялык кескин өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүүчү салыштырмалуу анча узакка созулбаган (бир жылга чейинки) өзгөчө мезгилдери. Невротикалык жана жаракат түрүндөгү кризистерден айырмаланып, курак кризиси инсандын ченемдүү, ырааттуу өсүшү үчүн зарыл ченемдик процесстерге кирет. Ал адамдын бир курактык баскычтан башка куракка өтүшүнөн келип чыгышы, анын социалдык мамилелериндеги, ишмердигиндеги жана аң-сезиминдеги сапаттык туташ кайра өзгөрүүлөр менен байланышкан болушу мүмкүн. Кризистердин формасы, узакка созулуусу жана курчтугу баланын жекече-типологиялык өзгөчөлүктөрүнө, социалдык жана микросоциалдык шарттарга, үй-бүлөдөгү тарбиянын өзгөчөлүктөрүнө, бүтүндөй педагогикалык тутумга жараша ар башкача болушу ыктымал. Балачактагы курактык кризисте баланын жаңы, жетилген мүмкүнчүлүктөрү, «өсүүнүн социалдык кырдаалынын» өзгөрүшү, ишмердиктин алмашуусу, баланын бүтүндөй аң-сезим түзүмүнүн кайра түзүлүшү эске алынган чоңдор менен жаңыча мамиле жасала баштайт.

| | | |
|---|---|---|
| **Курак** | – | онтогенетикалык өнүгүүнүн бөтөнчө баскычы – жеке адамдын жетилишинин мезгилдик мүнөздөмөсү (хронологиялык курак, психологиялык курак). Куpактык (онтогенетикалык) жана функционалдык өнүгүү процесстерин өзөнчө психикалык процесстердин алкагында айырмалоо керек. Психикалык процесстер салыштырмалуу түрдө тез-тез, бөлүктүү өзгөрүүлөр менен коштолот. Булар чогула берип, баланын аң-сезиминде жана инсанында курактык өзгөрүүгө алып келет. |
| **Кызматтык нускамалар** | – | башкаруу тутумундагы кызматчынын дайындалышын жана ордун, кызматтык милдеттерин, укуктарын, жоопкерчилигин жана сыйлануу формаларын иреттөөчү негизги документ. |
| **Кырдаалдык өсүү** | – | кырдаалдык социалдык факторлордун таасиринде баланын психикасындагы жана жүрүм-турумундагы колдоону талап кылган, анчалык туруктуу эмес ыкчам өзгөрүү. |
| **Лидерлик: стиль** (лидерлик стили; жетекчилик стили) | – | кол алдындагыларга (жетегиндеги) адамдарга таасир этүү ыкмаларынын лидер үчүн типтүү келген тутуму. К. Левин лидерликтин үч стилин айырмалаган:<br>1) авторитардык (өкүмчүл, буйрукчул) – эч кимдин демилге көтөрүшүнө жана кабыл алынып жаткан чечимдерди талкуулоого жол бербестен, катуу ыкмалар менен башкаруу;<br>2) демократиялуу (коллегиалдуу) – кеңешип, акылдашып чечим кабыл алуу, демилгени ж. б. у. с. колдоо;<br>3) анархиялуу (либералдык) – башкаруудан баш тартып, жетекчиликти жүргүзбөй калуу ж.б. |
| **Мүдөө (мотив)** | – | адамдын жүрүм-турумунун, кадамдарынын туруктуу ички психологиялык себеби. |
| **Мүнөз** | – | адамдын белгилүү шарттардагы жүрүм-турумунун көндүм ыктарынын жекече, жетишерлик туруктуу тутуму. Адамдын мүнөзүнүн калыптанышына социалдык карым-катыштардын таасири зор болот. Ошондуктан тукум кууган өзгөчөлүктөрү жана турмуштук тажрыйбасы шартталган мүнөз белгилери ар түрдүү болсо да, окшош коомдук шарттарда жашаган адамдардын мүнөзүндө жалпылыктар көп. |
| **Мүнөздүн орчундашкан типтери** | – | адамдын мүнөзүндөгү бир же бир нече сапат күчтүү өнүгүп, башка сапаттарды басынткан өзгөчөлүгү. Мындайда ошол үстөмдүк кылган сапаттар инсандын ар түрдүү жагдайлардагы жүрүм-турумун аныктайт. |
| **Маек (интервью)** | – | оозеки сурам аркылуу социалдык-психологиялык маалыматтарды алуу ыкмасы. Анкетага салыштырмалуу мында суралуучунун жоопторду өз каалагандай түрдө, кеңири туюнтуу мүмкүнчүлүгү көп болот. |
| **Максат** | – | адам жетүүнү көздөгөн, алдын ала белгиленген натыйжанын аңдап-баамдалган элеси. |
| **Мамлекеттик социалдык жардам** | – | аз камсыздалган үй-бүлөлөргө тийиштүү бюджеттердин, мамлекеттин социалдык бюджетинин эсебинен жөлөкпул, субсидия, компенсация, тиричиликке зарыл товарларды берүү. |

| | | |
|---|---|---|
| **Мамлекеттин үй-бүлө саясаты** | – | үй-бүлөнүн жашоо шартын жакшыртууга жана жогорулатууга багытталган уюштуруучулук, экономикалык, укуктук, илимий, маалыматтык, үгүт жүргүзүүчүлүк мүнөздөгү жана кадр тандоого байланышкан принциптердин, баа берүүлөрдүн жана чаралардын бир бүтүн тутуму. |
| **Мекенчил тарбия** | – | жарандардын мекенчил бийик аң-сезимин, өз Ата Мекенине берилгендик сезимин, Мекендин кызыкчылыктарын коргоо боюнча жарандык парзын жана конституциялык милдеттерин аткарууга даярдыгын калыптандырууга багытталган мамлекеттик бийлик органдарынын жана уюмдарынын ырааттуу жана максаттуу иш-мердиги. |
| **Меланхолик** | – | Гиппократтын классификациясындагы темпераменттин бир түрү. Бул темпераменттеги адам бат капаланат, атүгүл болор-болбос нерселерге да кайгыра берет, бирок тышкы жагдайларга ыкшоо мамиле кылат. |
| **Мен-концепция** | – | адамдын өзү жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн тутуму. Бирдиктүү Мен – концепциясынын алкагында анын курамдык бөлүктөрүн айырмалашат:<br>▪ Мен-дене – өз денесинин схемасы;<br>▪ Мен-социалдык – социалдык интеграциянын тармактары: жыныстык, этникалык, өужарандык, ролдук жактар менен шайкеш келүүчү;<br>▪ Мен-экзистенциалдык – өзүн өмүр менен өлүмдүн өңүтүндө баалоо.<br>Адамдын Мен-концепциясы тирилик маселелерин чечүүдөгү тажрыйба топтоо жана бөлөк кишилердин (эң мурда ата-энесинин) баалоосу аркылуу калыптанат. |
| **Мотивация** | – | адамдын багыттуулугун, уюшкандыгын, жигердүүлүгүн жана туруктуулугун аныктоочу, анын жүрүм-турумун физиологиялык жана психологиялык жактан башкарган динамикалуу процесс. |
| **Мыйзам ченемдүүлүктөр** | – | өзгөрүүлөрдүн туруктуу ирети, кубулуштардын өзгөрүүсүн аныктоочу алардын объективдүү байланыштары. |
| **Мыйзамга каршы жүрүм-турум** | – | зөөкүрдүк, башкаларды кемсинтүү, талап-тоноо, уурулук, авто унааларды уурдап качуу, денеге залака келтирүү, балагатка жете электерди жолдон чыгаруу, зордуктоо, киши өлтүрүү. |
| **Ой жүгүртүү (рефлексия)** | – | өзүнүн психикалык абалы тууралуу ой жүгүртүү, өзү баштан кечиргендерди талдоого шыктуулук. Ой жүгүртүү – бул өзүн-өзү түшүнүү жана аңдап-таануу эле эмес, башка адамды түшүнүү жана баалоо дагы. Өз пикирин башка кишилердин пикири жана жалпы коомдоштуктун көз карашы менен шайкештирүү. |
| **«Опуртал топтогу» балдар, өспүрүмдөр** | – | генетикалык, биологиялык жана социалдык ар кандай себептерге байланыштуу мектепке психикасы жана дене-бою мажирөө, тарбиясы начар абалда келген, андыктан мектепке жана коомго көнүгүшө албай калышы ыктымал балдар. |
| Опуртал фактору | – | өмүргө коркунуч туудургудай өзгөргөн (көндүм эмес), психикалык мүнөздөгү жагдай. |

| | | |
|---|---|---|
| **Өздөшүү (идентификация)** | – | сөзмө-сөз которгондо: «окшошуу». Курактык өнүгүү психологиясында өздөшүү баланын кыял-жоругунун жана жүрүм-турумунун башка адамдарга окшошуусун билдирет. Натыйжада бала өзүн окшоштурган адамдардын сапаттарын жана мүнөзүн өздөштүрөт. |
| **Өзүн-өзү аңдоо** | – | жеке адамдын өзү жана өзүнө болгон мамиле жөнүндө салыштырмалуу туруктуу аңдап-баамдаган түшүнүктөрүнүн тутуму, буга өзүн-өзү жөнгө салуу менен өзүн-өзү көзөмөлдөө камтылат. |
| **Өзүн-өзү баалоо** | – | адамдын өз психологиялык сапаттары менен жүрүм-турумун, жетишкендиктери менен жолу болбой калганын, артыкчылыктары менен кемчиликтерин өзү баалоосу. |
| **Өзүн-өзү байкоо** | – | адамдын өзүнүн психикалык жашоосунун ички жагын (кыжаалат болуусу, ойлору, сезимдери ж.б.) байкоосу. |
| **Өзүн-өзү жөнгө салуу** | – | татаалдыгы жана коомго аралашуу деңгээли түрдүү болгон жандуу тутумдардын максатка ылайык иштеши. |
| **Өзүн-өзү жүзөгө ашыруу** | – | адамдын өз жөндөмдөрүн, муктаждыктарын, билимдерин, билгичтик менен көндүмдөрүн, чыгармачылык мүмкүнчүлүктөрүн ачып, жүзөгө ашыруусу. Өзүн шайкеш таанып-билүүгө жана баалоого негизделген адамдын даремет күчтөрүн аң-сезимдүү түрдө ачууга максаттуу багытталган процесс. |
| **Өзүн-өзү ишендирүү (аутосуггестия)** | – | өзүнө даректелген ишендирүү. Мында таасир объекти менен субъекти дал келет. |
| **Өзүн-өзү тарбиялоо** | – | инсандын жакшы сапаттарын калыптандырууга багытталган максаттуу, жигердүү ишмердиги. |
| **Өзүнчө билим алуу** | – | өзүндө болгон билимдерин өркүндөтүп, тереңдетүү жана жаңыларын өздөштүрүү боюнча инсандын максаттуу иши. |
| **Өксүк комплекси** (кадыр-барксыздык комплекси) | – | кандайдыр бир психологиялык же дене-бой жагынан баалуу касиеттери чын эле жок же адам өзү жок деп ойлогон абалдан келип чыгуучу узакка созулган корсунуу, кемсинүү сезими. Ал өзүн башкалардан *начар* деп баалагандык, умтулуу деңгээлинин *төмөндүгү*, ашкере *тынчсыздануучулук* жана *жолум болбой калат* деп өтө эле *сактана берүүчүлүк* сыяктуу психологиялык белгилер менен коштолот. |
| **Өнүгүүнүн сүрөөчү күчтөрү** | – | балдарды окутууда жана тарбиялоодо алдыга коюлуучу максаттар, ошондой эле баланын өзүнүн өсүп-жетилүүгө муктаждыгы, умтулуусу. |
| **Өспүрүм курак** | – | 10–11ден 13–14кө чейинки жаш куракты камтыган, балалыктан бой жеткен куракка өтүү мезгили. |
| **Өсүү факторлору** | – | баланын психикалык жана жүрүм-турумдук өсүшүн аныктоочу жагдайлар тутуму. Өсүү факторлору таалим-тарбиянын мазмунун, мугалимдер менен тарбиячылардын педагогикалык даярдыгын, таалим-тарбия каражаттары менен усулдарын жана башка көптөгөн баланын психологиялык өсүшүнө зарыл болгондорду камтыйт. |
| **Өсүүнүн сезимдик (сензитивдүү) мезгили** | – | (өсүүнүн сезимдик мезгилдери) – жекече өсүүнүн курактык мезгили. Баланын өсүүсүндөгү тигил же бул таасирлерге, ишмердиктин кайсы бир түрүн өздөштүрүүгө ашкере сезимтал учурлары. |

Мындай өсүү жүрүп жатканда организмдин ички түзүмдөрү тышкы дүйнөнүн бөтөнчөлүктүү таасирлерин өзгөчө сезгич келет. Психикалык функциялардын өсүшүндө мааниси өтө зор. Сезимдик мезгилдерди эске алуу эң мурда окуу иш-чараларын туура уюштуруу үчүн керек. Алсак, балдар эки-үч жашында сүйлөгөндү, беш-жети жашында окуганды үйрөнүүгө бир кыйла даяр болушат; беш жашында алар фонематикалык конструкцияларды кабыл алууга дилгир болушат. Өзгөчө даярдыктын бул мезгилдери өтүп кеткен соң, кийин тийиштүү функцияны өстүрүү кыйынга туруп калышы мүмкүн экенин белгилөө зарыл.

**Өсүүнүн социалдык кырдаалы** – кишинин психологиялык жана жүрүм-турум өсүшү жүргөн социалдык шарттар. Буга өсүү көз каранды болгон факторлор тутуму камтылат.

**Патронат** – колдоо; ата-энесиз калган балдарды тийиштүү мамлекеттик органдар менен тийиштүү келишим негизинде тарбиялап алуучу адамга өткөрүп берүү.

**Педагогика («бала жетелөө»)** – жеке адамдын инсанын өнүктүрүүгө багытталган иш-аракеттердин маңызын, мыйзам ченемдүүлүктөрүн, тенденцияларын окуп-үйрөнүүчү илим.

**Педагогикалык адеп** – педагогдун адеп-ахлак ишмердигинин түрдүү өңүттөрү жөнүндөгү илим. Анын негизинде үч аксиома жатат: педагог балдарды сүйө билиши керек; педагог балдарга сый мамиле кылышы керек; окуучу билбей калууга укугу бар. Педагогикалык адеп педагогикалык чынчылдык, кесипкөй ар-намыс, абийир, кесиптик-педагогикалык милдет өңдүү категорияларда жүзөгө ашат. Педагогикалык адептин мазмундук жагы булар: анын көз карашында, сезимдеринде, ишениминде туюнтулган педагогдун ыймандык аң-сезими; педагогдун окуучулар, кесиптештери, ата-энелер менен адеп-ахлактык мамилеси; педагог ... тийиш эмес; окутуучу ... болууга тийиш деген педагогикалык моралдык эрежелер кодекси аркылуу иш жүзүндө орундалуучу адеп-ахлактык ишмердик.

**Педагогикалык жекече (индивидуалдык) стиль** – конкреттүү педагогго таандык өзгөчө ык, педагогикалык иш-аракет жасоо ыңгайы.

**Педагогикалык импровизация** (лат. *improvisus* – күтүүсүз, капыстан) – педагогикалык баарлашуунун жүрүшүндө алдын ала ойлонуштурбай эле жасалган ишмердик.

**Педагогикалык ишмердик** – адамзат топтогон маданият менен тажрыйбаны муундан-муунга өткөрүп берүүдөгү социалдык ишмердиктин түрү (Ю. К. Бабанский). Социомаданий мазмунду өткөрүп берүүнүн жана аны ар бир жаңы муунда кайра жаратуунун жалпы нугу (Л. А. Беляева).

**Педагогикалык көзөмөл** – инсандын окуу-тарбия натыйжаларын текшерүү тутуму. Мугалим менен окуучунун ортосунда тике жана кайтарым байланыш түзүү каражаты болуп саналат. Аны ишке ашыруучу кызматтар:

- көзөмөлдөөчү, б.а. окуучулардын билимдерин, билгичтиктери менен көндүмдөрүн аныктоо жана окуунун жүрүшү менен натыйжасына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү;

- уюштуруучу, б.а. билимдерди, билгичтиктер менен көндүмдөрдү өздөштүрүүнү өркүндөтүү боюнча күн сайын иштөө;
- өнүктүрүүчү, б.а. окуучулардын таанып-билүү жигердүүлүгүнө түрткү берүүчү;
- багыттоочу, б.а. окуунун максатына канчалык жакындаганы тууралуу маалымат алуу;
- усулдук, б.а. окутуунун усулун өркүндөтүү;
- тарбиялоочу, б.а. өз ишмердигинин жыйынтыгы үчүн адеп-ахлактык жоопкерчиликке тарбиялоо;
- диагноздоочу, б.а. каталыктар тууралуу маалымат алуу;
- болжолдоочу, б.а. натыйжалардын негизинде келечекке божомол түзүү.

**Педагогикалык кароосуз калгандык** – баланын өсүүсүндөгү таалим-тарбия өксүгү менен шартталган ченемдик чийинден чыгуу.

**Педагогикалык маданият** – бул руханий жана материалдык муктаждыктарды эң таасын чагылдырган жалпы адамзаттык маданияттын бир бөлүгү; тарыхый муун алмашуу процесси менен инсанды коомго аралаштырууга (жетилтүүгө) кызмат кылуу үчүн зарыл болгон педагогикалык чыгармачыл ишмердиктин ыкмалары. Педагогикалык маданият – педагогикалык баалуулуктардын, кишинин кесиптик жүрүм-турум жана ишмердик ыкмаларынын динамикалуу тутуму.

**Педагогикалык позиция** – педагог балдарга карата көңүлүндө туткан, алар менен карым-катыш учурунда өз жүрүм-турумун аныктаган абал. Позицияны мугалим өзүн кармаган психологиялык аралык мүнөздөйт. Б.а. педагогдун балага карата «жогортон», «төмөн жактан», «жанынан» болуп жайгашуусу. Позиция максат коюу менен байланышкан.

**Педагогикалык процесстин мыйзам ченемдүүлүктөрү** – педагогикалык максаттарга жетишүүнүн багыттуулугу менен ийгилигин аныктоочу тышкы жана ички орчундуу байланыштар. Тышкы байланыштар: милдеттерди аныктоодогу коом менен инсандын кызыкчылыктарын шайкеш келтирүү; экономикалык, саясый жана рухий жагдайлар менен шартталгандык. Ички байланыштар: сыналуучулардын куррактык жана жекече өзгөчөлүктөрүнө көз карандылык; катышуучулардын иш-аракеттеринин биримдиги; билим берүү, тарбиялоо жана өнүгүү процесстеринин өз ара байланыштуулугу; максаттардын, формалардын, усулдардын жана мазмундун биримдиги.

**Педагогикалык чыгармачылык** – педагогдун окуучуларды тарбиялоо, окутуу жана жетилтүү боюнча өз тажрыйбасын долбоорлоосу жана түзүүсү менен байланышкан окутуучунун жигердүүлүгү, өз алдынча рухий-тажрыйбалык жана илимий уюштуруучулук ишмердигинин жогорку түрү.

**Психикалык өсүштүн кечеңдеши** – психикалык өнүгүүнүн ченемдүү ыргагынын эмоциялык-эрк жагынан жетилүү ылдамдыгы басаңдап кетишинен жана акыл-эс өксүгүнөн көрүнүүчү бузулушу.

**Психикалык депривация** – өзгөчө турмуштук кырдаалдардын натыйжасында пайда болуп, негизги психикалык муктаждыктардын жетиштүү канааттанбашына себеп болуучу психикалык абал.

| | |
|---|---|
| **Психикалык жетилүү мыйзамдары** | – бир курактан экинчисине өткөндө адамдын психологиясында жана жүрүм-турумунда болуучу өзгөрүүлөрдү сыпаттоочу, түшүндүрүүчү мыйзамдар. |
| **Психикалык түзөтүү (психокоррекция)** | – психикалык өнүгүүнүн кабыл алынган критерийлер тутумунда «алгылыктуу» үлгүгө туура келбей турган өзгөчөлүктөрүн түзөтүү ишмердиги. Буга психотерапияны да кошсо болот. Түзөтүү усулдарынын түрлөрү көп, аларды писхолог өзү кайсы багытка таандык экендигине жараша тандайт. |
| **Психодиагноздоо** | – инсандын жеке-психологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоочу жана ченеп-өлчөөчү усулдарды иштеп чыгуучу психология илиминин тармагы. |
| **Психологиялык ыңгайлашуу (адаптация)** | – адамдын коомдогу ченемдер менен баалуулуктарды өздөштүрүү аркылуу андагы талаптарга жана критерийлерге ыңгайлашуусу. |
| **Психологиялык өзүн жөндөө усулу** | – өз абалын тескөөнүн ички каражаттарын калыптандырууга багытталган окутуп-үйрөтүүчү усулдар тутуму. Ар кандай түрлөрү бар: нерв-булчуңдарды эс алдыруу, өзүн ынандыруучу (аутогендик) машыгуу, ой-кыймыл (идеомоторикалык) машыгуу, сүкүт (медитативдик) усулдар, өзүн гипноздоо. Окутуп-үйрөтүү атайын уюштурулган сабактар түрмөгүндө эң ийгиликтүү жүргүзүлөт. |
| **Психологиялык өсүү деңгээли** | – инсандын бир кыйла салабаттуу адамдар тобуна салыштырмалуу же өмүрүнүн башка мезгилиндеги өзүнө салыштырмалуу шык-жөндөмдөрүнүн, билимдеринин, билгичтиктери менен көндүмдөрүнүн учурдагы абалы. |
| **Психологиялык диагноздоо** | – инсандын учурдагы абалына баа берүү, андан ары өсүшүн болжолдоо жана изилдөө милдетине жараша сунуштарды иштеп чыгуу максатында анын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүн сыпаттоо жана аныктоо. Психологиялык диагноздоонун предмети – жекече психологиялык ченемдүү жана патологиялык айырмачылыктарды аныктоо. |
| **Психологиялык жигердүүлүк: биоыргак** (адамдын психологиялык жигердүүлүгүнүн биоыргактары) | – адамдын психологиялык ишмердигиндеги чыңалуу жана бошоңдоо мезгилдеринин алмашып турушу. Мунун төмөнкүдөй түрлөрү бар:<br>1) тышкы биоыргактар – алар күндүн активдүүлүгүнүн түрмөгү (11,5 жыл), жыл мезгилдери, сутканын убактылары ж. б. у. с. менен байланышкан;<br>2) ички биоыргактар – дене бой жана психологиялык ишмердиктеги жигердүүлүк жана бошоңдоонун себеп болуучу абалы. Психологиялык жигердүүлүктүн суткалык биоыргагы өзгөчө мааниге ээ, анткени ал ишке абдан жөндөмдүүлүктүн жана чаалыгуунун убакыт тилкелерин аныктайт:<br>1) эң жогорку жигердүүлүк – эртең менен (саат 8ден 12ге чейин);<br>2) эң төмөн жигердүүлүк – күндүн орто чени (саат 12ден 16га чейин);<br>3) экинчи эң төмөн жигердүүлүк – кечкисин (саат 16дан түнкү 2ге чейин);<br>4) өтө төмөн жигердүүлүк – түнкүсүн (саат 2ден таңкы 8ге чейин). |

Дене бой жана психологиялык жигердүүлүктөгү жогорку жана төмөнкү деңгээлдердин сутка ичинде алмашылып турушу төмөнкү схемага туура келет: чыңалуу – бошоңдоо – чыңалуу – бошоңдоо. Эртең мененки жигердүүлүктүн жогорулашы адреналин (А) жана норадреналин (НА) гормондорунун бөлүнүүп чыгышындагы көбөйүүгө туура келет.

**Психологиялык зомбулук** – балага карата жасалып, анын даремет мүмкүнчүлүктөрүн өсүүдөн өксүтүүчү же залал кылуучу аракет.

**Психологиялык кеп-кеңеш (консультация) берүү** – тынчсызданган адамдын, анын тегерегиндеги кишилер менен болгон мамилесине тиешелүү маселелердин жагдайын алдын ала иликтөө негизинде адамга, топ мүчөлөрүнө ошол маселелерди чечүү боюнча сунуштар түрүндө жардам берүү формасы.

**Психологиялык коргонуу** – инсанды турукташтырууда жагымсыз, оор сезимдерди азайтууга (инсандын бүтүндүгүн коркунучка кабылдыруучу чыр-чатакты аңдап билгендеги тынчсызданууну жок кылууга же басаңдатууга) багытталган атайын жөнгө салуу ыкмаларынын тутуму. Психологиялык коргонуунун кызматтары – аң-сезим чөйрөсүн тескери, жабыктыруучу санаалардан калкалоо.

**Психологиялык курак** – адамдын психологиялык өнүгүү деңгээлине туура келе турган курагы.

**Психологиялык тоскоол** – тигил же бул иш-аракеттерди жасоого бөгөт болуучу психикалык абал, ички психологиялык мүнөздөгү каршылык: каалабагандык, коркуу, өзүнө ишенбегендик ж. б. у. с. Көбүнчө ишкер жана жеке карым-катыштарда ачык-айрым, ишенимдүү мамиле түзүүгө тоскоол болот. Психологиялык тоскоолдун эмоциялык механизми алдыда турган милдетке байланыштырылуучу терс сезимдер – уялуу, күнөө, коркуу, кабатырлануу, өзүн начар баалоо (мисалы, эл алдына чыгуудан сүрдөө). Социалдык жүрүм-турумда психологиялык тоскоолдор баарлашуудагы бөгөт болуп, кайдигерлик, инсан аралык жана социалдык мамилелердин катаалдыгы ж.б. түрүндө, ошондой эле түшүнбөстүк катары да кездешет.

**Революциялык өсүү** – 1. Бир курактан экинчи куракка өткөн мезгилде болуп өтүүчү адамдын психикасынын жана жүрүм-турумунун тез жана терең өзгөрүшү. 2. Адамдын жүрүм-туруму менен психикасы тегине (генотибине) жараша эмес, адамдын жүрүм-туруму менен психикасында түйүлдүк кезинде да болбогон нерсени жаратып, өз таасири менен революция жасаган айлана-чөйрөнүн таасирине жараша өнүгөт деп ырастаган теориянын негизги түшүнүгү.

**Референттик топ** – максаттарын, көз карашын жана баалуулуктарын ага таандык адам анча-мынча жактаган топ. Бул чыныгы же шарттуу социалдык жаатты жеке адам өзү үчүн өрнөк санайт да, жүрүм-турумунда жана өзүнө баа берүүсүндө ошол жалпылыктын ченемдерин, көз карашын, баалуулуктарын жана баасын жетекчиликке алат. Референттик топ негизинен эки: ченемдик жана салыштыруучулук кызматты аткарат. Ченемдик кызматы перцепциялык процесстерде (мүдөөлөрдө) ачыкка чыгат: референттик топ мында жеке адамдын жүрүм-турум ченемдерин, социалдык жана баалуулук

| | | |
|---|---|---|
| | | багыттарын аныктоочу таасирге ээ болот. Салыштыруучу кызматы перцепциялык процесстерде (социалдык перцепцияда) ачыкка чыгат: референттик топ мында жеке адамдын өзүнө жана башкаларга баа бергенде колдоно турган негизги үлгү (эталон) болот. |
| **Сабырдуулук (толеранттуулук)** | – | биздин дүйнөнүн бай маданиятынын көп түрдүүлүгүн, өзүбүздү таанытуу формаларын жана адамдын өзгөчөлүктөрүнүн туюнтулуу жолдорун сыйлоо, кабыл алуу жана туура түшүнүү. |
| **Салт** | – | үрп-адат, каада-салт, жүрүм-турум эрежелери түрүндө этникалык тажрыйбаны бир муундан экинчи муунга өткөрүп берүү ыгы. |
| **Сангвиник** | – | Гиппократтын классификациясындагы темперамент. Сангвиник темпераментиндеги кишини жандуу, тез кыймылдаган жана тегерегинде болуп жаткан окуяларга тез жооп кылып, жолу болбой калганда же жагымсыз учурларда катуу чөкпөгөн адам катары мүнөздөөгө болот. |
| **Сезимдер** | – | курчап турган дүйнөдөгү белгилүү нерселерге же процесстерге жеке адамдын туруктуу мамилесин чагылдырган эмоциялык толгонуулары. |
| **Социалдык багыт** | – | кишинин башка кишилерге, социалдык окуяларга, фактыларга жана өзү үчүн маанилүү болгон көптөгөн бөлөк нерселерге мамилеси. Социалдык багыт мындай мамиленин үч компонентин камтыйт: когнитивдүү (объектидеги билим), эмоциялык (ал пайда кылган сезимдер) жана жүрүм-турумдук (андан келип чыккан аракеттер). |
| **Социалдык жигердүүлүк** (лат. *activus* – ишмер) | – | адамдын объективдүү социалдык шарттарды өзгөртүүгө да, өз инсанынын социалдык сапаттарын калыптандырууга да багытталган аң-сезимдүү, максаттуу ишмердиги. |
| **Социалдык жоопкерчиликтин калыптанышы** | – | бул кырдаалды шайкеш баалай билүү эле эмес, өзү жана башкалар үчүн кандай болорун эске алуу менен чечим кабыл алуу жөндөмүнүн калыптанышы. |
| **Социалдык коргоо** | – | өнүгүшүнүн тийиштүү баскычында маанилүү деп эсептелген окуя болгондо белгилүү категориядагы жарандардын социалдык абалын коомдун калган мүчөлөрүнө салыштырмалуу теңештирүү максатында мамлекеттик бюджеттик жана бюджеттен тышкаркы атайын фонддордун эсебинен аларды материалдык камсыздоого багытталган чаралар тутуму. |
| **Социалдык коргоо** | – | адамдардын укуктары менен эркиндигин сактоо жана жүзөгө ашыруу үчүн зарыл экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер. |
| **Социалдык максаттуу коргоо** | – | өзгөчө кыйын жагдайда калган балдарды (көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарын, майып балдарды, жетим балдарды, качкындардын балдарын жана башка шашылыш социалдык жардамга көбүрөөк муктаж балдарды) коргоого багытталган педагогикалык ишмердик, түрдүү багыттар боюнча бардык балдар жана алардын ата-энелери менен да социалдык коргоо иштерин алып баруу. |
| **Социалдык позиция** | – | эмгекти коомдук бөлүштүрүү тутумунда кишинин ээлеген орду жана социалдык түзүмдөрдөгү, топтор менен уюмдардагы баш ийишүүчүлүк абалы. |

**Социалдык роль** – коомдо белгилүү абалды ээлеген адамдын инсанынын, психологиясы менен жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүн сыпаттоону камтыган түшүнүк. Мисалы, мугалимдин, жетекчинин, ата-эненин, окуучунун ж.б. ролу.

**Социалдык тарбия** – коомдук турмушка аралашуу мезгилинде тарбияга муктаж болгон балдарды окутуу жана тарбиялоо жагынан көмөк көрсөтүүнүн педагогикалык максаттуу тутуму.

**Социалдык ыңгайлашуу** – жеке адамдын коомго аралашуусу, жуурулушуусу, социалдык чөйрөдөгү шарттарга ылайыкташуусу, ошондой эле бул процесстин натыйжасы (өзүн-өзү аңдоосунун жана ролдук жүрүм-турумунун калыптанышы, өзүн-өзү көзөмөлдөөгө жана тегерегиндегилер менен алгылыктуу мамиле түзүүгө жөндөмдүүлүгү). Социалдык ыңгайлашуу тынымсыз жүрүп турса да, бул түшүнүк жеке адамдын жана анын чөйрөсүндөгүлөрдүн ишмердигиндеги ири өзгөрүүлөр мезгили менен байланыштырылат.

**Социалдык-педагогикалык ишмердик** – кишинин коомго аралашуу процессинде жана анын социомаданий тажрыйбаны өздөштүрүүсүндө ага көмөк көрсөтүүгө, анын коомдо өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырышы үчүн шарттарды түзүүгө багытталган кесипкөй ишмердиктин бир түрү. Социалдык-педагогикалык ишмердик даректүү болот. Социалдык-педагогикалык ишмердиктин негизги түрлөрү:

а) социалдык-педагогикалык диагноздоо – инсан менен социумга түрдүү факторлордун таасири тууралуу маалымат топтоо;
б) социалдык-педагогикалык ишмердик – инсандык өсүп-жетилүүдөгү ыңгайсыздыктын (дезадаптациянын) алдын алууга жана инсандын ыңгайлашуу деңгээлин жогорулатууга багытталган ишмердик;
в) социалдык-педагогикалык калыбына келтирүү – жеке адамды коомго кошууга багытталган программалар менен аракеттерди ишке ашыруу, инсандын негизги социалдык функцияларын, психикалык, тулку-бойлук жана адеп-ахлактык саламаттыгын, коомдук макамын калыбына келтирүүгө багытталган иш-чаралар комплекси;
г) социалдык-педагогикалык түзөтүү – коомдо кабыл алынган ченемдерге туура келбеген психологиялык, педагогикалык жана социалдык жааттагы өзгөчөлүктөрдү оңдоп-түзөө боюнча ишмердик.

**Социалдык-педагогикалык колдоо** – балдар менен жаштардын кызыкчылыктарын, шык-жөндөмдөрүн, жашоодогу мүдөөлөрүн айырмалоо максатында аларды аныктоого жана шайкеш коштоого багытталган көп пландуу иш-чаралар тутуму.

**Социалдык-педагогикалык коштоо** – өспүрүмдөргө өз убагында социалдык-педагогикалык жардам көрсөтүү жана жаштардын инсанынын өсүшүнүн жүрүшүндөгү өзгөрүүлөрдү туруктуу байкоонун негизиндеги түзөтүү таасирлеринин тутуму. **Социалдык-педагогикалык коштоонун компоненттери:**

– диагноздоочу (ар бир адамга жекече мамилени камсыздоо үчүн сунуштарды иштеп чыгуу, жаштардын көйгөйлөрү менен кы-

йынчылыктарынын себептерин аныктоо, эң ылайыктуу келген педагогикалык таасирди тандоо жана көйгөйлөрдү чечүү үчүн жагымдуу психологиялык шарттарды түзүү);
- кеп-кеңеш берүүчү (социалдык-педагогикалык кеп-кеңеш берүү);
- болжолдоочу (жаштардын ишмердигин, карым-катыштарындагы өзгөрүүлөрдү, чырдуу кырдаалдардын пайда болушун болжолдоо);
- практикалык компонент (окуу ишмердигин коштоо, жаштардын социалдык сабаттуулугун калыптандыруу, аларды социалдык жактан жетилтүү, социалдык коргоо, өзүн-өзү коргоого даярдоо, кризистик кырдаалдарды жеңүү жана сергек жашоо таризин калыптандыруу боюнча иш-чаралар комплекси).

**Социалдык-психологиялык климат** (моралдык-психологиялык климат; психологиялык климат; психологиялык атмосфера) – инсан аралык мамилелердин биргелешип өнүмдүү иштөөгө, топтогу инсандын ар тараптуу жетилүүсүнө өбөлгө түзүүчү же кедергисин тийгизүүчү психологиялык шарт түрүндө көрүнүүчү сапаттык жагы. Жагымдуу социалдык-психологиялык климаттын эң маанилүү белгилери:
1) топ мүчөлөрүнүн бири-бирине ишеними жана талап коюучулугу;
2) ылым саноочулук жана иштиктүү сын;
3) бүтүндөй жамаатка тиешеси бар маселелерди талкуулаганда өз пикирин эч тартынбай айтуу мүмкүнчүлүгү;
4) жетекчинин кол алдында иштегендерге кысым көрсөтпөшү, алардын топ үчүн мааниси бар чечимдерди кабыл алууга укугун таанышы;
5) жамааттын милдеттери жана ишинин абалы жөнүндө анын мүчөлөрүнүн жетиштүү билиши;
6) жамаатка таандык болгондугуна канааттануучулук;
7) жамаат мүчөлөрүнүн бири оор жагдайга түшүп калганда, ага жан тартып, колдоо көрсөтүүгө даярдык;
8) топтогу иштин абалы үчүн жоопкерчиликти анын ар бир мүчөсү көтөрүүгө даяр турушу ж. б. у. с.
- Социалдык-психологиялык климаттын абалы негизинен топтук өнүгүү деңгээлине жараша болот. Өнүккөн жамааттагы маанай менен анын мүчөлөрүнүн биргелешкен ишмердигинин өнүмдүүлүгү тыгыз байланыштуу. Ар кандай эле жамааттагы ишмердикти жана климатты жакшы тескөө үчүн жетекчинин атайын билимдери жана билгичтиктери болууга тийиш.

**Социум** – киши калыптанган чөйрө; бул чөйрөнү түзгөн түрдүү топтордун, уюмдардын, мекемелердин, кыймылдардын топтому; турмуш-тиричиликте адамга таасири сезилген нерселер; адам жигердүү жашаган предметтик, маданий, рухий мейкиндик.

**Стресс** – өзгөчө татаал шарттарда ишмердик жүргүзүү менен шартталган психикалык чыңалуу абалын белгилөө үчүн 1936-ж. Г. Селье тарабынан киргизилген түшүнүк. Туюнтулушуна жараша стресс ишмердикке оң дагы, терс дагы таасир этиши (аны такыр токтотуп салганга чейин жетиши) мүмкүн.

**Сурам** – белгилүү топтордогу адамдарга суроолор менен кайрылып, баштапкы маалымат чогултуу усулу.

**Түзөтүү** (коррекция) – бүтүндөй процессти же кубулушту түп тамырынан оңдоп-түзөөнү талап кылбаган айрым кемчиликтерди, катачылыктарды оңдоо.

**Таасир** (психологияда) – *өз ара катыштын* бир катышуучусунан экинчисине кыймыл-аракеттин жана маалыматтын максаттуу түрдө өткөрүлүшү.

**Таасир** (психологияда) – өз ара катышуунун жүрүшүндө башка адамдын жүрүм-турумун, мүдөөлөрүн, ниетин, түшүнүгүн, баа берүүсүн ж. б. у. с. өзгөртүү процесси жана натыйжасы.

**Табигый (эволюциялык) өсүү** – *курактык өсүү* кризистеринин ортосундагы мезгилде баланын психологиясындагы жана жүрүм-турумундагы жайбаракат жана жетишерлик туруктуу өзгөрүү.

**Талап** – инсандын же кишилердин тобунун аракетин пайда кылуу, түрткү берүү же токтотуу максатында педагогикалык таасир этүү.

**Тарбия усулдары** – тарбиялык милдеттерди жүзөгө ашыруунун жана тарбия карым-катышын жүргүзүүнүн эң жалпы ыкмаларынын жыйындысы.

**Тарбия** – жаңы муундарга коомдук-тарыхый мааниси бар тажрыйбаны өткөрүп берүү ишмердиги; адамдын өсүп-жетилишин, коомдук турмушка жана эмгекке даярдыгын камсыздоо үчүн, белгилүү мүдөөлөрдү, түшүнүктөрдү, принциптерди, баалуулук багыттарды калыптандыруу максатында анын аң-сезимине ыраатуу түрдө таасир этүү. Тарбия жашоого окшош, ал адамдын өсүп жетилиши үчүн социалдык, максаттуу шарттарды (материалдык, рухий, уюштуруучулук шарттарды) түзүүгө багытталат. Ал баланын өз тажрыйбасын байытуу, практикалык көндүмдөрүн, жүрүм-турумун калыптандыруу аркылуу жүзөгө ашырылат. Ал бүтүндөй инсанга багытталып, адамдын инсандык өзөгүн: муктаждыктар, кызыкчылыктар, максаттар, идеалдар, табиттер, мүнөздүк белгилер, мамилелер тутумун калыптандырат. Тарбиянын башкы маселеси – эмнелерди баалуулук деп эсептеш керектигин, ыймандык, эстетикалык, диний баалуулуктар инсандын ишмердигин жана жүрүм-турумун багыттап турушу үчүн эмне кылуу керектигин аныктоо. Тарбияда эки тараптын: тарбиячы менен тарбиялануучунун ишмердиги биригет.

**Тарбиялык иш** – билим берүү мекемесинде жана коомдук чөйрөдө тарбиялык процессти уюштуруу ишмердиги. Тарбиялык иште коюлган милдеттерге жараша окуучуларды тарбиялоо усулдары тандалат жана жүзөгө ашырылат. Мында эң оболу педагогдор менен окуучулардын биргелешкен ишмердигин уюштурууга көңүл буруу керек. Тарбиялык иш балага олуттуу таасир этүүчү социалдык институттардын мамилелерин жөнгө салууну камсыздайт.

**Тарбиялык процесс** – педагог менен окуучунун инсанды өстүрүүгө багытталган бүтүн, кыймылдуу өсүштөгү тутум.

**Тарбиялык тутум** – тарбиялык максаттарды; ал максаттарды максаттуу ишмердиктин жүрүшүндө жүзөгө ашыруучу адамдарды; бул процесстин катышуучуларынын ортосунда пайда болуучу мамилелерди;

өздөштүрүлгөн чөйрөнү жана тарбиялык тутумдун жарамдуулугун камсыздоого багытталган башкаруу ишмердигин камтыйт.

**Темперамент** (лат. *temperamentum* – бөлүктөрдүн тийиштүү катышы) – ишмердиктин мазмундук эмес, динамикалуу жагдайлары менен байланышкан, инсандын жеке өзгөчөлүктөрүнүн туруктуу жыйындысы. Темпераменттин касиеттерине психикалык процесстердин жекече ылдамдыгы менен ыргагын, сезимдердин туруктуулук даражасын, эрктик күчтөнүү даражасын киргизишет. Темпераменттин тиби жогорку нерв ишмердигинин тубаса анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү менен тыгыз байланышкан. Муну менен катар кишинин өмүрүндө тарбия шартына, бала чагында ооруп-сыркаганына, тамактануу өзгөчөлүктөрүнө, турмуштун гигиеналык жана жалпы шарттарына байланыштуу темпераменттин көрсөткүчтөрүндө бир топ өзгөрүүлөр болушу мүмкүн.

**Топ** – социалдык бүтүндөн тийиштүү белгилери: ишмердик мүнөзү, социалдык же таптык жааты, ички түзүмү, композициясы, өнүгүү деңгээли ж. б. у. с. боюнча айырмалануучу адамдардын саны чектелүү жалпылыгы:
1) өлчөмү боюнча: чоң, чакан, кичи топтор (диадалар, триадалар);
2) коомдук макамы боюнча: формалдуу (расмий) жана бейформал (расмий эмес) топтор;
3) өз ара тикелей байланыштары боюнча: чыныгы (катышып туруучу) жана шарттуу топтор;
4) өнүгүү деңгээли боюнча: а) төмөн деңгээлде өнүккөн топтор: ассоциациялар, корпорациялар, чачкын (диффуздук) топтор; б) жогорку деңгээлде өнүккөн топтор – жамааттар;
5) маанилүүгү боюнча: референттик топтор жана мүчөлүк топтор.
Топтун чоңдугу, ички түзүмү жана курамы анын түзүлгөндөгү максатына жана милдеттерине жараша аныкталат. Топ мүчөлөрүнүн биргелешкен ишмердиги аркылуу топ ичиндеги бардык процесстер: инсан аралык мамилелердин өнүгүшү, өнөктөрдүн бирибирин кабылдоосу (социалдык перцепция) топтук ченемдердин жана баалуулуктардын, кызматташуу жана өз ара жоопкерчилик формаларынын калыптанышы жүрөт. Топтогу калыптанган мамилелер анын ишмердигинин натыйжалуулугуна таасир тийгизет.

**Топтор арасындагы чыр-чатак** – мында көздөгөн максаттары каршы келген топтордун кагылышуусу. Мындай чыр-чатак демейде төмөнкүдөй ырааттуулукта өнүгөт:
1) улам активдүүрөөк күчтөр тартылып, күрөш тажрыйбасы топтолгон сайын чыр-чатактын күчөшү;
2) талаштуу жагдайлардын көбөйүшү жана баштапкы кырдаалдын татаалдашуусу;
3) катышуучулардын чатактуу иш-аракетинин күчөшү, конфликттин катаалдашып, башка жактардын да аралашып кетиши;
4) чатактуу мамилелердин эмоциялуу чыңалуу менен коштолушу, бул чыр-чатак катышуучуларынын жүрүм-турумуна багыттоочу да, уюшкандыгын бузуучу да түрдө таасир этиши мүмкүн;
5) талаштуу жагдайга жана бүтүндөй чыр-чатакка карата мамиленин өзгөрүшү.

| | | |
|---|---|---|
| **Тренинг** – (англ. *train* – машыктыруу, машыгуу) | – | социалдык-педагогикалык окуп-үйрөтүүнүн активдүү усулдарынын бири. Топтогу катышууга негизделип, инсандын жүрүм-турумунун айрым жактарын өркүндөтүүгө багытталат, түрмөктүү, орун алмашма мүнөзгө ээ. |
| **Турмуштук оор жагдайда калган балдар** | – | ар кандай себептерге байланыштуу келип чыккан турмуш-тиричилик маселелерин өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгү жок балдар. Булар:<br>– ата-энесинин багып-кароосунан калган балдар;<br>– көзөмөлсүз жана үйсүз калган балдар;<br>– майып балдар;<br>– психикалык жана дене-бой жагынан өсүшү өксүгөн балдар;<br>– куралдуу жана улут аралык чыр-чатактардан жабыр тарткан балдар;<br>– зордук-зомбулукка кабылган балдар;<br>– аз камсыздалган үй-бүлөдө жашаган балдар;<br>– атайын окутуп тарбиялоочу мекемелердеги ж.б. балдар. |
| **Умутулуу деңгээли** | – | өз жөндөмү жана мүмкүнчүлүктөрүн баалоо менен ишмердиктин тигил же бул түрүндө жана баарлашуунун тигил же бул тармагында жетишүүгө аракеттенген ийгилик даражасы.\ |
| **Үй-бүлө** | – | коомдун туруктуулугун, экономикалык жана руханий өнүгүшүн аныктоочу орчундуу институт. Никеге же бир боор тууганчылыкка негизделген, тириликтин жалпылыгы жана эки тараптуу жоопкерчилик байланыштырган кишилердин бирикмеси. Үй-бүлө аркылуу муун алмашып, адамдын тукуму улантылат. |
| **Үй-бүлө чектери** | – | үй-бүлөлүк мамилелерге кимдер жана кандайча катышарын аныктоочу эрежелер. |
| **Үй-бүлөлүк кеп-кеңеш берүү** | – | үй-бүлө менен анын мүчөлөрүнүн жашоо чөйрөсүндөгү жагдайды аңдап-түшүнүүгө жана аңдап-түшүнүлгөн тандоонун негизинде эмоциялык жана инсан аралык мүнөздөгү көйгөйлөрдү чечүү багытында алар менен кесипкөй психологиялык иш жүргүзүү. |
| **Үй-бүлөлүк укук** | – | бул нике жана үй-бүлө институтун мамлекеттик колдоо маселелери; мыйзам чегинде ата-энелердин, балдардын, жубайлардын ж.б. укуктары менен милдеттеринин бекитилиши. |
| **Үй-бүлөлүк үрп-адат** | – | үй-бүлөлүк турмуштун орнотулган тартиби, түзүмү; бул боюнча конкреттүү үй-бүлөнүн айырмачылыгына баа берилет. |
| **Үй-бүлөнүн жашоо түрмөгү (цикли)** | – | өзөк (нуклеардык) үй-бүлөнүн жашоо мезгилиндеги ал үчүн эң маанилүү окуялардын жыйындысы. |
| **Үй-бүлөнүн түрлөрү** | – | типтүү үй-бүлөлүк түзүмдөр. Социологдор үй-бүлөнүн мындай негизги түрлөрүн белгилешет: курамы боюнча өзөк (нуклеардык) – ата-энелерден жана аларга көз каранды болгон балдарынан турат; кеңейтилген – өзөк үй-бүлө менен анын башка туугандарын камтыйт; бийликтин тиби боюнча: патриархалдык, матриархалдык, эгалитардык (демократиялык); үй-бүлөнүн баалуулук түзүмү боюнча балдарга багытталган, жубайлык. |
| **Флегматик** | – | Гиппократтын классификациясындагы темперамент. Флегматикалык темпераменттеги адам жай кыймылдайт, оор басырыктуу, |

туруктуу умтулуулары бар, жан дүйнө абалы кабак-кашынан анча жакшы билинбейт, дайыма дээрлик бирдей маанайда жүрөт.

**Фрустрация** (лат. *frustratio* – алдамчылык, бузулуу, пландардын кыйрашы) – тигил же бул муктаждыктарды канааттандырууга мүмкүн эместик менен шартталган психикалык жаман абал. Бул абал көңүл калып, кыжаалат болгондо, кооптонуп-саксынууда, кыжырданганда, анан айласы кеткенде пайда болот. Мындай абалда ишмердиктин натыйжалуулугу кыйла төмөндөйт.

**Холерик** – Гиппократтын классификациясындагы темперамент. Холерик темпераментиндеги адам ыкчам кыймылдайт, кызуу кандуу, ишке баш оту менен берилет, буркан-шаркан түшкөн сезимдерге бат алдырат, маанайы тез өзгөрүп турат.

**Чагылдырып сүрөттөө (проекциялоо) усулу** – инсанды изилдөө усулдарынын бири. Эксперимент маалыматтарындагы чагылдырып сүрөттөлгөн учурларды таап, анан чечмелөө жолу. Проекциялоо деп бул усулду Л.Фрэнк атаган. Сыналуучуну кабылдоодогу ыктымал чечмелөөлөрдүн көп болушуна мүмкүндүк берген эксперименттик кырдаал түзүү менен байланышкан. Ар бир чечмелөө таанып билүүчү субъекттин инсандык маанилеринин жана стиль өзгөчөлүктөрүнүн кайталангыс тутумун чагылдырат.
Бул усул проекциялоо ыкмаларынын (чагылдырып сүрөттөөчү тесттери деп аталгандардын) жыйындысы менен камсыздалат. Булардын ичинен төмөнкүлөрдү айырмалоого болот:
1) ассоциялоочу – мисалы, Роршахтын тактар тести жана Хольцмандын тести. Мында сыналуучулар түрткү-тактар (стимулдар) боюнча образдарды түзүшөт; бүтпөй калган сүйлөмдөрдү аяктоо тести);
2) чечмелөөчү – мисалы, апперцепциялык тематикалык тест. Мында сүрөттө көрсөтүлгөн кырдаалды чечмелөө талап кылынат;
3) экспрессивдүү – психодрама, адам сүрөтү түрүндөгү тест, чындыкта жок жаныбардын сүрөтү түрүндөгү тест ж.б.

**Чектен чыккан жүрүм-турум** – коомдо кабыл алынган укуктук же ыймандык ченемдерге каршы келүүчү кадамдар же иш-аракеттер.

**Чыгармачылык** – жаңы материалдык жана руханий баалуулуктарды жаратуу ишмердиги.

**Чыр кабарлагычтар (конфликтогендер)** – чыр-чатак чыгышы ыктымалдыгын билдирүүчү, адамдарды чатакташууга түртө турган сөздөр же айрым иш-аракеттер түрүндөгү белгилер.

**Чыр-чатак (конфликт)** – сүйлөшүп, бир нерсени талкуулап же ал боюнча талашып-тартышып жаткан тараптардын, же болбосо карым-катыш субъектилеринин карама-каршылыктуу таламдарынын (кызыкчылыктарынын), позицияларынын, пикирлеринин, көз караштарынын кагылышуусу (=> инсандын ички конфликти да болот). Ар кандай эле чыр-чатактын негизинде төмөнкүлөрдү камтыган кырдаал болот:
1) тараптардын кандайдыр бир жагдай боюнча карама-каршылыктуу позициялары;

| | | |
|---|---|---|
| | | 2) тийиштүү шартта максаттардын же аларга жетишүү каражаттарынын карама-каршы келип калгандыгы;<br>3) тараптардын кызыкчылыктары, каалоосу, умтулуусу дал келбей калгандыгы ж.б. Чыр-чатактуу кырдаалда конфликттин субъекти жана объекти болот. Бирок чыр-чатактын чыгышына тараптардын бири экинчи тараптын кызыкчылыктарын бузган иш-аракетти жасай баштаган окуя алып келет. |
| **Чыр-чатактуу (конфликттүү) кырдаал** | – | тараптардын кызыкчылыктары объективдүү түрдө карама-каршы келип калган, бирок ачыктан ачык кагылышуу боло элек абал. |
| **Ыңгайлашуучулук (конформизм)** | – | тегерегиндеги адамдардын пикирине ылайык келгидей кылып, алардын таасирине көнүү, өзүнүн жүрүм-турумун ыңгайлаштыруу аракети. Болгон жагдайды, үстөмдүк кылуучу ченемдер менен пикирлерди кабыл алуу, аларга ыңгайлашып, өзүнүн алдынча ойлонуудан жана иш-аракет жасоодон баш тартуу. Оор шартта топтун аман калуусуна мүмкүндүк берет; анын бирдиктүү өзгөчөлүгүн жаратат; жаңы келгендердин жамаатка аралашуусун жеңилдетет; татаал кырдаалда эмне кылуу керек деп баш катыруу зарылдыгынан куткарат. |
| **Ынаным** | – | инсанды анын баалуулук мүдөөлөрүнө ылайык аракеттенүүгө түртүүчү аңдап-баамдалган муктаждыгы. |
| **Эксперимент** | – | маселелердин өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана аларды чечүүнүн жолдорун табуу максатында чындыкты жасалма түрдө кайталоого негизделген изилдөө усулу. Илимий фактыларды же изилдөө кырдаалына атайын жасалган таасир астында түзүлгөн шарттарга инсандын жооп кылуусун, жүрүм-турумундагы фактыларын топтоо усулу жана сыналуучунун тийиштүү жооп кылуусун өлчөө. Эксперименттин жүрүшүндө сыналуучунун же топтун сапаттары тууралуу баштапкы маалымат өлчөнүп, белгиленет. Белгилөөчү эксперимент изилдөөнүн башталышында жана аягында жүргүзүлөт. Бул психологиянын көз каранды өзгөрмөлүүгө таасир этүүчү көз карандысыз өзгөрмөлүүнүн өзгөрүшүнүн так эсебин алуучу негизги усулу болуп саналат. |
| **Эмоциялар**<br>(франц. *emotion*, лат. *emoveo* – таң калтырам, толкундантам) | – | индивиддин өзүнө таасир кылуучу факторлордун маанисин баалашы менен байланышкан абал. Эң мурда орчундуу муктаждыктарынын канааттангандыгы же канааттанбагандыгы түрүндө туюнтулат. Эмоциялар ишмердиктин эң башкы жөнгө салгычтардан болуп саналат. Эмоциянын негизги формасы – тектик жактан шартталуучу жашоо кумарына байланышкан эң орчундуу таасирлерди (мисалы, даамды, жылуулукту, ооруну) сезүү абалы. |
| Эмоциялык зомбулук | – | баланы коркутуу, кемсинтүү, ызалоо, кусалантуу, ичин күйдүрүү, көңүлүн чөктүрүү сыяктуу абалга түшүргөн ташбоор мамиле. |
| **Эмпатия**<br>(греч. *empatheia* – кайгы-кубанычты тең бөлүшүү) | – | башка адам менен баарлашуу учурунда анын эмоцияларын кошо бөлүшүү жөндөмдүүлүгү. |
| **Этникалык стереотип** | – | кайсы бир этникалык топтун же элдин бардык өкүлдөрүн дүңүнөн жамандаган же мактаган үстүрт көз караш (этникалык бейне); кайсы бир элдин өкүлдөрү үчүн мүнөздүү деп эсептелген жүрүм-турумдун схемалаштырылган программасы. |

| | | |
|---|---|---|
| **Этногенез (элдин теги)** | – | элдин маданий-тарыхый өнүгүшү. |
| **Этномаданий өздөшүү** | – | жеке адамдын жүрүм-турумдагы зарыл эрежелерди (стереотиптерди) өздөштүрүшүнө мүмкүнчүлүк берүүчү, индивиддин этникалык жалпылыкка, негизги маданий ролдордун талаптарына ылайыкташуу процесси. |
| **Этнос** | – | маданияттын, анын ичинде тилдин жалпы, салыштырмалуу туруктуу өзгөчөлүктөрүнө ээ, ошондой эле башка ушундай түзүмдөрдөн өзүнүн биримдигин жана айырмачылыгын аңдап-түшүнгөн, өзүн аңдоосу тийиштүү аталышка (этнонимге) байланышкан, белгилүү аймакта тарыхый жактан куралган адамдардын туруктуу биримдиги. |
| **Ээрчимелик** (внушаемость) | – | башка адамдардын айтканына, атайлаган түрткүсүнө оңой көнүүчүлүк чени же даражасы. Бул бир катар жагдайларга, негизинен адамдын өзүнүн жооштугуна, жетелеме таасирге баш ийип берүүгө даярдыгына жараша аныкталат. Бирөөнүн көз карашын эч ойлонбой эле кабыл алуу, кадыр-барктуу делген кишинин түздөн-түз көрсөтмөлөрүнө ылайык иш-аракет жасоого, жүрүм-турумун өзгөртүүгө, башкалардын таасирине берилип, адатын жугузуп алууга ыктап турууччулук. |

***Амерханова С. А. ,***
***Ашымбаева Т. А. ,***
***Жакубова Н. И. ,***
***Токсонбаев Р. Н.***

**СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГИКАНЫН ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ: АЛГАЧКЫ КАДАМДАР**

ОКУУ-УСУЛДУК КОЛДОНМО

Которгон *Ж. Турдубаев*
Мукабанын дизайнери *Э. Тилеков*

Басууга 15.07.2012 кол коюлду. Форматы 60×84 $^{1}/_{8}$.
«KyrgyzGaramond» гарнитурасы. Офсеттик ыкма.
115,32 шарт. б.т. . Тиражы 2000 нуска.

«Maxprint» басмаканасында басылды.
Бишкек, Чубак көч., 30.